Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Н. ИСМАТОВА, О. КАРИМОВА

# МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУКТУН НЕГИЗДЕРИ

*Орто билим берүүчү мектептердин 11-класстары үчүн окуу китеби*

*1-басылышы*

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тарабынан бекитилген*

Ташкент
«Yangiyul Poligraph Service»
2018

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УДК: 340.12(575.1)(075.3)
КБК: 67.0(5O‘)
D 13 Исматова, Наргиза.
Мамлекеттин жана укуктун негиздери: Орто билим берүү мектептеринин 11-класстары үчүн окуу китеби / Н. Исматова, О. Каримова. – Биринчи басылышы. – Ташкент.: «Yangiyul Poligraph Service», 2018. – 144 б.

**УДК: 340.12(575.1)(075.3)**
**ISBN 978-9943-5246-2-0** **КБК: 67.0(5O‘)ya72**

**Жооптуу редакторлор:**
М. Баратов — А. Авлоний атындагы ЭББМКРБККДИӨИ профессору, юридика илимдеринин доктору;
Б. Маликова — юридика илимдеринин доктору, профессор.

**Рецензенттер:**
Б. Ахроров — ТМЮИнун профессору, юридика илимдеринин доктору;
Х. Тожибоев — Яккасарай районундагы 144-мектептин «Мамлекеттин жана укуктун негиздери» предмети мугалими;
Х. Тойчиева — ТИУнин «Руханият жана укук» кафедрасынын мүдүрү, юридика илимдеринин кандидаты, доцент.

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

© Н. Исматова, О. Каримова, 2018.
© А. Зулпихаров котормосу, 2018.
© «Yangiyul Poligraph Service», 2018.

ISBN 978-9943-5246-2-0

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Киришүү

Укуктук аң-сезим жана маданиятты дагы да өркүндөтүү боюнча билим берүү системасында маанилүү иштер аткарылып жатат. Алардан бири бул тармакка тиешелүү окуу китептеринин жаңы муундарын жаратууда билим берүү технологияларынын натыйжалуу усулдарынан пайдалануу маселеси болуп саналат. Китепте берилген суроо жана тапшырмалар, кошумча маалыматтар, укуктук көйгөйлөр (казустар), терминдердин түшүндүрмөсү, тарыхтан үзүндүлөрдүн бардыгы укуктук илим жаатындагы алган билимиңди дагы да байытууга, укуктук аң-сезим жана түшүнүгүңдү кеңитүүгө кызмат кылууга багытталган. Илимдин бул тармагынын өзгөчөлөгү – коом өнүккөн сайын мыйзамдар да өркүндөп отурат. Андыктан сен китептен алган маалыматтар менен гана чектелип калбастан, www.lex.uz. сайты аркылуу мыйзамдуулуктагы өзгөрүштөрдү күзөтүп барасың, көз карашың дагы да кеңийт, бул боюнча дагы да кеңирээк билимге ээ болосуң.

Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 24 жылдыгына арналган аземде Президентибиз Шавкат Мирзиёев бул маселеге өзгөчө көңүл буруп, мыйзамдын үстөмдүгүн камсыздоодо укуктук маданиятты жогорулатуу жарандарды мыйзамга урмат рухунда тарбиялоодо чоң мааниге ээ болушун баса белгиледи.

Кымбатуу окуучу!

Колуңдагы окуу китеби төмөн класстарда алган билимиңди байытат жана толтурат, укуктук билимиңди кеңитет. Ал эми маданиятка канчалык ээ болуу өзүңө байланыштуу.

Мыйзамдарды билбеген адам бүгүнкү күндө өзүнүн укук жана милдеттерин билбейт. Ал турмушта кандайдыр кыйын абалга түшүп калса, бул абалдан кантип чыгууну, көйгөйдү кантип чечүүнү билбей, коргоосуз абалда калат. Бир акылман «Эң мыкты эркиндик – бул мыйзамдарга баш ийүү», деген экен.  Анткени, мыйзамдын үстөмдүгү өлкөдө тынчтык, эркиндик жана демократиялык принциптер өкүмдүк кылышынын кепили болуп саналат.

Бул багыттагы билимдериңди бышыктоодо жана жогорку ахлактык баалуулуктар менен кошо укуктук маданиятка да ээ болууда сага ийгиликтерди каалабыз.

*Авторлор.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

## 1-§ Өзбекстан Республикасынын Конституциясы мамлекеттин укуктук негизи

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**



- Өзбекстан Республикасынын Конституциясы — мамлекеттин укуктук негизи.
- Өзбекстан Республикасынын Конституциясы адам укуктарын ишке ашыруунун укуктук негизи.

### Өзбекстан Республикасынын Конституциясы — мамлекеттин укуктук негизи

Өлкөнүн ички башкарылышы жана эгемендиги, суверенитети анын Конституциясы аркылуу мыйзамдаштырылат. Бул мамлекеттик бийликтин Конституция менен чектелгенин, жөнгө салынышын билдирет.

Укуктук демократиялык мамлекет жана жарандык коомдо Конституция мамлекеттик бийлик менен адамдын ортосундагы өз ара мамилелердин мыйзамдык нормасын орноткон негизги каражат эсептелет.

Конституцияда адам, анын жашоосу, эркиндиги, кадыр-баркы жана башка колтийгис укуктары жогорку баалуулук деп таанылат. Демократиялык укук жана эркиндиктер Конституция жана мыйзамдар менен корголот. Мамлекеттик органдар жана мансап адамдары жарандардын алдында жоопту. Бул эрежелердин мазмунунан адам жана жарандардын укук жана эркиндиктери үстөмдүгү принциби келип чыгат. Демек,, Өзбекстан Республикасы Конституциясынын алгы сөзүндө

**Чыгармачыл иш**



*Мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укугу, аракет чеги адам жана жарандардын укук жана эркиндиктеринин көлөмү менен чектелет.*

Бул пикирди Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 2, 13 жана 14-статьяларында баяндалган эрежелерди өз ара байланыштырып иликтөө аркылуу далилдөөгө аракеттен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

элибиз жана мамлекетибиз бул маселеде өзүнүн адам укуктарына берилгендигин жарыялайт.

Конституция – жаран, коом жана мамлекеттик бийликтин ортосундагы мамилелерди белгилеген өзүнчө социалдык келишим. Ал жарандардын тең укуктуулугунда, жаран менен мамлекеттин ортосундагы мамилелерде өз ара жоопттуулук идеясына негизделет.

Конституциялык эрежелер инсан менен мамлекеттин өз ара мамилеси кандайча калыптанууга тийиштигин жана ал адамдын жашоосунда кандай мааниге ээ экендигин түшүнүүгө жардам берет. Өзбекстан Республикасынын Конституциясы инсан менен мамлекеттин ортосундагы өз ара мамилелердин укуктук тартибин белгилейт. Мында эл, коом, инсандын укугу жана кызыкчылыгы биринчи орунга коюлат.

Эгерде инсан менен мамлекеттин мамилесинде мамлекеттин ордуна көңүл бурулса, мамлекет кызыкчылыгынын негизинде да адамдын укугун жана эркин коргоо жатат. Биз куруп жаткан мамлекеттин гумандуулугу да ушунда көрүнөт, б. а. мамлекет ишкердигинин негизги максаты адамга кызмат кылуу.

Ар бир мамлекет өзүнүн аймагында аракеттенген мыйзамдарды өзү жаратат. Демек, мыйзамдар коомдогу белгилүү социалдык мамилелерди жөнгө салат жана элдин каалоо-тилегин туюнтат, түрдүү саясий күчтөр, социалдык катмарлар, топтор кызыкчылыктарынын өз ара шайкештигин камсыздайт.

Өзбекстан Республикасында Өзбекстан Республикасы Конституциясы жана мыйзамдарынын үстөмдүгү сөзсүз таанылат. Мамлекет, анын органдары, мансап адамдары, коомдук бирикмелер, жарандар Конституция жана мыйзамдар боюнча иш жасашат.

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 15-статья**

**Чыгармачыл иш**

Төмөнкү адамдар менен мамлекеттин ортосунда кандай мамилелер бар?








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Өзбекстан Республикасынын Конституциясы адам укуктарын ишке ашыруунун укуктук негизи

Конституциялык мамлекет дегенде, мамлекеттик бийлик органдары Конституцияда белгиленген тартип жана принциптердин негизинде калыптанган жана Конституциялык нормаларга сөзсүз баш ийген түрдө өзүнүн ишин аткарган мамлекеттик аппаратты түшүнөбүз. Конституциялык мамлекет — өлкөнүн аймагында өкмөт ишинин бардык тармагында Конституциянын негизинде кабыл алынган мыйзамдардын үстөмдүгү камсыздалган жана кепилденген мамлекет. Элдин суверенитети жогорку бийлик элге таандык экендигин билдирсе, мамлекеттин суверенитети көз карандысыз бийликти, б. а. өлкөнүн ички жана тышкы саясатын элдин атынан мамлекет ишке ашырышын билдирет. Мамлекеттик бийлик элдин каалоо-тилегинин продуктусу, аны аткаруучулар эл тарабынан, элдин ишеними аркылуу бийликке отурат жана ишкердик жүргүзөт.

Конституциялык мамлекетте мыйзамдын үстөмдүгү принцибинин логикалык уландысы иретинде дагы эки принцип: «Мыйзам менен тыюу салынбаган бардык нерсеге уруксат берилет» (жарандар үчүн) жана «Мыйзамда бекитилген нерсеге гана уруксат берилет» (мамлекеттик орган жана мансап адамдары үчүн) аткарылат.

**Биринчи принцип** жарандардын аракет эркиндигин жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңитет. Мыйзамда тыюу салынбаган ар кандай кыймыл-аракетти жасоого болот жана ал үчүн юридикалык жоопкерчилик келип чыкпайт.

**Экинчи принцип** боюнча, мамлекеттик органдар жана мансап адамдары өздөрүнүн мыйзамда белгиленген ыйгарым укуктары чегинде, сөзсүз аларга ылайык түрдө аракеттенүүгө тийиш болот.



Өзбекстан – суверендүү демократиялык республика. Мамлекеттин «Өзбекстан Республикасы» жана «Өзбекстан» деген аттары бир маанини билдирет.

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 1-статья**



Ачуун чыкканда сөздөрүнө көңүл бур... Чоңдордон озунба. Кимдир бирөө сүйлөп жатканда ортого кысылба.

**Улукман Аким**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Конституциялык мамлекетте бийликтин уюштурулушу жана анын иш жүргүзүшү Конституцияда бекемдеп коюлат. Конституцияда көздө тутулбаган бийлик органдарын түзүүгө болбойт. Конституциялык мамлекет, эң мурда, мамлекеттин укугу менен тыгыз байланышкан.

Конституция адам жана жарандын ошол бийлик тарабынан кепилденген укуктарын бекемдейт жана мына ушул укуктарга шайкеш түрдө мамлекеттик бийликти чектейт. Башкача айтканда, Конституция — мамлекеттик бийликти уюштуруу жана иш жүргүзүүнүн укуктук жөнгө салынышы болуп, бул бийликтин жарандык коомдун башка субъекттери менен болгон мамилелерин тартипке салат.

## Суроо жана тапшырмалар

1. «Инсан — коом — мамлекет» мамилелерине мисал келтир.
2. Өзбекстан Республикасынын Конституциясында мамлекеттин эгемендүүлүгү, мамлекетти башкаруу, мамлекеттин түзүлүш формасы жана саясий тартип кандай туюнтулган? Пикириңди негизде.
3. Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 7-статьясын оку. Элдик бийлик дегенде эмнени түшүнөсүң?
4. Өзбекстан Республикасынын Конституциясында бекемделген укуктарыңды билесиңби?
5. Аларды толук ишке ашырууда сен кантип катыша аласың?
6. Адамдын укуктары менен милдеттери ортосунда кандай байланыш болушу мүмкүн?

### Укук тарыхынан

Көпчүлүк мамлекеттерде, ошонун катарында, Өзбекстанда мыйзамдын үстөмдүгү демократиялык Конституциялык мамлекеттин негизги принциби эсептелет. Бул принцип, эң мурда, Конституциянын үстөмдүгүн көздө тутат. Эгерде, мыйзамды колдоочу аткаруу бийлигинин органы (мансап адамы) же сот бул мыйзамдын Конституцияга туура келбестигин аныктаса, анда маселе ушул мыйзамдын негизинде эмес, Конституциянын негизинде чечилүүгө тийиш.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# I бөлүм. ҮЙ-БҮЛӨ УКУГУ

## 2-§ Үй-бүлө — коомдун негизги мууну

**15 май – Эл аралык үй-бүлө күнү**

Өлкөбүздө 1998-жыл — «Үй-бүлө жылы», 2012-жыл болсо «Бекем үй-бүлө жылы» деп жарыяланды.

Үй-бүлө коомдун негизги мууну саналат жана ал коом менен мамлекеттин коргоосунда болуу укугуна ээ.

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 63-статья**

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Үй-бүлө укугунун Конституциялык негизи.
- Өзбекстан Республикасынын Үй-бүлө кодекси.
- Үй-бүлө жөнүндөгү мыйзам документтери менен жөнгө салына турган мамилелер.
- Үй-бүлө укугунун субъекттери. Үй-бүлөлүк мамилелерде жарандардын тең укуктуулугу.

### Үй-бүлө укугунун Конституциялык негизи

Үй-бүлө-укук мамилелеринин негизги булагы – Өзбекстан Республикасынын Конституциясы. Коом жана мамлекеттин үй-бүлөгө кам көрүшү социалдык саясатыбыздын маанилүү багытына айланган.

Үй-бүлө бекем болсо – коом бекем, коом бекем болсо – мамлекет туруктуу болот. Андыктан үй-бүлө коомдун негизги мууну иретинде каралып, баланын инсан иретинде калыптанышы, келечекте коомдо өз ордун табышы жана жеткилең инсан болуп эрезеге жетишинде негизги фундамент эсептелет.

Тарыхка кайрылсак, байыркы салттарыбыз: адалдык, чынчылдык, ар-намыс, ыйбаа, мээримдүүлүк, мээнеткечтик өңдүү инсандык сапаттар эң мурда үй-бүлөдө калыптанган. Тартиптүү, билимдүү жана акылдуу, мээнеткеч, ыймандуу перзент ата-эненин гана эмес, ошондой эле жалпы коомдун эң чоң байлыгы саналган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Үй-бүлөлүк мамилелердин Өзбекстан Республикасынын мыйзамдарында чагылдырылышы үй-бүлөнү жогорку ахлактык нормалардын негизинде бекемдөөнүн таасын үлгүсү болуп саналат.

Өзбекстан Республикасынын Конституциясында жарандар балдарын эрезеге жеткенге чейин багуу жана тарбиялоого милдеттүү экендиги, перзенттер ата-энелери жөнүндө кам көрүүгө жана аларга жардам берүүгө тийиш экендиги көрсөтүп өтүлгөн.

Перзенттер ата-энелеринин теги жана жарандык абалына карабастан, мыйзамдын алдында бирдей, энелик жана балалык мамлекет тарабынан корголот.

## Өзбекстан Республикасынын Үй-бүлө кодекси

Үй-бүлөнүн коомдогу ролун камсыздоодо, аны укуктук коргоо жана социалдык ордун чыңдоодо Үй-бүлө кодексинин ролу чоң. Өзбекстан Республикасынын Үй-бүлө кодекси дүйнөлүк коомчулукта жалпы кабыл алынган укуктук нормаларга толук шайкеш түрдө, «үй-бүлө — коомдун таянычы», деген идеяга негизделген.

Үй-бүлө жөнүндөгү мыйзам документтеринин милдети үй-бүлөнү чыңдоодон, үй-бүлөлүк мамилелерди өз ара сүйүү, ишенич жана урмат, бири-бирине жардамдашуу жана үй-бүлөнүн алдында анын бардык мүчөлөрүнүн жоопкерчиликти сезишинин негизинде куруудан, жат адамдын үй-бүлөлүк маселелерге кийлигишүүсүнө жол койбостуктан, үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары тоскоолсуз ишке ашырылышын жана алардын корголушун камсыздоодон турат. Үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу эркек менен аялдын көңүлдүү түрдө никеге турушуна, эр менен катындын инсандык жана мүлктүк жактан. тең укуктуу экендигине негизделет.

«Эгерде өлкөнүн калкы ахлаксыздык жана түркөйлүк менен үй-бүлөлүк мамилелерди алсыздантып жиберсе жана тартипсиздикке жол коюлса, улуттун келечеги күмөн астында калат».

**Фитрат**

**Чыгармачыл иш**

1. Текстти кунт коюп оку жана пикир билдир.
2. Тексттеги «үй-бүлөлүк мамилелерди алсыздантып жиберсе» дегенде эмнени түшүндүң?
3. Үй-бүлөнүн бекемдигинде улуттук баалуулуктардын орду кандай?
4. Үй-бүлөдөгү мамилелердин коомдун өнүгүшүнө таасири кандай болушу мүмкүн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Укук тарыхынан**

Тарыхый баалуулугубуз болгон «Авестодо» аялзаттын инсандык мүлккө ээ болушунун укуктук негиздери бар. Аялга өзүнүн мүлкүнөн кайрымдуулук максаттарында өз алдынча пайдаланышы; ошондой эле, көз карандысыз түрдө доочу болушу жана күбө катары көрсөтмө бериши мүмкүн болгон. Нике, зороастризм укугу боюнча, анда турууучулардын эки жактуу каалоосунун натыйжасы болуп, ошондон кийин гана ата-энелер же алардын ордун басуучулар тарабынан тастыкталган.

## Үй-бүлө жөнүндөгү мыйзам документтери менен жөнгө салынуучу мамилелер

Үй-бүлөлүк укуктук мамилелер дегенде, жарандардын ортосундагы, үй-бүлөлүк укуктук нормалар менен жөнгө салына турган социалдык мамилелерди түшүнөбүз.

Үй-бүлө укугу үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы жеке мүлктүк жана мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салат. Жеке мүлктүк эмес мамилелерге жубайлардын фамилиясы, балдардын тарбиясы, үй-бүлөлүк турмуш маселелерин чечүү, кесип жана турак жай тандоо укуктары кирет.

Мүлктүк мамилелер болуп, эр менен катындын никеси боюу тапкан жалпы мүлкү, ошондой эле, никеге чейин болочок жубайлардын жалпы каражаттары эсебине алынган мүлкү, эгерде мыйзамда же нике келишиминде башкача жагдай каралбаган болсо, алардын чогу жалпы мүлкү эсептелет.

Үй-бүлөлүк-укуктук мамилелер өзүнүн кээ бир белгилери менен жарандык-укуктук мамилелерге окшойт. Бирок бул тышкы көрүнүш гана. Жарандык укуктук мамилелердин негизин мүлктүк мамилелер, үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин негизин болсо мүлктүк эмес, жеке мамилелер түзөт. Үй-бүлө укугу биринчи кезекте жеке мамилелерди жөнгө салат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жарандардын Өзбекстан Республикасынын үй-бүлө мыйзамдарында каралган укуктары, эркиндиктери жана милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- эрди-катындын (жеке жана мүлктүк) укуктары жана милдеттери;
- ата-эненин (жеке жана мүлктүк) укуктары жана милдеттери;
- никеге туруууда бирдей укуктар;
- бойго жетпеген балдардын (жеке жана мүлктүк) укуктары жана милдеттери;
- ата-энелер жана балдар, эрди-катын, мурунку эрди-катын, туугандар жана башка адамдардын алименттик милдеттери;
- нике жоюлушунун негиздери;
- эрди-катындын жалпы мүлккө ээлик кылуу, андан пайдалануу жана аны башкаруу укугу;
- нике келишимин түзүүдө эрди-катындын укуктары жана милдеттери;
- перзенттикке алуунун тартиби;
- баланын укук жана кызыкчылыгын коргоо боюнча ата-эненин укук жана милдеттери;
- ата-эненин баланы тарбиялоо жана ага билим берүү боюнча укук жана милдеттери;

Өзбекстан Республикасында бардык жарандар бирдей укук жана эркиндиктерге ээ болуп, жынысы, расасы, улуту, тили, дини, социалдык келип чыгышы, ишеними, инсандык жана социалдык абалына карабастан, мыйзамдын алдында бирдей. Жеңилдиктер мыйзам менен гана белгилеп коюлат жана социалдык адилет принциптерине шайкеш келүүгө тийиш.

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 18-статья**



Үй-бүлө жөнүндөгү мыйзам документтери никеге туруу, никени жоюу жана аны чыныгы эмес деп табуунун шарттарын жана тартибин белгилейт, үй-бүлө мүчөлөрү: эрди-катын, ата-эне жана балдардын (перзентикке алуучу жана перзентикке алынуучулар) ортосундагы, үй-бүлө жөнүндөгү мыйзам документтеринде каралган учурларда жана рамкада болсо, туугандар жана жат адамдардын ортосундагы жеке мүлктүк жана мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салат, ошондой эле, ата-эненин карамагынан ажыраган балдарды үй-бүлөгө алуунун формасын жана эрежелерин, жарандык абалы актыларын каттоо тартибин белгилейт.

**Өзбекстан Республикасынын Үй-бүлө кодекси, 5-статья**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Чыгармачыл иш**



Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 18-статьясында бекемделген эреженин «Үй-бүлөлүк мамилелерде жарандардын тең укуктуулугу» тексти менен кандай байланыштуу жагы бар экендигин аныкта.

- ата-энелик укугунан ажыратуунун негиздери;
- опекундук жана колдоочулукка кайрылуу укугу.

Ата-энелик укугунан ажыратуу институту үй-бүлөлүк укуктук мамилелерде өзгөчө орунга ээ.

Үй-бүлөлүк укуктук мамилелер – бул жарандардын ортосунда үй-бүлөлүк укуктук нормалар менен жөнгө салына турган социалдык мамилелер.

## Үй-бүлө укугунун субъекттери

Башка мамилелерде болгону сыяктуу үй-бүлөлүк укуктук мамиледе да үч элемент: субъект, субъективдүү укук жана милдеттерди көрүшүбүз мүмкүн.

Үй-бүлөлүк мамилелердин субъекти болуп, эрди-катын, ата-эне, балдар, опекун жана колдоочулар, тууган-уруктар жана үй-бүлө мыйзамдары боюнча тигил же бул маселени чечүүдө катышкан юридикалык жактар, жарандар уюму, мекеме, орган, социалдык бирикмелер эсептелет.

Үй-бүлө мүчөлөрүнө, үй-бүлөнүн мурунку мүчөлөрүнө таандык мыйзам менен корголчу ахлактык жана материалдык баалуулуктар боюнча үй-бүлө укугунун субъекттери кабыл алган аракет жана токтомдор үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин объекттери болушу мүмкүн.

## Үй-бүлөлүк мамилелерде жарандардын тең укуктуулугу

Үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу эркек менен аялдын көңүлдүү түрдө никеге туруу, эр менен катындын жеке жана мүлктүк укуктарынын теңдиги, ички үй-бүлөлүк маселелерди өз ара келишим жолу менен чечүү, үй-бүлөдө балдардын тарбиясы, алардын бейпил жашоосу жана эрезеге жетишине кам көрүү, бойго жет-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

пеген жана эмгекке жөндөмсүз үй-бүлө мүчөлөрүнүн укук жана кызыкчылыктарын коргоонун үстөмдүгү принциптеринин негизинде ишке ашырылат.

Бардык жарандар үй-бүлөлүк мамилелерде тең укуктуу. Никеге турууда жынысы, расасы, улуту, тили, дини, социалдык келип чыгышы, ишеними, инсандык жана социалдык орду жана башка жагдайлар боюнча укуктарды белгилөө түрүндө тикиден-тике же кыйыр түрдө чектөөгө, тикиден-тике же кыйыр түрдө жеңилдик берүүгө жана үй-бүлөлүк мамилелерге кийлигишүүгө жол коюлбайт.

Үй-бүлөлүк мамилелерде жарандардын укуктары мыйзам боюнча жана үй-бүлөдөгү башка мүчөлөрдүн, ошондой эле, жат жарандардын ахлакын, кадыр-баркын, ден соолугун, укуктарын жана мыйзам менен корголчу кызыкчылыктарын коргоо максатында зарыл санда гана чектелиши мүмкүн.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Өзбекстан Республикасынын Конституциясында кыз-келиндер менен эркектер тең укуктуу экендиги каралган. Үй-бүлөдө тең укуктуулук түшүнүгү кандай мамилелерге карата көбүрөөк колдонулат?
2. Үй-бүлөлүк-укуктук мамилелер дегенде эмнени түшүндүң? Турмуштан мисалдар келтир.
3. Үй-бүлөлүк-укуктук мамилелер менен жарандык-укуктук мамилелердин бирин-биринен айырмасы эмнеде?
4. Үй-бүлөлүк-укуктук мамилелердин субъекттерине мисал келтир.
5. Эмне үчүн үй-бүлө коомдун негизи деп аталат? Пикириңди негизде.

### Чыгармачыл иш

Сүрөттөрдөн үй-бүлөлүк мамилелердин субъекттерин аныкта.











*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 3-§ Никеге туруунун тартиби жана шарттары

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Нике түшүнүгү. Никеге туруунун тартиби.
- Никеге туруунун көңүлдүүлүгү. Нике жашы. Никеге турууга каршылык кылган жагдайлар. Никеленүүчү адамдарды медициналык кароодон өткөрүү.

Нике – эркек менен аялдын тең укуктуу, эркин жана көңүлдүү түрдө түзгөн биримдиги болуп, ал жарандык абалынын актыларын каттоо органдарында катталат жана үй-бүлө түзүү максатына кызмат кылат.

## Нике түшүнүгү. Никеге туруунун тартиби

Нике үй-бүлөнүн куралышы үчүн негиз болуп саналат. Нике адамдарга жоопкерчиликти жүктөйт. Анткени үй-бүлөдө эрдин да, аялдын да милдети болуп, ар бир өзүнүн милдетин аткарууга тийиш. Нике аркылуу жаңы үй-бүлөлөр куралат.

**Никеге туруу** документ гана эмес, анын мамлекет тарабынан катталышы юридикалык факт саналат.

Катталган нике гана юридикалык нике деп эсептелет жана эрди-катындык укуктар менен милдеттерди келтирип чыгарат. Катталбаган нике чыныгы саналбайт.

Нике мамлекет менен коомдун кызыкчылыктарын көздөп, эр, катын жана балдардын жеке жана мүлктүк укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

максатында катталат. Никени каттоодо күбөлөрдүн саны эки адамдан аз болбоого тийиш.

Жалаң диний каада-салттар боюнча түзүлгөн нике укуктук мааниге ээ болбойт.

## Никеге туруунун ыктыярдуулугу. Нике жашы. Никеге турууга каршылык кылган жагдайлар

Никеге туруу ыктыярдуу. Ал үчүн болочок жубайлар өзүнүн ыраазылыгын эркин билдирүүгө жөндөмдүү болууга тийиш. Никеге зордуктап тургузууга тыюу салынат. Мыйзам документтеринде нике жашы белгилеп коюлган. Ал боюнча эркектер 18, ал эми аялдар 17 жаштан никеге турушу мүмкүн.


Жарандык мыйзамдар боюнча эрезеге жеткенге чейин мыйзамдык түрдө никеден өткөн жаран толук мамиле жасоо жөндөмүнө ээ болот. Никеге туруунун натыйжасында ээ болгон мамиле жөндөмү 18 жашка толбой туруп никеден чыккан учурда да толук сакталат. Нике чыныгы эмес деп табылганда, сот бойго жетпеген эр (катын) сот белгилеген учурдан баштап толук мамиле жөндөмүн жоготкондугу жөнүндө токтом кабыл алышы мүмкүн.

Нике жашына баш ийбестен мыйзамсыз түрдө нике мамилелеринде болуу түрдүү укуктук талаштарды келтирип чыгарышы мүмкүн. Мындай нике чыныгы эмес деп табылып, үй-бүлө мыйзамдарында белгиленген тиешелүү жеке жана мүлктүк укуктук натыйжаларды келтирип чыгарбайт.

**Никеге турууга каршылык кылган жагдайлар.**

*а) бири болсо да каттоого алынган башка никеде турган адамдардын ортосунда;*

Республикабызда ар бир жаран бир гана никеде турушу мүмкүн. Бир никелүүлүк принциби коомубуздагы жогорку ахлактык эрежелерден келип чыгат.



Нике жашы эркектер үчүн он сегиз, аялдар үчүн он жети жаш белгиленет.

Үзүрлүү себептер болгондо, өзгөчө учурларда (кош бойлуулук, баланын төрөлүшү, бойго жетпеген адамдын толук мамилеге жөндөмдүү деп жарыяланышы (эмансипация), никеге турууну каалоочулардын өтүнүчү боюнча нике мамлекеттик каттоодон өткөрүлчү жердеги район, шаардын акими нике жашын көбү менен бир жылга азайтышы мүмкүн.

**Өзбекстан Республикасынын Үй-бүлө кодекси, 15-статья**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Нике жашына жетпеген адам менен түзүлгөн нике нике жашына жетпей никеге турган адамдын кызыкчылыктары талап кылган учурларда чыныгы эмес деп табылышы мүмкүн.

**Өзбекстан Республикасынын Үй-бүлө кодекси 51-статья**

Бул эреженин бузулушу никенин чыныгы эмес деп табылышына негиз болот.

*б) теги боюнча тикеден-тике туугандардын ортосунда, бир тууган жана өгөй ага-инилер менен эже-сиңдилердин ортосунда, ошондой эле перзентикке алуучулар менен перзентикке алынгандардын ортосунда;*

Мыйзам документтеринде жакын, тике, жатындаш, толук жана чала туушкан түшүнүктөрү бар. Бири экинчисинен же жалпы тектен таралган адамдар жакын туугандар эсептелет.

Бири экинчисинен жаралган адамдар, башкача айтканда, ата – бала – небере – чөбөрө – чебере – чыбыра – кыбырага тике тууган дейилет. Ага-ини жана эже-сиңдилер жатындаш туушкан болот. Толук туушкан деп, бир ата жана бир энеден, ал эми толук эмес туушкан деп, түрдүү ата же энеден төрөлгөн өгөй ага-ини жана эже-сиңдилерди түшүнөбүз. Ага-ини жана эже-сиңдинин перзенттеринин, ошондой эле эмчектеш балдардын өз ара никеге турушу максатка ылайыктуу эмес.

Жакын туугандардын ортосундагы никеге мыйзам менен тыюу салуу ахлактык, биологиялык көз карашка жана медицинанын тыянактарына негизделет.

Башка туугандардын ортосунда никеге мыйзам менен тыюу салынбайт. Ошондуктан кыйыр тууган-

Нике жашы жөнүндөгү мыйзам документтерин бузган күнөлүү адамдар Өзбекстан Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү кодексинин $47^{3}$-статьясы жана Кылмыш кодексинин $125^{1}$-статьясы боюнча жоопкерчиликке тартылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дар: тага-жээндер, бөлөлөр жана башка алысыраак туугандардын ортосунда никеге турууга болот.

Жакын туугандардын никеси натыйжасында көбүнесе алсыз, ден соолугу начар, кем акыл, дүлөй, жапыз бойлуу же башка мүчүлүштүү, майып балдар төрөлөт. Туугандардын ортосунда түзүлгөн нике ал тургай перзентсиздикке алып келиши да мүмкүн.

Бири болсо да психикалык оору себептүү сот тарабынан мамилеге жараксыз деп табылган адамдардын ортосунда нике түзүүгө жол коюлбайт.

Мындай адамдар өздөрү жасаган иштеринин натыйжасына жооп бере алышпайт жана никеге туруу үчүн аң-сезимдүү түрдө өздөрүнүн каалоо-тилектерин билдире алышпайт. Бул эреже никеге туруучулардын көңүлдүү түрдө жана өзүнүн каалоосу боюнча никеге туруу принцибинен улам келип чыгат. Инсандын психикалык оорусу же кем акылдыгы себептүү мамилеге жараксыз деп табылышы жарандык абалы актыларын жазуу органына арыз менен кайрылгандан кийин, никени каттоо мөөнөтүнө чейин аныкталса да, никеден өтүүгө тоскоол болот.

**Нике жөнүндө улуттук баалуулуктардан**

Силер (эркектер) үчүн энеңер, кызыңар, эже-карындашыңар, тайежеңер, ага-иниңердин кыздары, эже-карындашыңардын кыздары, көкүрөк энеңер, эмчектеш эже-карындашыңар, кайнененңер, никеңердеги аялыңардын силердин тарбияңарда болгон кыздары – мына ушул аялдарга үйлөнүү арам кылынды.

**Куран каримдин Ниса сүрөсү, 23-аят**

Көп катындуу болуу, б. а. жалпы үй-тирликтин негизинде эки же андан көп катын менен эрди-катын болуп жашоо — эң аз эмгек акынын элүү эсесинен жүз эсесине чейин санда жазапулу же үч жылга чейин ахлак ондоо иштери же бир жылдан үч жылга чейин эркин чектөө, же болбосо үч жылга чейин эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат.

**Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодекси, 126-статья**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Никеленүүчү адамдар мамлекеттик саламаттыкты сактоо системасы мекемелеринде акысыз медициналык кароодон өтүшөт. Медициналык кароодон өтүүнүн көлөмү жана тартиби Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

**Өзбекстан Республикасы Үй-бүлө кодекси, 17-статья**

## Чыгармачыл иш

Азиза өнөр-кесип коллежинин 2-баскычында окуйт. Март айында ал 17 жашка толот. Үйүнөн жуучулардын кадамы арыбайт. Үйдө 80 жаштарды каралаган чоң энеси бар. Ар дайым жуучу келгенде, «Мага сенин тоюң буюрат бекен?» деп күбүрөп коёт. Бул сөздү уккан Азизанын атасы: «Койсоңузчу, апаке, жайга чыгып той өткөрөбүз», деп анын көңүлүн көтөрөт. Апасы болсо: «Кызыбыз жаш, бүлө күтүүгө даяр эмес», деп жуучуларга жооп берип жиберет.

1. Бул жагдайда кандай жол туткан макул?
2. Азизанын апасы: «Кызыбыз жаш, бүлө күтүүгө даяр эмес», дегенде эмнени түшүндүң?
3. Сенчи, бүлө күтүүгө даярсыңбы?

## Суроо жана тапшырмалар

1. Үй-бүлө куруучу адам кандай жоопкерчиликтерди мойнуна алууга тийиш?
2. Үй-бүлө куруу үчүн эмнелерге ээ болуу керек?
3. Төмөнкүлөрдөн кайсы бири болбосо да үй-бүлө курууга болот: материалдык мүмкүнчүлүк, руханий даярдык, психикалык даярдык, биологиялык даярдык?
4. Сенин оюнча, үй-бүлөдө турмуштун оорчулуктары көбүрөөк кимдин чегине түшөт? Пикириңди негизде.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 4-§ Эрди-катындын жеке укук жана милдеттери

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Эрди-катындын укук жана милдеттеринин жаралышы.
- Үй-бүлөдө эр менен катындын тең укуктуулугу.
- Эр менен катындын фамилияны тандоо укугу.
- Эрди-катындын балдардын тарбиясы жана үй-бүлөлүк турмуш көйгөйлөрүн чечиши.





## Эрди-катындын укук жана милдеттеринин жаралышы

Нике жарандык абалы актыларын каттоо органдарында катталган учурдан баштап никеге тургандар эрди-катын эсептелет жана алардын ортосунда эрди-катындык укук жана милдеттер пайда болот. Эми алардын ортосундагы мамилелер ахлак эрежелери менен гана эмес, мыйзам жана укуктук ереже-

**Чыгармачыл иш**

1. Сен кандай ойлойсуң, үй-бүлөдө эр жана катындын милдеттери бирдейби?
2. «Үй-бүлөдө аялдарга караганда эркектерге көбүрөөк укук берилген», деген пикирге кандай карайсың?
3. «Үй-бүлөнү башкарууда эркек киши үстөмдүк кылышы керек», «Үй-бүлөнү негизинен эркек киши камсыздоого тийиш, аял киши өзү тапкан акчасын өзүнүн керектөөсүнө сарптаса болот», «Үй-бүлөдө ким көп акча тапса, ошол башчы болот», өңдүү пикирлерге өзүңдүн оюңду билдир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Жарандар үй-бүлөлүк мамилелерден келип чыккан укуктарын өз каалоолору боюнча башкарышат. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз укуктарын ишке ашырышы жана өз милдеттерин аткарышы үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү жана жат адамдардын укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдык кызыкчылыктарына каршы болбоого тийиш.

**Өзбекстан Республикасынын Үй-бүлө кодекси, 10-статья**

лер менен да жөнгө салынат. Мында аялдар саясий жактан эркектер менен тең укуктуу болгону сыяктуу, үй-бүлөдө да бардык жеке жана мүлктүк маселелерде алар менен тең укуктардан пайдаланышат жана бирдей милдеттерге ээ болушат.

## Эр менен катындын фамилияны тандоо укугу

Никенин негизинде эки түрдүү — жеке жана мүлктүк мамилелер келип чыгат. Жеке мамилелерге эрди-катындын фамилияны тандоо, балдарды тарбиялоо жана турмуштук маселелерди чечүү, кесип жана турак-жайды тандоо укуктары кирет. Мындай учурларда алардын эмгеги жана жарандык укугу мамиле жөндөмүнүн элементи болуп, үй-бүлө укугунун тармагы эсептелбейт.

Никеге туруу учурунда фамилиясын өзгөрткөн катын (эр) никеден чыккандан кийин да ошол фамилияда калууга акылуу же сот тарабынан никеден чыгуу жөнүндөгү токтом чыгарылып жатканда, анын каалоосу боюнча, ага никеге чейинки фамилиясы кайтарылышы мүмкүн.

## Эрди-катындын балдардын тарбиясындагы ролу жана турмуштук маселелерди чечиши

Ар бир бала үй-бүлөдө жашоо жана тарбиялануу, өзүнүн ата-энесин билүү, алардын камкордугунан пайдалануу, алар менен чогуу жашоо укугуна ээ. Ата-эне баланын тарбиясы же кызыкчылыгына терс таасир көрсөткөн аракет жасаса, ата-энелик укугунан ажыратылат.

Эрди-катын балдардын тарбиясына бирдей жооптуу. Бала өз ата-энеси тарабынан тарбиялануу, ар тараптан жеткилең болуу, адамдык кадыр-баркы бо-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

юнча урматталуу укугуна ээ. Баланын ата-энеси жок болсо же алар ата-энелик укугунан ажыратылганда жана бала ата-эненин карамагынан чыккан башка учурларда анын үй-бүлөдө тарбияланышы укуктук опека жана колдоочу орган тарабынан камсыздалат. Ата-эне никесинин бузулушу же чыныгы эмес деп табылышы баланын укуктарына таасир көрсөтпөйт.

Ата-эне бойго жетпеген перзентинин мыйзамдык өкүлү эсептелет, анткени алар өз укук жана милдеттерин өз алдынча коргой алышпайт. Ата-эне тең укуктуу болуп гана калбай, балдарды материалдык жактан камсыздоо, дени жана психикасы соо, кулк-мүнөзү мыкты кылып тарбиялоо, аларды өз алдынча жашоого даярдоо боюнча бирдей милдет алат.

Тилекке каршы, кээде ата-энелер өз милдеттерин аткаруудан баш тартышат. Балдарга ырайымсыз мамиледе болушат, аларды кордошот, ичкиликке жана банги заттарга берилишет же башка иштери менен ата-энелик укугуна кыянат жасашат. Мындай учурлар аныкталса, алар сот токтомунун негизинде ата-энелик укугунан ажыратылат. Ата-энелик укугунан ажыратуу боюнча иштер прокурордун, опека жана колдоочу органдын катышуусунда каралат.

Сот ата-энелик укугунан ажыратуу жөнүндөгү иштерди карап жатып, баланы материалдык жактан камсыздоо үчүн ата-энелик укугунан ажыратылган ата-энеден (же алардын биринен) алимент өндүрүү жөнүндө токтом кабыл алат.

Сот баланын кызыкчылыктарын эсепке алган түрдө ата-энелик укугунан ажыратпай туруп, баланы ата-энеден (алардын биринен) алуу жөнүндө чечүүчү токтом чыгарышы (ата-энелик укугун чектеши) мүмкүн.

Нике жашы түрдүү өлкөлөрдө түрдүүчө белгиленген. Мисалы, Болгарияда эки жыныс өкүлдөрүнө бирдей – 18 ж аш, Англияда – 16 жаш, АКШда – 16 жаштан 21 жашка чейин, Франция жана Венгрияда эркектер үчүн – 18 жаш, аялдар үчүн – 16 жаш, Россия Федерациясында белгиленген нике жашын (18) эки жашка азайтуу ыйгарым укугу мыйзамда каралган органдарга берилген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ата-эне өз балдарын тарбиялоо укугуна ээ жана тарбиялоого тийиш.
Ата-эне өз балдарынын тарбиясы жана эрезеге жетиши үчүн жоопкерчиликтүү саналат. Алар балдарынын ден соолугу, психикалык, руханий жана ахлактык жактан жеткилеңдиги жөнүндө кам көрүүгө тийиш.
Ата-эне балдарын тарбиялоодо башка бардык адамдарга караганда жогору укукка ээ.

**Үй-бүлө кодексинин 73-статьясынан**

## Чыгармачыл иш


**1-учур.**

Гулноза менен Анвар турмуш куруу үчүн жарандык абалын каттоо органына арыз беришти. Гулноза өзүнүн фамилиясында калмак болду. Анвар Гулнозаны бул пикиринен кайтарууга урунду, бирок Гулноза өзүнүн пикиринде катуу турду.

**Суроо:** Гулноза турмушка чыгып, өзүнүн фамилиясында калса болобу? Же болбосо тескерисинче, Анвар Гулнозанын фамилиясын кабыл алышы мүмкүнбү?

**2-учур.**

Бир жыл өтүп, үй-бүлөдө перзент төрөлдү. Алар перзентине чоң атасынын ысымын фамилия кылып берүүнү чечишти. Эми алардын үй-бүлөсүндө үч түрдүү фамилия.



**Тапшырма:** Жагдайга мыйзам менен баа бер.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Эрди-катындын укук жана милдеттери эмнелерди өзүндө камтыйт?
2. Эрди-катындын укук жана милдеттери качандан баштап күчкө кирет?
3. Ата-энени укугунан ажыратууга тиешелүү иштер кимдердин катышуусунда каралат? Пикириңди негизде.
4. Бойго жетпеген перзенттердин мыйзамдык өкүлү кимдер болушу мүмкүн жана эмне үчүн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 5-§ Эрди-катындын мүлктүк укук жана милдеттери

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Эр менен катындын жалпы мүлкү.
- Эр менен катындын жалпы мүлккө ээлик кылышы, андан пайдаланышы жана аны башкарышы.
- Эр менен катындын ар биринин мүлкү.
- Эр менен катындын өздүк пайдалануудугу буюмдары.
- Эр менен катындын жалпы мүлкүн бөлүү.
- Эр менен катындын жалпы мүлкүн бөлүүдө үлүштөрдү аныктоо.

## Эр менен катындын жалпы мүлкү

Эр менен катындын никеде турган доордо тапкан мүлкү, ошондой эле, нике катталганга чейин, болочок эрди-катындын жалпы акчасы эсебинен алынган мүлктөр, эгерде мыйзам же нике келишиминде башкача жол көрсөтүлбөгөн болсо, алардын биргеликтеги жалпы мүлкү эсептелет.

Эр менен катындын никеде турган доордо тапкан мүлкүнө (эр менен катындын жалпы мүлкүнө) алардын ар биринин эмгеги, ишкердиги жана интеллектуалдык иштери натыйжасында алган кирешелери, алар тарабынан алынган пенсиялар, жөлөк пулдар, ошондой эле, атайын максатка багытталган башка акча төлөмдөрү (материалдык жардам, майып болуу же ден соолугуна башкача зыян жетишинин натыйжасында эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкондугу менен байланыштуу жеткирилген зыяндуу каптоо түрүндө төлөнгөн сумма жана башкалар) кирет.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Эр менен катындын өздүк пайдаланыштагы буюмдар, баалуу буюм жана жасалгалардан башка өздүк пайдаланыштагы буюмдар (кийим-кече, бут кийим жана б. у. с.), никеде турган доордо эр менен катындын жалпы акчасы эсебинен алынган болсо да, алардан пайдаланып келген эр менен катындын менчик мүлкү эсептелет.

**Өзбекстан Республикасынын Үй-бүлө кодекси, 26-статья**

Эр менен катындын жалпы кирешелерине алынган козголуучу жана козголбос мүлк, баалуу кагаз, жыйналган акча, кредиттик мекеме же башка коммерциялык уюмдарга коюлган капиталдагы үлүштөрү жана эр менен катындын никеде турган доордо тапкан башка ар кандай мүлкү, эр же катындын биринин атына документтештирилген, же болбосо акча кимдин атына же эр менен катындын кайсы бир тарабынан коюлганына карабастан, эр менен катындын жалпы мүлкү эсептелет.

Эр менен катындан бири үй-тиричилик иштерин жүргүзүү, балдарды кароо менен алектенүү же башка себептер менен эмгек акы жана башка кирешеге ээ болбогон учурда да эр менен катын жалпы мүлккө карата тең укукка ээ болушат.

Эр менен катын алардын чогуу жалпы мүлкү болгон мүлккө ээлик кылуу, андан пайдалануу жана аны башкарууда тең укуктарга ээ.

## Эр менен катындын ар биринин мүлкү

Эр менен катындын никеге чейин өзүнө таандык болгон мүлкү, ошондой эле алардан ар биринин никеде турган доордо белек, мурас иретинде же башка акысыз келишимдердин негизинде алган мүлкү алардан ар биринин жеке мүлкү эсептелет.

Никеде турган доордо эрди-катындын жалпы мүлкүнүн, алардан ар биринин мүлкүнүн, же болбосо эр менен катындан биринин эмгеги эсебине мүлк баасынын кыйла жогорулашына алып келген каражаттар (капиталдык ремонт, кайра куруу, кайра жабдуу жана башкалар)дын кошулганы аныкталса, эр же катындан ар биринин мүлкү алардын биргеликтеги мүлкү деп табылышы мүмкүн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Эр менен катындын жалпы мүлкүн бөлүү

Эр менен катындын жалпы мүлкүн бөлүү алардан биринин талабы боюнча, алар никеде турган доордо да, никеден ажырагандан кийин да, ошондой эле, кредитор эр менен катындан биринин жалпы мүлктөгү үлүшүнө өндүрүүнү каратуу үчүн жалпы мүлктү бөлүү талабы менен арыз берген учурларда ишке ашырылышы мүмкүн.

Эр менен катындын жалпы мүлкү эр менен катындын ортосунда өз ара келишимдин негизинде бөлүп алынышы мүмкүн. Эр менен катындын каалоосу менен алардын жалпы мүлктү бөлүү жөнүндөгү өз ара келишими нотариалдык тартипте тастыкталат.

Келише алышпаса, эр менен катындын жалпы мүлкүн бөлүү, ошондой эле, эр менен катындын бул мүлктөгү үлүшүн аныктоо сот тартибинде ишке ашырылат.

Үй-бүлөлүк мамилелер жоюлганда, сот эр менен катын өз алдынча жашаган доордо тапкан мүлктү алардан ар биринин жеке мүлкү деп табышы мүмкүн.

Бойго жетпеген балдардын керектөөсүн канааттандыруу үчүн алынган буюмдар (кийим-кече, бут кийим, мектеп жана спорт буюмдары, музыкалык аспап, китептер жана б.) бөлүнбөйт жана балдар эр менен катындан кайсы бири менен жашаса, ага кенемтесиз берилет.

Эр менен катындын жалпы мүлкү эсебинен ортодогу бойго жетпеген балдардын атына коюлган акча ошол балдарга таандык эсептелип, эрди-катындын жалпы мүлкүн бөлүү учурунда этибар алынбайт.

Эр менен катындын жалпы мүлкү алар никеде турган доордо бөлүнгөн учурда, эр менен катындын мүлкүнүн бөлүнбөй калган бөлүгү, ошондой эле, эр менен катын тарабынан алар никеде турган доордо тапкан мүлк кийинчерээк алардын биргеликтеги жалпы мүлкүн түзөт.

**Укук тарыхынан**

Бириккен Улуттар Уюму Башкы ассамблеясынын 1993-жылдын 20-сентябрында болуп өткөн чогулушунда 1994-жылдан баштап, жыл сайын 15-май күнүн Эл аралык Үй-бүлө күнү иретинде белгилөөгө токтом кылынды. Бул токтомду кабыл алуудан максат бардык өнүгүп жаткан жана тынчтыкты сүйгөн инсаниятты көңүлүн адам өзүнүн өмүрүн өткөрө турган, өзүнүн каалоо-тилегин, бакыт-таалайын жана тынчтыгын камсыздай турган жер — үй-бүлөнүн бекем болушуна каратуудан турат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

М. жубайы Т. менен никеден ажыратуу жана алардын биргеликтеги мүлкүн бөлүп берүү жөнүндө доо арызы менен сотко кайрылат. Жоопкер өзүнүн арызында келтирилген мүлктөрдүн тизмесинде аларга нике тоюна чейин Т.нын ата-энеси тарабынан белекке берилген жумшак мебелдер комплекти менен килемди көрсөтөт.

Белек келишими түзүлбөгөн болсо да, Т. ата-энеси тарабынан тоюна белек иретинде берилген буюмдарды меники, деп каршылык билдирди.

Кандай ойлойсуң, кимдин талабы мыйзамдуу?

Фермер чарбасы же дыйкан чарбасы мүчөлөрүнүн биргеликтеги мүлкү болгон мүлккө карата эр менен катындын ээлик кылуу, пайдалануу жана башкаруу укуктары «Фермер чарбасы жөнүндөгү» жана «Дыйкан чарбасы жөнүндөгү» мыйзамдар менен жөнгө салынат.

Никеден ажыраган эр менен катындын жалпы мүлктү бөлүү жөнүндөгү талабына карата үч жылдык доо мөөнөтү колдонулат.

Эр менен катындын жалпы мүлкүн бөлүүдө жана алардын ошол мүлктөгү үлүштөрүн аныктоодо, эгерде эр менен катындын ортосундагы нике келишиминде башка жагдай каралбаган болсо, анда эр менен катындын үлүштөрү тең деп эсептелет.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Эр менен катындын жалпы мүлкү кантип бөлүнөт?
2. Никеден ажыраган эр менен катындын жалпы мүлктү бөлүү жөнүндөгү талабына карата канча доо мөөнөтү белгиленет?
3. Эр менен катындын жалпы мүлкү алар никеде турган доордо бөлүнүшү мүмкүнбү? Пикириңди негизде.
4. Эр менен катындын жалпы мүлкү эсебинен ортодогу бойго жетпеген балдардын атына коюлган акча эрди-катындын жалпы мүлкүн бөлүү учурунда этибар алынабы?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 6-§ Эр менен катын мүлкүнүн келишимдик тартиби

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Нике келишими.
- Нике келишиминин формасы жана мазмуну.
- Никенин жоюлушунун негиздери.
- Никеден ажыратуунун тартиби.







## Нике келишими

Нике келишими – никеленүүчү адамдардын же эр менен катындын никедеде турган доордо жана (же) эр менен катын никеден ажыраган учурда алардын мүлктүк укук жана милдеттерин белгилеген келишим.

Нике келишими – эр менен катын мүлкүнүн келишим режими. Ал «контракт» – кадимки келишим болуп, сот жараянында бул келишимге карата аны түзгөн адамдар тарабынан да, башка кызыккан адамдар тарабынан да каршылык билдирилиши мүмкүн.

Өзбекстан Республикасынын Жарандык кодекси боюнча нике келишиминин мыйзамга туура келишине каршылык билдирүүгө, аны толук же жарым-жартылай чыныгы эмес, деп табууга болот. Келишимдин шарттары Өзбекстан Республикасы Үй-бүлө кодексинин 31-статьясы талаптарына жооп бербесе, сот эрди-катындан биринин талабы боюнча нике келишимин толук же жарым-жартылай чыныгы эмес, деп табышы мүмкүн. Эрди-катын өз ара мыйзам менен руксат берилген бардык мүлктүк-келишимдик мамиле жасоо укугуна ээ. Эрди-катындан биринин укуктарын чектөөгө багытталган келишимдер чыныгы эмес.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Никени тиешелүү тартипте каттабастан туруп, эрди-катын болуп жашоо алардын мүлкүн эрди-катындын биргеликтеги жалпы мүлкү, деп табуу үчүн негиз боло албайт.

Нике келишиминде эрди-катын үй-бүлөнүн сарптарын чогуу камсыздоо жана ишке ашыруу, бири-биринин кирешелеринде катышуу боюнча өз укук жана милдеттерин белгилеп алуу, нике жоюлган учурда эрди-катындын ар бирине берилчү мүлктү белгилөө, ошондой эле, нике келишимине эрди-катындын мүлктүк мамилелерине тиешелүү башка эрежелерди киргизүү укугуна ээ.

Нике келишими ошол адамдын катышуусу менен гана түзүлүшү керек болгон келишим саналат жана аны өкүлдөр аркылуу түзүүгө болбойт.

Нике келишими аркылуу эрди-катында нике катталганга чейин жана нике жоюлгандан кийин менчик мүлк укугу боюнча кимге кандай мүлк таандык экендиги жөнүндө анык түшүнүк пайда болот.

Эрди-катындын ортосунда биргеликте табылган мүлктүн чеги белгиленет, нике жоюлгандан кийин достук мамиледе калуу мүмкүнчүлүгү сакталат.

## Нике келишиминин формасы жана мазмуну

Нике келишими жазма түрдө түзүлөт жана нотариалдык тартипте тастыкталууга тийиш.

### Чыгармачыл иш



Азиз «Дамас» маркалуу автомашинасынын сатылгандыгын документтештирүү үчүн нотариуска барды. Нотариус машинанын документтерин жана Азиздин паспортун барактап, автомашинаны сатууга анын жубайынын макулдугу керектигин түшүндүрдү.

Азиз: «Бул менин автомашинам, менин атыма алынган, өзүмдүн акчама сатып алганмын. Катыным иштебейт, үйдө олтурат», деп түшүндүргөнүнө карабастан, нотариус алды-сатты келишимин документтештирүүдөн баш тартты.

**Нотариус эмне үчүн келишимди документтештирбеди?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эр менен катын нике келишиминдеги жалпы мүлкүнүн мыйзамда белгиленген тартибин өзгөртүүгө, бардык мүлккө, анын айрым түрлөрүнө же эр менен катындан ар биринин мүлкүнө карата чогуу, үлүштүү же өз алдынча ээлик кылуу тартибин орнотууга акылуу.

Нике келишимдери, адатта, мамлекеттик же башка атайын каттоодон өткөрүлгөн мүлктөр боюнча түзүлөт. Нике келишиминде катталбаган мүлктөр боюнча жалпы мүлк режими сакталат. Нике келишиминде каралган укук жана милдеттер белгилүү мөөнөт менен чектелиши же белгилүү шарттын пайда болушун да көздө тутушу мүмкүн.

Нотариалдык форма келишимдин ишеничтүү экенин билдирет, жактардын өз ара мамилелерине аныктык киргизет, нике келишими түзүлгөндүгү факты жана анын мазмуну боюнча келишпестиктер чыгышы мүмкүндүгүн жокко чыгарат. Нике келишимин тастыктоодон мурда нотариус юридикалык фактлардын керектүү курамын текшерет.

Ал жактардын адамдык, укуктук, мамиле жөндөмү, алардын биринен экинчисине өтүп жаткан

Нике келишимин нотариалдык тастыктоо анын мыйзамдуу экендигин кепилдейт.

**Укук тарыхынан**

Нике келишими көп кылымдардан бери чет өлкөлүк жана улуттук практикада колдонулуп келе жатат. Байыркы Римде да болочок эрди-катындардын мүлкүнө тиешелүү келишимдер түзүлгөн. Чыгыш жана Батыш Европа мамлекеттеринде XVI-XIX кылымдарда калктын түрдүү катмарлары ортосунда кеңири таралган никеден алдыңкы келишимдер белгилүү болгон. Эрди-катындын мүлкүнүн келишимдик режимин жөнгө салган укуктук каражат иретинде нике контракты институтунун калыптанышы XVIII кылымдын акыры – XIX кылымдын алгачкы жылдарында Франция, Англия, Германия, Австрия жана башка өлкөлөрдө башталган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Чыгармачыл иш

Азиз менен Шайыргүл никеде турган абалда нике келишимин документтештирмекчи болушту. Алар нике келишимин түзүп жатышкандыгы жөнүндө өздөрүнүн кредиторуна (кредиторлоруна) кабар берүүгө тийишпи?

субъективдүү укуктарга ээлигин аныктоого тийиш. Күбөлөндүрүлгөн нике келишими нотариалдык органдын иш документтеринде сакталышы да чоң мааниге ээ болуп, эгерде жактарга берилген нускалар жоголсо, алар өздөрүнүн укуктарын тастыктоо үчүн нотариалдык архивге кайрылышы жана нике келишиминин дубликатын алышы мүмкүн.

Эр менен катындын мүлкүнүн укуктук тартибин белгилеген нике келишиминин шарттары анын мазмунун түзөт. Нике келишиминин шарттарында жактардын никеде жана ал жоюлганда эр менен катындын мүлктүк мамилелеринин маанилүү жактары боюнча жоболор катталат. Эреже боюнча, нике келишими эр менен катындын бар жана болушу мүмкүн болгон мүлкүнө карата түзүлүшү мүмкүн. Нике келишимине эр менен катын төмөнкү эрежелерди киргизүүгө акылуу:

- өз ара материалдык камсыздоо;
- үй-бүлөнүн сарптарын бөлүштүрүү;
- бири-биринин кирешесинде катышуу;
- башка адамдар менен мүлктүк келишимдер түзүү;
- чогуу ишкердик менен алектенүү боюнча өздөрүнүн укук жана милдеттерин белгилеп алуу;
- никеден ажырашканда эр менен катындын ар бирине бериле турган мүлктү аныктап алуу;
- эр менен катындын мүлктүк мамилелерине тиешелүү башка эрежелер.

Нике келишими эрди-катындын келишими менен каалаган учурда өзгөртүлүшү же жоюлушу мүмкүн. Нике келишими кандай формада түзүлгөн болсо, анын өзгөртүлүшү же жоюлушу да ошондой



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

формада ишке ашырылат. Нике келишимин аткаруудан бир жактуу баш тартууга жол коюлбайт. Нике келишими эрди-катындан биринин талабы менен Өзбекстан Республикасынын Жарандык кодексинде белгиленген негиз жана тартипте соттун токтому менен өзгөртүлүшү же жоюлушу мүмкүн.

## Нике жоюлушунун негиздери. Никеден ажыроонун тартиби

Мыйзам документтеринде никени токтотуу, жоюу жана никеден ажыратуу жөнүндө нормалар бар. Мында никени токтотуу жалпы жана кең мааниге ээ. Никенин токтотулушу дегенде, белгилүү юридикалык фактгын натыйжасында эрди-катындын ортосундагы нике-укуктук мамилелердин токтотулушун түшүнөбүз. Нике токтотулган учурдан баштап нике келишими да токтойт. Эгерде нике келишиминде нике токтотулгандан кийинки доор үчүн каралган милдеттер көрсөтүлгөн болсо, анда алар юридикалык күчүн жоготпойт. Өлүм юридикалык факт болуп, эрди-катындын ортосундагы нике мамилени жокко чыгарат. Эрди-катындан бири кайтыш кылган же сот тартибинде өлгөн деп жарыяланганда, алардын ортосундагы никенин укуктук мамилеси токтойт.

Үй-бүлө кодексинде никеден ажыроо үчүн анык негиздер көрсөтүлбөгөн, мунун аргасы да жок, анткени эр же катын келтирген негиз кээ учурларда никеден ажыратуу үчүн жетиштүү деп табылса, башка учурда ажыратууга негиз боло албайт. Ошондуктан Үй-бүлө кодексинде никеден чыгуунун сот практикасы төмөнкүдөй белгиленген: «Эгерде сот эр менен катындын мындан ары чогуу жашоо жана үй-бүлөнү сактап калуу мүмкүнчүлүгү жок деп тапса, анда аларды никеден ажыратат».

Үй-бүлө кодексинин 43-статьясы боюнча, эгерде эрди-катындан бири:
– сот тарабынан дайынсыз жоголгон деп табылса;
– сот тарабынан психикасынын бузулушу (психикалык оору же кем акылдыгы) себептүү мамилеге жараксызсыздыгы аныкталса;
– жасаган кылмышы үчүн үч жылдан аз болбогон мөөнөткө эркинен ажыратылган болсо, ортодо бойго жетпеген балдары бар же жоктугуна карабастан, эрди-катындан биринин арызы боюнча алар жарандык абалы актыларын жазуу органдарында никеден ажыратылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Никеден ажыроо арыз берүүчүлөрдүн жашаган жериндеги Жарандык абалы актыларын жазуу органына арыз берген күнүнөн баштап үч ай мөөнөт өткөндөн кийин катталат.

**Никеден сот тартибинде ажыратуу.** Үй-бүлө кодекси никеден ажыроонун негизине карай, анын төмөнкү тартибин белгилейт:

1) эрди-катындын ортосунда мүлктүк келишпестик болгон учурларда [мисалы, мүлктү бөлүү, эрди-катындын ортосундагы жана бойго жетпеген балдарга материалдык камсыздоо менен байланыштуу жагдайлар боюнча (алимент өндүрүү маселесинде) жана башкалар] сот тартибинде ажыратылат;

2) келишпестик болбосо, алсак, эгерде:


а) эрди-катындын ортосунда бойго жетпеген перзент болбосо жана алар ажырашканга өз ара ыраазы;

б) жактар (эр же катын) сот тарабынан дайынсыз жоголгон, психикалык оору же кем акылдыгы себептүү мамилеге жараксыз деп табылса;

в) Үй-бүлө кодексинин 42-43-статьяларында белгиленгендей, жасаган кылмышы үчүн эри же

## Чыгармачыл иш

З. менен А. эрте турмуш курушту. Никеге туруу учурунда экөөсү 17 жашта болушкан. З. 16 жаштайынан эмансипацияга ээ болуп, ишкердик менен алектенип жүргөн. Ошол себептүү З. никеге туруу учурунда А.га нике келишимин түзүүнү сунуш кылды.



Эр менен катын нике келишимин түзүү жана аны документтештирүү максатында нотариалдык органга кайрылышканда, нотариус алардын бойго жете элек экендиктерин, нотариалдык тастыкталган келишим түзүү үчүн алар жаш экендигин, дагы эки жылдан кийин келиши мүмкүндүгүн түшүндүрүп, нике келишимин нотариалдык тастыктоодон баш тартты.

**Нотариустун аракеттери туурабы?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

катыны үч жылдан аз болбогон мөөнөткө эркинен ажыратылган учурда административдик тартипте (ЖААЖ органы аркылуу).

**Жарандык абалы актыларын жазуу органдарында никеден ажыратуу.** Никеден ажыроонун сот менен бирге административдик тартиби бар. Бул тартип эрди-катындык мамилелерди жокко чыгаруунун салыштырмалуу жөнөкөй тартиби болуп эсептелет. Мында нике жарандык абалы актыларын жазуу органында ажыратылат жана сот жараяны болбойт.

Никеден ажыратуу жөнүндөгү арызды кабыл алган жарандык абалы актыларын жазуу органдары арыз берилген күндөн үч ай өткөндөн кийин ажыроону документтештирет жана аларга никеден ажырагандык жөнүндөгү күбөлүктү берет. Үч айлык мөөнөт эрди-катындын жарашып кетиши үчүн мүмкүнчүлүк түзүү максатында белгиленет. Ошол убакыттан баштап нике токтотулган эсептелет жана мурунку эрди-катын жаңы никеге туруу укугуна ээ болот.







### Суроо жана тапшырмалар

1. Нике келишимин жарандык укуктагы башка келишимдер менен салыштыр жана нике келишимине киргизилүүгө тийиш жана киргизилиши мүмкүн болбогон шарттардын өз ара айырмасын иликтөөгө ал.
2. Нике келишиминде нике токтотулгандан кийинки доор эске алынабы?
3. Никени тиешелүү тартипте каттабай туруп, эрди-катын болууга болобу?
4. Эмне үчүн нике келишими ошол адамдын өзү гана түзүшү зарыл болгон келишимдердин катарына кирет?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# II бөлүм. КЫЛМЫШ УКУГУ

## 7-§ Кылмыш укугунун максаты, милдети жана принциптери

### Чыгармачыл иш

Өзбекстан Республикасынын Конституциясы менен мыйзамдарында кепилденген жарандардын укук жана кызыкчылыктарын, аларды корголуу жана ишке ашырылуу механизмин аныкта. Бул жараяндын бузулушу кандай укуктук натыйжаларга алып келишин Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодекси негизинде аныктап көр.

### Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:

- Өзбекстан Республикасынын Конституциясы кылмыш укугунун негизги булагы.
- Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодекси. Кылмыш кодексинин милдеттери жана принциптери.

### Өзбекстан Республикасы Конституциясы кылмыш укугунун негизги булагы

Кылмыш менен Конституциялык укуктардын өз ара байланышы шексиз. Кылмыш укугунун Конституциялык мыйзам-эрежелер менен өз ара байланыш жана көз карандылыгы көп кырдуу болуп, ал Конституцияда бекемделген жана кылмыш мыйзамынын негизги функционалдык милдеттерин өзүндө камтыйт.

Кылмыш укугунун принциптери элдик бийлик, мыйзамдын үстөмдүгү, социалдык адилет, гумандуулук, демократизм, жарандардын теңдиги, жалпы инсандык баалуулуктар, эл аралык укук нормаларынын үстөмдүгү жана Өзбекстан Республикасынын Конституциясында бекемделген ушул өңдүү принциптерге негизделет.

Өзбекстан Республикасында кылмыш укугу принциптеринин негизин Конституцияда бекемделген мыйзамдуулук жана жарандардын теңдиги принциби түзөт (ӨзР Конституциясынын 14, 15, 18-с.). Андан кийин кылмыштык жоопкерчилик, жаза дайындоо



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жана аны аткаруу, жазадан бошотуу сыяктуу эрежелерди өзүндө камтыган принциптер чагылдырылган.

Бул бардык принциптер өз ара тең маанилүү, анткени, алардын ар бири өз алдынча мазмунга ээ, мамлекеттин кылмыш укугу боюнча саясатын ишке ашыруу үчүн зарыл бир топ милдеттерди аткарат.



Кылмыш укугу боюнча көрсөтмөлөрдү колдоо ыйгарым укугуна ээ мамлекеттик органдардын мансап адамдарына нормативдик принциптердин таасири алардын ишинде Кылмыш кодексинде каралган эрежелерди так жана туура колдоону, Өзбекстан Республикасынын Конституциясы менен мыйзамдарында кепилденген жарандардын укук жана кызыкчылыктарына бардык чаралар менен баш ийүүнү, өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууда жоопкердик жана талаптуулук сезимдерин жогорулатууну талап кылат.

Кылмыш мыйзамдуулугунун негизги милдеттери иретинде инсандын, анын укук жана эркиндиктерин, коом менен мамлекеттин кызыкчылыктарын, менчик мүлктү, табигый чөйрөнү, тынчтыкты жана адамзаттын коопсуздугун кылмыштык кол салуулардан коргоо каралган.



Кылмыш кодексинин милдеттери инсанды, анын укук жана эркиндиктерин, коом менен мамлекеттин кызыкчылыктарын, мүлктү, табигый чөйрөнү, тынчтыкты, адамзаттын коопсуздугун кылмыштык кол салуулардан коргоодон, ошондой эле кылмыштардын алдын алуудан, жарандарды республиканын Конституциясы менен мыйзамдарына баш ийүү рухунда тарбиялоодон турат.

Мына ушул милдеттерди ишке ашыруу үчүн кодекс жоопкерчиликтин негиздерин жана принциптерин, кандай социалдык кооптуу жазыктар кылмыш экендигин аныктайт, социалдык кооптуу кылмышты жасаган адамдарга карата колдонулушу мүмкүн болгон жазаны жана башка укуктук таасир чараларын белгилейт.

**Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодекси, 2-статья**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Күнөөсүздүк жоромолунун эки жагы бар, биринчиден, белгилүү кылмыштын курамын аныктоо жана инсанды аны жасагандыкта күнөөлүү деп табуу мыйзам боюнча ишке ашырылууга тийиш жана, экинчиден, соттун өкүмү менен гана инсан күнөөлүү деп табылып, Кылмыш кодексинде каралган кылмыштык жоопкерчиликке, жазага же башка укуктук таасир чараларына тартылышы мүмкүн.

Кылмыш мыйзамдарынын милдеттери катарына кылмыштардын алдын алуу кирет. Бул милдеттер кылмыш укугуна тиешелүү тыюу салуудан келип чыгат жана кээ бир тайпа адамдарын кылмыш жасоодон кайтарууга багытталган болот. Кылмыш мыйзамынын милдеттерин аткаруу төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылат: жоопкерчиликтин негиздери менен принциптерин аныктоо; кылмыш тайпасына киргизилген кылмыштар рамкасын аныктоо; кылмыштык жаза чараларын дайындоо; жазадан тышкары укуктук таасир чараларын дайындоо жана у. с. Бул милдеттерди ишке ашырууда Кылмыш кодекси мыйзамдуулукка, жарандардын мыйзам алдында теңдигине, демократизм, гумандуулук, адилеттүүлүккө, күнөө үчүн жоопкерчилик, жоопкерчиликтин аныктыгы принциптерине негизделет.

Бул системага киргизилген бардык принциптер өз ара тең маанилүү. Алардын ар бири өз алдынча мазмунга ээ болуп, мамлекеттин кылмыш укугу боюнча саясатын ишке ашыруу үчүн зарыл бир топ милдеттерди аткарат.

Өзбекстан Республикасы кылмыш укугунун негизги принциптерине:

- мыйзамдуулук: жасалган жазыктын кылмыштуулугу, жазага ылайыктыгы жана башка укуктук натыйжалары Кылмыш кодекси менен белгиленет. Эч ким соттун өкүмү чыкпай туруп, кылмыш жасоодо күнөөлүү деп табылышы жана мыйзамга сыйбаган түрдө жазага тартылышы мүмкүн эмес;
- жарандар мыйзамдын алдында тең: кылмыш жасаган адамдар жынысы, расасы, улуту, тили, социалдык келип чыгышы, ишеними, инсандык жана социалдык ордуна карабастан, бирдей укук жана милдеттерге ээ;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

- демократизм: коомдук бирикмелер, жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдары же жамааттар кылмыш жасаган адамдарды жүрүм-турумун ондоочу иштерге мыйзамда каралган учурларда тартышы мүмкүн;
- гумандуулук: жаза жана башка укуктук таасир чаралары денени кордоо же адамдын кадыр-баркын кемсинтүү максатын көздөбөстүгү;
- адилеттүүлүк: кылмыш жсаоодо күнөөлүү инсанга карата колдонула турган жаза же башка укуктук таасир чарасы адилеттүү болушу, б. а. кылмыштын оор-жеңилдигине, күнөөнүн жана инсандын социалдык кооптуулук деңгээлине шайкеш келиши;
- инсан мыйзамда белгиленген тартипте күнөөсү далилденген социалдык кооптуу жазыктары үчүн гана жоопкер болушу;
- жоопкерчиликтин аныктыгы: жоругунда кылмыш курамынын бар экендиги аныкталган ар бир инсан жоопкерчиликке тартылууга тийиш экендиги кирет.

Кылмыш укугу укуктун башка тармактарынан төмөнкү жактары менен айырмаланат:

***биринчиден,*** кылмыштын жасалышына байланыштуу пайда болгон кылмыштык-укуктук мамилелерде, бир жактан коом, мамлекет, ал эми экинчи жактан болсо кылмыш жасаган инсан субъект болот;

***экинчиден,*** кылмыштык-укуктук норма менен белгилеп коюлган тыюуну бузгандык үчүн сот мамлекеттин атынан белгиленген кылмыштык жазаны дайындайт.

Кылмыштык укук нормалары мазмун жагынан эки бөлүккө бөлүнөт. Алардан бири кылмыш укугунун жалпы ордун, эреже жана тартибин белгилеп берет. Экинчиси болсо анык кылмыштардын белгилерин мүнөздөп, аларды жасаган адамдарга кара-

**Чыгармачыл иш**

Өзбекстан Республикасы Конституциясынын кайсы статьясында: «Эч ким соттун өкүмүсүз жана мыйзамга туура келбеген түрдө кылмыш жасоодо күнөөлүү деп табылышы жана кылмыштык жазага тартылышы мүмкүн эмес», деп айтылат? Бул статьянын күнөөсүздүк жоромолу менен кандай байланышы бар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Укук тарыхынан

Өзбекстан Республикасынын кылмыш мыйзамдары кодификацияланган болуп, Өзбекстан Республикасынын негизги кылмыш мыйзамы 1994-жылдын 22-сентябрында кабыл алынган жана 1995-жылдын 1-январынан күчкө кирген Кылмыш кодекси эсептелет.

та колдонула турган жазаларды аныктайт. Биринчи нормалар кылмыш укугунун жалпы бөлүгүн, ал эми экинчи нормалар болсо атайын бөлүгүн түзөт.

Кылмыш укугунда кылмыштык жазыкты аныктоо да чоӊ роль ойнойт. Кылмыштык жазык — бул кылмыш мыйзамдары менен корголгон социалдык мамилелерге кооп салуучу коомго каршы жана адамдык жүрүм-турум эрежелеринен четке чыккан аракет. Кылмыштык жазык өзүнүн объективдүү касиеттери боюнча коом үчүн кооптуу аракет же аракетсиздик, ал эми субъективдүү касиеттери боюнча болсо дайыма белгилүү максат жана себептер боюнча жасалган күнөөлүү иш эсептелет.

Кылмыш мыйзамы менен корголо турган ар кандай социалдык мамиле кылмыштын объекти эсептелет. Ар кандай аӊ-сезим менен башкарылган жазык ички жана тышкы маани-мазмундан турган болуп, анын ички мазмуну субъективдүү жагы, ал эми тышкы мазмуну болсо объективдүү жагы деп аталат. Кылмыштын объективдүү жагы социалдык кооптуу жазыктын тышкы жагы иретинде кылмыштын кандай жасалгандыгын аныктайт.

### Суроо жана тапшырмалар

1. Күнөөсүздүк жоромолу деген эмне? Пикириңди негизде.
2. Өзбекстан Республикасы кылмыш укугунун негизги принциптерин түшүндүр.
3. Кылмыштык мыйзам документтеринин негизги милдеттери эмнеден турат?
4. Кылмыштык укук нормалары өзүнүн мазмуну боюнча канча бөлүккө бөлүнөт жана алардын милдеттери эмнеден турат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 8-§ Кылмыштын белгилери

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Кылмыштын белгилери. Күнөө, күнөөнүн формалары, көздөм.
- Жазыкты чыгарып салуучу жагдайлар.
- Этиятсыздык аркылуу кылмыш жасоо жана анын натыйжалары.



Кылмыш башка укук бузуулардан өзүнө мүнөздүү жактары менен ажырап турат. Бул жазыктын социалдык кооптуулугу. Анткени кылмыш аркылуу коом жана инсан үчүн материалдык жана руханий зыян жеткирилет. Кылмыштын социалдык кооптуулук деңгээли анын натыйжасында көрүнөт.

Кылмыштын мыйзамга сыйбастыгы анын юридикалык укуктук белгиси саналат. Кылмыш жасаган инсандын күнөөлүү деп табылышы кылмыштын маанилүү белгилеринен бири. Ошондо гана ага карата кылмыштык жаза колдонулат. Социалдык кооптуу жазык

**Чыгармачыл иш**

8-класста «Өзбекстан мамлекети жана укугунун негиздери» предметинен алган билиңе таянып, төмөнкү суроолорго жооп берүүгө аракттенип көр.

1. Кылмыш деген эмне? Укук бузуу менен кылмыштын ортосунда кандай айырмалар бар?
2. Төмөнкү окуялардан кайсы бири кылмыш болушу мүмкүн?

   *A. 9-класс окуучусу А. үзгүлтүксүз түрдө сабакты калтырып келгендиктен, анын ата-энеси жоопкерчиликке тартылды.*

   *B. З. ысымдуу 7-класс окуучусу кошуна короодо уурулук болуп жатканын билген болсо да, бул жөнүндө эч кимге кабар бербеди.*

   *C. К. ысымдуу жаран булгоочу заттарды эки чакада алып чыгып, үйдүн алдынан агып өткөн каналга төгүп салды.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мыйзамда каралган кылмыштын белгилери болгондо гана, анын курамы аныкталган кылмыш деп табылат.

Кылмыш курамы – кылмыш жөнүндөгү мыйзамдарда анык бир социалдык кооптуу жазыкты кылмыш деп мүнөздөөчү эң аз жана жетиштүү объективдүү жана субъективдүү белгилердин жыйнагы. Кылмыш курамынын объективдүү жана субъективдүү белгилери ортосунда өз ара байланыш жана көз карандылык бар.

Кылмыш курамы түзтүлүшү боюнча төрт элементтен турат: объект, объективдүү жак, субъект жана субъективдүү жак.

Объективдүү, б. а. тышкы белгилер кылмыштын объектин жана объективдүү жагын мүнөздөйт.

Субъективдүү (ички) белгилер кылмыштын субъектин жана субъективдүү жагын аныктайт.

Ар бир белги башкалары менен биргеликте ажырагыс бир бүтүндүн зарыл бөлүктөрүн түзөт.

**Кылмыш курамынын биринчи элементи** – кылмыш объекти. Бул кылмыш мыйзамы менен корголуучу социалдык мамилелер болуп, кылмыштык кол салуулар ушуларга багытталат. Атайы адам өлтүрүүдө кылмыш объекти башка инсандын өмүрү, уурулукта болсо башкалардын мүлкү болот жана у. с.

Кылмыш кодексинде кодекс менен тыюу салынган, күнөөлүү социалдык кооптуу жазык (аракет же аракетсиздик) жаза колдоо жолу менен кылмыш деп табылат, деп мүнөздөмө берилген.

## Чыгармачыл иш

*1. Кашкадарыя облусу Каршы шаары Хамрах көчөсү 4-үйдүн алдында турган «Вагон Депо» АКна таандык «Дамас» маркалуу автомобилде электр зымдарынын кыска туюкталышы натыйжасында өрт чыкты. Өрттүн натыйжасында автомобиль толук жанып бүттү. Өрттү өчүрүү учурунда автомобилдин айдоочусу Ж. С.нын денеси күйүп, ооруканага жаткырылды.*

*2. Андижан облусунун Кожоабад районунда жашоочу А. Т.нын ачык калган эшиги аркылуу үйүнө белгисиз адамдар кирип, 25 000 000 сум акчаксын уурдап кетишкен.*

Бул жагдайларда кылмыштын белгилери барбы? Пикиринди жогоруда кылмышка берилген аныктаманын негизинде түшүндүр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Кылмыш курамынын экинчи элементи** – анын объективдүү жагы. Кылмыштын объективдүү жагын айлана-чөйрөдө кандайдыр өзгөрүүгө алып келген жана ага себеп болгон инсандын акылы жана эркинини кыймыл-аракети түзөт. Бул элементтин зарыл белгиси жазык (аракет же аракетсиздик) эсептелет. Жазык аркылуу кылмыш жасалат.

**Кылмыш курамынын үчүнчү элементи** – кылмыш субъекти, б. а. кылмыш жасаган жеке адам. Кылмыш субъекти жоругу үчүн жооп бере алган, б. а. кылмыш жөнүндөгү мыйзамдарда каралган белгилүү жашка жеткен жана акыл-эстүү инсан болушу мүмкүн.

**Кылмыш курамынын төртүнчү элементи – кылмыштын субъективдүү жагы.** Кылмыштын субъективдүү жагы инсандын өзү жасаган кылмышына карата психикалык мамилеси эсептелет. Субъективдүү жактын белгилерине күнөө, жүйө жана максат кирет.

Кылмыш курамы деп табылышы үчүн каралган төрт элементтин бардыгы болууга тийиш. Жалпы кылмыштын курамында бардык белгилер негизги жана факультативдик белгилерге ажыратылат.

Кылмыш — жазага ылайык жазык. Андыктан, жазыктын кылмыш иретиндеги эң маанилүү белгиси анын жазага ылайыктуулугу. Кылмыш башка укук бузуулардан төмөнкү белгилери менен айырмаланат: 1) объекти; 2) социалдык кооптуулук деңгээли жана өзгөчөлүгү; 3) укукка каршы көрүнүшү.

## Укук тарыхынан



«Кылмыш» түшүнүгү алгачкы жолу Батыш Европа мамлекеттеринин кылмыш жөнүндөгү мыйзам документтеринде келтирилген. Бул түшүнүк биринчи жолу Франциянын 1791-жылдагы Кылмыш кодексинде кездешет.

Кылмыш укугунун тарыхында кылмышка аныктаманы биринчи жолу 1919-жылы Россия укук таануучулары беришти: «Кылмыш — кылмыш укугу менен корголо турган социалдык мамилелер тартибинин бузулушу болуп саналат».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кылмыштын субъективдүү жагы күнөөнүн формасы, б. а. атайы жана этиятсыздык менен гана чектелип калбайт, ал өзүндө жүйө жана максаттарды да камтыйт. Бирок субъективдүү жактын ажырагыс белгилери болгон атайы жана этиятсыздыктан айырмалуу түрдө, жүйө менен максат экинчи даражалуу белгилерге кирет.

Кылмыш жасаган инсан өз жоругунун социалдык коопуулук өзгөчөлүгүн билген жана ошого карабай, аны жасоону каалаган болсо, анда мындай кылмыш атайы жасалган деп табылат.

Кылмыш мыйзамында тике же кыйыр атайы деген түшүнүктөр бар. Инсан өз жоругунун социалдык коопту өзгөчөлүгүн билген, анын натыйжасына көзү жеткен жана аны жасоодон баш тартпаган болсо, анда мындай кылмышка тике атайы жасалган дейилет.

Эгерде инсан өз жоругунун социалдык коопту өзгөчөлүгүн билген, анын натыйжасына көзү жеткен жана анын болушуна аңдуу түрдө жол койгон болсо, анда мындай кылмыш кыйыр атайы жасалган деп табылат. Өзү-өзүнө ишеним же кайдыгерлик натыйжасында жасалган социалдык коопту жазык этиятсыздыктын натыйжасында жасалган кылмыш деп табылат.

Бардык кылмыштардын жалпы объекти кылмыш мыйзамы менен корголо турган социалдык мамилелердин жалпы жыйнагынан турат. Жалпы объект бардык кылмыштар үчүн бирдей, анткени ар кандай кылмыш тигил же бул социалдык мамилелерге зыян жеткирет.

## Чыгармачыл иш

**Бул жагдайда кылмыш объектин аныкта.**

Ташкент облусунун Ташкент району “Көк терек” айылы жарандар жыйынын аймагындагы үйлөрдүн бирине бетине беткап тарткан чоочун адам бастырып кирди. Ошол учурда үйдө жалгыз болгон үй ээсинин кызын бычак менен коркутуп, 300 АКШ долларын жана эки зергердик буюмун алып кетти. Жасалган оперативдик чаралардын натыйжасында, бул баскынчылык кылмышын жасаган 1994-жылы туулган А. Н. кармалды. Ага карата Өзбекстан Республикасы Кылмыш кодексинин 164-статьясы 3-бөлүгү менен кылмыш иши козготулду.

*Өзбекстан Республикасы ИИМнин басма сөз кызматы*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жазыкта Кылмыш кодексинде каралган белгилер расмий түрдө бар болсо да, бирок ал социалдык кооптуу, мыйзамга каршы же күнөөлүү болбосо, анда жазыктын кылмыштуулугун четке каккан жагдайлар деп табылат. Башкача айтканда аз мааниге ээ жазыктар: өзүн коргоонун зарылчылыгы; акыркы зарылчылык; социалдык кооптуу жазык жасаган инсанды кармооу учурунда ага зыян жеткирүү; буйрук же башкача мүнөздөгү тапшырманы аткаруу; кесип же чарбалык ишкердик менен байланыштуу негиздүү тобокелчилик кылмышты четке каккан жагдайлар деп табылат.

Субъективдүү жактын мазмунунда кылмыштын жүйөсү менен максаттары өзгөчө орун ээлейт. Жүйө жана аны менен байланыштуу максат күнөөлүү инсандын кыймыл-аракетин башкарган бүткүл эрктик жараянга өзүнүн таасирин көрсөтөт. Инсан үчүн ал жасаган жазык кандай маани жана мазмунга ээ экендиги дал ушул жүйөдөн көз каранды.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Кылмыш башка укук бузуулардан кайсы жактары менен ажырап турат?
2. Кылмыштын белгилерин түшүндүрүп бер.
3. Күнөөлүү жазык дегенде эмнени түшүнөсүң?
4. Тике жана кыйыр атайы дегенде эмнени түшүндүң?
5. Төмөн жакта берилген жагдайларда кылмыштын белгилери барбы? Алардан кайсы бири этиятсыздыктын натыйжасында жасалган?

*1) Белгисиз инсан эшиги ачык абалда кароосуз калтырылган «ВАЗ-21099» автомашинасын айдап качкан.*

*2) Бир кыз жумуштан кайтып жактан учурда белгисиз инсан анын колундагы сумкасын жулуп алып качкан. Ал эми сумканын ичинде болсо азык-түлүк жана уюлдуу телефон болгон.*

*3) Жеке ишканага таандык корголо турган полиэтилен өндүрүүчү цехте өрт чыккандыгы жөнүндө кабар келип түшкөн. Өрттүү өчүрүү учурунда жеке ишкана жумушчусунун сөөгү табылган. Өрттү өчүрүү иштеринде өрттү өчүрүүчү 19 техника катышкан.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 9-§ Кылмыштык жоопкерчилик жана жаза системасы

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Жеке адамдардын кылмыштык жоопкерчилиги.
- Жаза түшүнүгү жана анын түрлөрү.

Кылмышты дайыма анык жеке адамдар жасайт. Андыктан кылмыш жасаган инсан «кылмыштын субъекти» деп таанылат. Кылмыш субъектинин жоктугу кылмыш курамынын жана кылмыштын жоктугун билдирет.

Кылмыш мыйзамдарында субъектке карата «күнөөлүү», «соттолгон», «кылмыш жасаган инсан», «кылмыш жасоодо күнөөлүү болгон инсан» сыяктуу сөздөр иштетилет.

Юридикалык жактар, б. а. уюмдар, ишканалар, мекемелер жана коомдук бирикмелер кылмыш субъекти боло албайт. Ошондуктан кылмыш социалдык кооптуу аракет мамлекеттик ишкана, мекеме, уюм жана коомдук бирикмелерде кызмат же өндүрүш менен байланыштуу түрдө жасалса, бул тапшырмага жооптуу тиешелүү мансап адамдары же башка кызматчылар кылмыш субъектине айланат.

Кылмыш субъекти акыл-эстүү болууга тийиш, б. а. ал өз аракети же аракетсиздигинин социалдык кооптуу өзгөчөлүгүн билген болууга жана аларды башкара алууга тийиш.

Акыл-эстүүлүк күнөө жана кылмыштык жоопкерчиликтин зарыл шарты саналат. Өз аракети же аракетсиздигинин социалдык кооптуу өзгөчөлүгүн түшүнгөн жана аларды башкара алган адамдар гана,

Кылмыштык натыйжа дегенде, социалдык кооптуу жазыктын натыйжасында кылмыштык-укуктук корголо турган объекттерге зыян жеткирүүнү түшүнөбүз.

Кылмыш укугуна таандык мамиле – бул кылмыш укугунун нормалары менен жөнгө салына турган социалдык кооптуу жазык жасаган инсан менен мамлекеттин ортосундагы мамиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

күнөөнү түзөтүү максатында, кылмыштык жоопкерчиликке тартылат.

Инсандын мыйзам менен белгиленген кылмыштык жоопкерчилик жашына жеткендиги кылмыш субъектинин зарыл белгилеринен бири эсептелет.

Мыйзамда жаш чек арасынын анык иретке салынгандыгы кылмыш жасаган инсандын жашын (туулган күнү, айы, жылы) туура белгилөө зарылчылыгын туудурат. Бул зарылчылык Кылмыш-процессуалдык кодексинин 314-статьясында белгиленген.

Кылмыш кодексиндеги жарандардын мыйзам алдында теңдик принциби Конституциялык принциптин кайталанышы болбой, анын колдонулушу саналат.

Кылмыш кодекси боюнча, эки же андан ашуун инсандын атайы кылмыш жасоодо чогуу катышуусу бирге иштешүү деп табылат. Кылмышта бирге иштешүү бул мурдатан келишип, атайы жасоо сыяктуу түшүнүктөрдү өзүндө камтыйт.

Кылмыш мыйзамында төрт түрдөгү кылмышта бирге иштешүүчүлөр айырмаланат: аткаруучу, уюштуруучу, үндөөчү жана жардамчы. Мунун негизине объективдүү норма коюлган болуп, ал ар бир катышуучунун кылмыш жасоодо катышуу деңгээли жана өзгөчөлүгү менен байланыштуу.

Кылмышты аткаруучулар деп: а) өздөрү тикеден-тике толук же жарым-жартылай кылмыш жасаган; б) өздөрү тикеден-тике кылмыш жасабаган, бирок ушул максатта кылмыш мыйзамдары боюнча, кылмыштык жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн болбогон адамдардан пайдаланган адамдар деп таанылат.

Жашы же кем акылдуулугу боюнча кылмыштык жоопкерчиликке тартуу мүмкүн болбогон же этиятсыздык, же болбосо күнөөсүз аракет жасаган адамдарды атайы кылмыш жасоого түрткөн инсан жасалган кылмыштын катышуучусу деп таанылат.



**Жеке адамдардын жоопкерчилиги**

Кылмыш жасаганга чейин он алты жашка толгон, акыл-эстүү жеке адамдар жоопкерчиликке тартылат. Кылмыш жасаганга чейин он үч жашка толгон адамдар жоопкерчиликти оордоштура турган учурларда атайы киши өлтүргөндүктөрү (97-статьянын экинчи бөлүгү) үчүн гана жоопкерчиликке тартылат.

**Өзбекстан Республикасы Кылмыш кодекси, 17-статья**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кылмышка даярданууга же кылмыш жасоого жетекчилик кылган инсан уюштуруучу деп табылат.

Кылмыш жасоодо жетекчилик кылуу аткаруучулар менен шерик аткаруучулардын күчүн тикеден-тике кылмыш жасоого багыттоо боюнча ишкердикти билдирет.

Үндөөчүлүк башка инсанды кылмыш жасоого же кылмыштык иште катышууга үндөөдө байкалат. Үндөө үндөөчүнүн башка адамдарда кылмыш жасоодо катышууну же кылмыштык иш менен алектенүүгө кызыктырууну калыптандырууга каратылган иш жана демилгелүү кыймыл-аракеттен турат.

Кылмышты жасоодо көмөктөшкөн инсан жардамчы эсептелет.

Жаза кылмыш жасоодо күнөөлүү деп табылган инсанга карата мамлекеттин атынан соттун өкүмү менен колдонулчу жана соттолгонду мыйзамда каралган белгилүү укук жана эркиндиктерден ажыратуу же аларды чектөөдөн турган мажбурлоо чарасы саналат.

Жаза соттолгондун ахлакын түзөтүү, анын кылмыштык ишин улантууга бөгөт салуу жана соттолгондун, ошондой эле, башка адамдардын жаңы кылмыш жасоосунун алдын алуу максатында колдонулат.

Мажбурлоо коомдук иштери пенсия жашына жеткен жана он алты жашка толбогон адамдарга, кош бойлуу аялдарга, үч жашка толбогон балдары бар аялдарга, биринчи жана экинчи группа майыптарына, аскер кызматчыларына, чет өлкө жарандарына жана Өзбекстан Республикасында туруктуу жашабаган адамдарга карата колдонулбайт. Эркиндикти чектөө бойго жетпеген соттолгондорго карата негизги жаза чарасы иретинде алты айдан эки жылга чейин мөөнөткө дайындалат.

Бойго жетпегендерге карата эркиндигинен ажыратуу жазасы алты айдан он жылга чейин мөөнөткө дайындалат.

Кылмыштын субъекти деп кылмыш мыйзамында каралган социалдык кооптуу аракетти атайы же этиятсыздыктын натыйжасында жасаган, белгилүү жашка толгон, акыл-эстүү, жеке учурларда Кылмыш кодексинин Атайын бөлүмүнө таандык нормаларында көрсөтүлгөн атайын белгилерге ээ жеке адамга айтылат.

Туулган күнүнүн эртеси саат 00-00 дөн баштап инсан кылмыштык жоопкерчилик жашына жеткен эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Он үч жаштан он алты жашка чейин болгон доордо кылмыш жасаган адамдарга карата кылмыштар тобу иретинде жаза дайындалганда эркиндигинен ажыратуунун эң көп мөөнөтү он жылга чейин, эгерде жасаган кылмыштарынын бири өтө оор кылмыш болсо, анда он эки жылга чейин дайындалат.

Он алты жаштан он сегиз жашка чейин болгон доордо кылмыш жасаган адамдарга карата кылмыштар жыйнагы иретинде эркиндигинен ажыратуу жазасы — он эки жылга чейин мөөнөткө, эгерде жасаган кылмыштарынын бири өтө оор кылмыш болсо, анда он беш жылга чейин мөөнөткө дайындалышы мүмкүн.

Кылмыш жасоо учурунда он үч жаштан он сегиз жашка чейин болгон адамдарга карата бир нече өкүм боюнча дайындала турган эркиндигинен ажыратуу жазасынын мөөнөтү он беш жылдан ашпоого тийиш.

Эркиндигинен ажыратуу кылмыш жасоо учурунда он үч жаштан он алты жашка чейин болгон адамдарга карата оор кылмыш үчүн — алты жылга чейин, өтө оор кылмыш үчүн — он жылга чейин мөөнөткө дайындалат.

Кылмыш жасоого кызыктырган инсан үндөөчү деп табылат.

Жаза жана башка укуктук таасир чаралары денени кордоо же адамдык кадыр-баркты кемсинтүү максатын көздөбөйт.

## Укук тарыхынан

Үстүбүздөгү жылдын өзүндө маала жарандары жыйындарынын кепилдиги негизинде – 152, Жаштар уюмунун кепилдиги негизинде – 18, кыз-келиндер комитеттеринин кепилдиги негизинде – 3, бардыгы болуп 173 жаранга карата жаза дайындоодо коомчулуктун кепилдиги этибар алынды. Бул жарандардын 38 ин жаштар, 18 ин бойго жетпегендер, 11 ин аялдар түзөт. Мисалы, Бир гана Шайхантахур районунда 15 инсанга карата жаза дайындоодо маала жарандар жыйындарынын кепилдиги этибар алынды.

**Президент Шавкат Мирзиёевдин Өзбекстан Республикасы Конституциясы кабыл алынгандыгынын 25 жылдыгына арналган салтанаттуу аземдеги докладынан**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жазапул күнөөлүүдөн мамлекеттин кирешесине мыйзамда белгиленген санда акча өндүрүү болуп эсептелет.

Мажбурлоо коомдук иштери соттолгонду акы төлөнбөй турган пайдалуу коомдук иштерди аткарууга мажбурлоо иретинде тартуу.

Эркиндигинен ажыратуу кылмыш жасоо учурунда 16 жаштан 18 жашка чейин болгон адамдарга карата оор кылмыш үчүн — 7 жылга чейин, өтө оор кылмыш үчүн — 10 жылга чейин мөөнөткө дайындалат.

Бойго жетпей туруп социалдык коркунучу чоң болбогон кылмыш жасаган, этиятсыздык натыйжасында кылмыш жасаган же атайы анчалык оор болбогон кылмыш жасаган адамдарга карата эркиндигинен ажыратуу иретиндеги жаза дайындалбайт.

Өкүм чыгаруу учурунда он сегиз жашка толбогон адамдарга карата эркиндигинен ажыратуу жазасын тарбия колонияларында өтөө дайындалат.

## Суроо жана тапшырмалар

Берилген жагдайларды оку жана кылмышта катышуучуларды аныкта.

1. *Н. Б. ИИБнө кайрылып, белгисиз инсан анын уюлдук телефонун колунан жулуп качканын маалымдады. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында бул кылмышты Н. ысымдуу инсан жасагандыгы аныкталып, кармалды.*
2. *Белгисиз инсан ишкер У. Х.га телефон чалып, андан чоң санда акча жана 6 капта ун продуктусун карызга алган. Ал кыска убакытта бул унду бир ишканага сатышын жана карызын кайтарып беришин маалымдаган. Бирок акчаны да, унду да кайтарбаган. У. Х. бул жөнүндө ички иштер органдарына кабар бергенден кийин, көрүлгөн чаралардын натыйжасында бул кылмышты К. ысымдуу инсан жасагандыгы аныкталып, кармалган.*

*Өзбекстан Республикасы ИИБ Коомчулук жана массалык маалымат каражаттары менен байланыштар башкармасынын маалыматтары негизинде*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Кошумча малымат үчүн

| Т/r | Кечирим | Амнистия |
|---|---|---|
| 1. | Белгилүү адамдар үчүн, алардын инсандык сапаттарын мүнөздөгөн маалыматтар (жашы, ден соолугу, үй-бүлөлүк абалы) эсепке алынып, жазадан бошотуу эсептелет. | Амнистия жеке адамдарга эмес, жалпы тайпаларга жарыяланат. Мында амнистияга канча адам түшүшү, кимдер түшүшү мурдатан анык болбойт. |
| 2 | Кечирим соттун өкүмү менен гана жаза дайындалган соттолгондорго жарыяланат. | Амнистия кылмыш жараянынын каалагандай баскычында – баштапкы терөө, териштирүү, тергөөгө чейинки текшерүү жана ал тургай кылмыш ишин козготконго чейин болгон баскычта да колдонулушу мүмкүн. |
| 3 | Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 93-статьясы боюнча кечирим Президент тарабынан гана жарыяланат. | Амнистия акты Президенттин сунуштоосу менен Олий Мажлистин Сенаты тарабынан жарыяланат. |
| 4 | Кечиримди колдоо үчүн, адатта, кылмыш жасаган адамдардын өтүнүчү негиз болот.<br>Кечиримди колдоо маселесин Өзбекстан Республикасынын Президенти алдындагы кечирүү маселелери боюнча атайын комиссия чечет. | Амнистия актын колдоодо эч кандай өтүнүч талап кылынбайт.<br>Амнистия актыларын колдоо маселеси укукту коргоо органдары, жазаны аткаруу мекемелери жана соттор тарабынан көрүп чыгылат. 2008-жылдан баштап амнистия актын колдоо боюнча акыркы токтомду соттор гана чыгарышы белгилеп коюлган. |

## Укук тарыхынан

КМШдагы эң бактылуу адамдар Өзбекстанда жашайт. Үйрөнүү учурунда 135 мамлекеттин аянты, коопсуздук абалы, мыйзамдын үстөмдүгү жана тартип сыяктуу бир нече категориялар боюнча суроо-жооптор өткөрүлүп, бааланды. Мамлекеттер 100 баллдык системада бааланды. Тизменин 1-ордун 97 балл менен Сингапур ээледи. Өзбекстан 95 балл менен 2-орундан жай алды. Исландия 92 балл менен 3-орунда. Дүйнөнүн эң кооптуу мамлекети деп болсо Венесуела жарыяланды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Т/r | Кечирим | Амнистия |
|---|---|---|
| 5 | Кечиримди колдоо көп убакыт жана тартип талап кылбайт. Ал кабыл алынышы менен заматта аткарылат. Ал үчүн башка баскычтардан өтүү зарыл эмес. | Амнистия акты чыккандан кийин, аны кимдерге колдоо маселесин чечүү көпкө созулат жана көптөгөн уюштуруу жараянын өзүндө камтыйт. |
| 6 | Кечиримдин укуктук натыйжалары азыраак болот. Алар:<br>1) негизги жана аткарылбаган кошумча жазадан толук же жарым-жартылай бошотулат;<br>2) жазадан мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотулат;<br>3) өмүрү бою эркиндигинен ажыратуу же башка өтөлбөгөн жаза салыштырмалуу жеңилирээк жаза менен алмаштырылат;<br>4) соттолгондугу алып ташталат. | Амнистия актынын укуктук натыйжалары кеңирээк болот:<br>1) инсан кылмыштык жоопкерчиликтен бошотулушу;<br>2) соттолгон негизги жана аткарылбаган кошумча жазадан бошотулушу;<br>3) соттолгонго дайындалган негизги жана аткарылбаган кошумча жазанын кыскартылышы (азайтылышы);<br>4) соттолгон жазадан мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотулушу;<br>5) соттолгонго дайындалган жазанын өтөлбөгөн бөлүгү жеңилирээги менен алмаштырылышы;<br>6) кылмыш жасаган инсандан соттолгондук мөөнөтүнөн мурда алып ташталышы. |



Адамкерчиликтүү жоомарт инсан өзүнөн жана өзүнүкү экендигине эч ким тартыша албай турган нерседен башкасына ээлик кылбайт.

Төмөнкү жадыбалды дептериңе чий жана толтур. Амнистия менен кечиримдин негизги айырмалары боюнча суроолорго жооп бер.

| Суроолор | Кечирим | Амнистия |
|---|---|---|
| Ким кабыл алат? | | |
| Кимдерди камтыйт? | | |
| Кимдерге колдонулат? | | |
| Кечирим документинин демилгечиси ким болот? | | |
| Жекече факторлор токтомго таасир көрсөтөбү? | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 10-11-§ Жарандардын Конституция жан мыйзамдарда бекемдеп коюлган укук жана эркиндиктерине каршы кылмыштар

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Инсандын азаттыгы, аброю жана кадыр-баркына каршы кылмыштар.
- Кат жазышуулар, телефондо сүйлөшүү, телеграф кабары же башка кабарлардын сыр сакталуу тартиби.
- Жарандардын кайрылуулары жөнүндөгү мыйзам документтерин бузуунун укуктук натыйжасы.









Инсандын азаттыгы, аброю жана кадыр-баркына каршы кылмыштарга:

- киши соодасы;
- аялды күйөөгө чыгууга мажбурлоо же анын күйөөгө чыгышына тоскоол болуу;
- киши уурдоо;
- зордук иштетип, мыйзамга каршы түрдө эркиндигинен ажыратуу;
- жалаа;
- акарат кылуу кирет.

Бул кылмыштардын объекти болуп инсандын азаттыгы, аброю жана кадыр-баркы эсептелет. Кылмыштар 16 жашка толгон акыл-эстүү инсан тарабынан тике атайы ишке ашырылат.

Киши соодасы бүгүнкү күндө эң глобалдуу көйгөйлөрдөн бирине айланып үлгүрдү. Киши соодасы адамды алуу-сатуу же андан пайдалануу максатында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Адамдарды эксплуатацијалоо – башка адамдардан өзүнүн каалоосу боюнча пайдалануу же зордуктоонун башка түрлөрү, мажбурланган эмгек же кызматтар, кулчулук жана ушуга окшош салттар, эркинен ажыратуу же кишинин мүчөлөрүн ажыратып алуу эсептелет.

жалдоо, ташуу, тапшыруу, жашыруу же кабыл алууда көрүнөт. Мында кылмыш адамдарды уурдоо, зордук иштетүү же зордук иштетүү менен коркутуу же мажбурлоонун башка формаларын колдоо аркылуу ишке ашырылат.

Кылмыш инсандын өмүрү жана ден соолугу колтийгистигин камсыздоочу социалдык мамилелерге карата жасалат. Кылмыш баюу жана башка арам ойлуу максаттарда алдоо жолу менен киши соодасын ишке ашырууда көрүнөт.

Киши соодасына адамдын алды-саттысы, б. а. сатуучу тарабынан аны белгилүү сандагы акча же башка мүлктүк эквиваленттин эсебине башка адамдын карамагына тапшыруу кирет.

## Аялды күйөөгө чыгууга мажбурлоо же анын күйөөгө чыгышына тоскоол болуу

Аялды күйөөгө чыгууга же никеде жашоону улантууга мажбурлоо, аялдын макулдугусуз үйлөнүү максатында аны уурдоо, ошондой эле, аялдын күйөөгө чыгышына тоскоол болуу да кылмыш саналат.

«Бардык адамдар мыйзам алдында тең жана эч кандай кемсинтүүлөрсүз мыйзам менен бирдей коргонуу укугуна ээ. Ошого байланыштуу түрдүү кемсинтүүлөргө мыйзам жолу менен тыюу салынууга жана мыйзам бардык адамдарга кандайдыр белги, мисалы, расасы, түсү, жынысы, тили, дини, саясий же башка ишеними, улуттук же социалдык келип чыгышы, мүлктүк абалы, төрөлүшү же башка шарттар боюнча кемсинтүүлөргө каршы тең жана натыйжалуу коргонууну кепилдөөгө тийиш».

**Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пактынын 26-статьясы**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Киши соодасы кылмышы боюнча жабыркоочулардын эксплуатацияжараяны**

- Өндүрүштүк жана айыл чарба жумуштарында пайдалануу
- Үй-тирчилик жумуштарында пайдалануу
- Кайырчылыкка мажбурлоо
- Жасалма энеликке жана бала төрөөгө мажбурлоо
- Аргасыз нике, жыныстык эркиндикке каршы аракеттер
- Адамдын мүчө-органдарын трансплантациялоо

Бул кылмыштын жасалыш жүйөсү кылмышты квалификациялоодо мааниге ээ эмес.

Көптөгөн учурларда кылмыш аялдын ата-энеси, ага-инси, эже-сиңдиси, жакын туугандары, күйөөсү тарабынан жасалат.



Аялды күйөөгө чыгууга же никеде чогуу жашоону улантууга мажбурлоо дегенде, ага карата күч же психикалык зордук иштетилишин түшүнүү зарыл.

## Киши уурдоо

Бул кылмыштын объекти адамдын эркиндиги, башкача айтканда каалаган жерде болуу, каалагандай кийинүү, каалаган нерсесин керектөө жана башка эркиндиктер эсептелет.

Бул кылмышка кодекстин 245-статьясында каралган жагдайлардан тышкары бардык түрдөгү киши уурдоолор кирет.

Адам эркиндигинен ажыраган учурдан баштап кылмыш аягына чыккан, деп эсептелет.



## Зордук иштетип мыйзамга каршы түрдө эркиндигинен ажыратуу

Үйрөнүлүп жаткан кылмыштын объекти жабыркоочунун жеке азаттыгы эсептелет. Кылмыштын объективдүү жагы зордук иштетип мыйзамга каршы түрдө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кишини уурдоо дегенде, адамдын жашырын, ашкере же алдоо же ишеничин өздөштүрүү жолу менен жеке эркиндигинен ажыратылышын түшүнүү зарыл.



Жалаачы бир саатта бир айга тете бүлгүн салат.

**Алишер Навоий**

инсанды аракеттенүү эркиндигинен ажыратуу, жабыркоочуга карата күч же психикалык зордук иштетүү, анын каерде болууну эркин тандоо укугун чектөө сыяктуу кыймыл-аракеттерди жасоодо туюнтулат.

Жабыркоочу эркинен ажыратылган учурдан баштап кылмыш аягына чыккан, деп эсептелет. Бул кылмыш тике атайы опузалоо ниетинде жасалышы менен өзгөчөлөнүп турат.

## Жалаа

Үйрөнүлүп жаткан кылмыш үч бөлүктөн турат. Жалаанын объекти инсандын аброю жана кадыр-баркы эсептелет. Аброй адамдын ички ахлактык кадыр-баркын, адалдыгын, айкөлдүгүн, абийирин, жалпысынан алганда, адамдын руханий жана социалдык сапаттарын белгилеген түшүнүк. Кылмыш жалаанын жалгандыгын билип туруп, башка инсанды шерменде кыла турган жалгандарды таратууда туюнтулат. Анык далилдери көрсөтүлбөгөн жалпы маалыматтарды ашкерелөө жалаа эсептелбейт. Жалганды таратуунун усулу да ар түрдүү, мисалы, оозеки, жазма, кандайдыр сүрөттөлүштөн үзүндү жана у. с. болушу мүмкүн. Кылмыштын жалгандыгы мур-

Ар ким өзүнүн аброю жана кадыр-баркына жасалган кол салуулардан, жеке турмушуна кийлигишүүдөн коргонуу жана турак-жайынын колтийгистиги укугуна ээ.

Эч кимге мыйзамда каралган учурлардан жана тартиптен тышкары бирөөнүн турак-жайына кириши, тинтүү өткөрүшү же аны текшериши, жазуулардын жана телефондо сүйлөшүүлөрдүн сырын ашкерелеши мүмкүн эмес.

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 27-статья**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

датан билинген маалыматтар таратылган учурдан баштап аягына чыккан эсептелет.

## Акараттоо

Акараттоо инсандын аброюн жана кадыр-баркын адепсиздик менен атайы кордоодон турат. Акараттоо оозеки же жазма түрүндө болушу мүмкүн. Инсандын аброюн жана кадыр-баркын адепсиздик менен кордоого каратылган кыймыл-аракет жасалган учурдан баштап кылмыш аягына чыккан эсептелет.

Акараттоо, адатта, тикеден-тике жасалат, бирок жабыркоочу бул жөнүндө кабар табат, деген божомол менен сырттан жасалышы да мүмкүн. Акараттоо ортомчу аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн. Капа кылуу түрдүүчө болушу мүмкүн, бирок алардын бардыгы да акарат боло бербейт. Акарат дайыма белгилүү бир адамга багытталган болот.



Адамдын кадыр-баркы дегенде, көз карашынын деңгээли, акыл-эси, жашоо мүнөзү сыяктуу адамдын объективдүү жактарын мүнөздөгөн оң сапаттарынын жыйнагын түшүнүү зарыл.

## Жарандардын Конституциялык укук жана эркиндиктерине каршы кылмыштар

Жарандардын Конституциялык укук жана эркиндиктерине каршы кылмыштардын курамына

### Чыгармачыл иш



1. Жалаа жана акараттоонун бири-биринен айырмасы эмнеден турат?
2. Төмөнкү жагдайлардan кайсы бирин жалаа, кайсы бирин акарат деп мүнөздөөгө болот?

*А. көпчүлүктүн алдында Г. ысымдуу жолдошун: «Сен кечээ менин уюлдук телефонумдан пайдаланып, кайра бергениң жок. Сен уурусуң!» деп күнөөлөдү. Ал эми Г. болсо өзүн актоо үчүн: «Мен сенин телефонуңду алган жокмун, мага да кечээ ушуга окшош телеофонду белекке беришкен», деп жооп берди.*

*Чындыгында А. өзүнүн телефонун спорт кийиминин чөнтөгүндө калтырган болуп, телефону кубаттулугу аягына чыккандан кийин иштебей калган болчу.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жарандар тең укуктуулугунун бузулушу аларга өз укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн бербестик же алардын өз укуктарын ишке ашырууларына бөгөт салуудан (мисалы: жынысы, расасы, улуту жана у. с. келип чыгып, иштен бошотуу, жашаган жеринде каттоодон өтүүгө, жумушка кабыл алынууга, окууга кирүүгө жол койбостук) турушу мүмкүн.

өлкөбүздүн Конституциясында белгилеп коюлган укуктарды бузуу сыяктуу кылмыштар кирет. Алар:

- жарандардын тең укуктуулугун бузуу;
- жеке өмүргө колтийгистигин бузуу;
- жарандардын турак-жай колтийгистигин бузуу;
- кат жазышуу, телефондо сүйлөшүү, телеграф кабарлары же башка кабарлардын сыр сакталуу тартибин бузуу;
- жеке жана юридикалык адамдардын кайрылуулары жөнүндөгү мыйзам документтерин бузуу;
- дин эркиндигин бузуу;
- шайлоо же референдум уюштуруу, аларды өткөрүү жөнүндөгү мыйзам документтерин бузуу;
- шайлоо укугунун же ишеничтүү өкүлдүн ыйгарым укуктарынын ишке ашышына бөгөт салуу;
- эмгектенүү укугун бузуу;
- авторлук же ойлоп табуучулук укуктарын бузуу.

## Жарандардын тең укуктуулугун бузуу

Бул кылмыштардын объекти болуп жарандардын жеке укук жана эркиндиктери саналат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жарандардын тең укуктуулугун бузуу кылмышы жынысы, расасы, улуту, тили, дини, социалдык келип чыгышы, ишеними, жеке же социалдык ордуна, келип чыгышына карабастан, жарандардын укуктарын бузуу же чектөө, же болбосо жарандарга тикеден-тике жеңилдиктер берүүдө туюнтулат.

## Жарандардын турак-жай колтийгистигин бузуу

Кылмыш тургундардын эркине каршы зордук иштетип, мыйзамга каршы түрдө турак-жайга бастырып кирүүдө туюнтулат.

## Кат жазышуулар, телефондо сүйлөшүү, телеграф же башка кабарлардын сыр сакталуу тартибин бузуу

Кылмыш адамдардын почта-телеграф кабарлары же телефондо сүйлөшүүсүнүн мазмуну менен мыйзамга каршы таанышууда же жарандардын каты, телеграмма, телефакс аркылуу, электрондук почта жана у. с. аркылуу узатылып жаткан маалыматтарды ошол маалымат ээсинин макулдугусуз ашкерелөөдө туюнтулат.

## Жарандардын кайрылуулары жөнүндөгү мыйзам документтерин бузуу

Бул статья жарандардын Өзбекстан Республикасынын Конституциясында белгилеп коюлган даттануу, мамлекеттик бийлик органдары, ишканалары, мекемелери жана коомдук турмуштун башка тармактары ишин эркин сындоо укугун кылмыш укугу тарабынан коргоонун маанилүү каражаты эсептелет.

Кылмыш жарандардын кайрылуулары жөнүндөгү мыйзамды бузууга багытталган ар түрдүү аракеттер болуп, ал жарандардын, коом менен мамле-



Мыйзамга каршы түрдө бастырып кирүү дегенде, күнөөлүү инсандын же турак-жай ээсинин уруксатысыз инсандын турак-жайына ээнбаштык менен бастырып кирүүгө багытталган кыймыл-аракеттердин (мисалы, мыйзамга каршы түрдө көчүрүү, санкциясыз текшерүү өткөрүү, жат адамдын турак-жай аянтына ээнбаштык менен көчүп кирүү жана у. с.) жасалышын түшүнүү зарыл.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кеттин мыйзам менен корголо турган укуктарына олуттуу зыян жеткирүүдө туюнтулат.

## Дин эркиндигин бузуу

Кылмыш диний уюмдардын мыйзамдык ишкердигине же диний салттардын өткөрүлүшүнө бөгөт салууда туюнтулат. Дин эркиндиги – диний ишкердиктин мыйзам чегинде гана ишке ашырылышы.

Бойго жетпеген адамдарды диний уюмдарга тартууга, диний уюмдун ишинде катышууга көндүрүүгө багытталган жазык жасалган учурдан баштап аягына чыккан кылмыш, деп таанылат.

Мыйзамга каршы түрдө диний окууга окутуу дегенде, бойго жетпеген адамдарга алардын, ата-энелеринин же алардын ордун баскан адамдардын каалоо-тилегине каршы дин жөнүндөгү билимдерди сиңдирүүнүн ар түрдүү көрүнүштөрүн түшүнүү зарыл.

### Шайлоо же референдум уюштуруу, аларды өткөрүү жөнүндөгү мыйзам документтерин бузуу

Жарандардын эркин добуш берүү укугу, шайлоо же референдумдарды уюштурууга, өткөрүүнүн белгиленген тартибине каршы аракет же аракетсиздик.

Бардык адамдар үчүн дин эркиндиги кепилденет. Ар бир адам каалаган динге сыйынуу же эч кайсы динге сыйынбастык укугуна ээ. Диний караштарды мажбурлоо менен сиңдирүүгө жол коюлбайт.

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 31-статья**

Өзбекстан Республикасынын жарандары коом жана мамлекеттин иштерин башкарууда тикеден-тике жана өз өкүлдөрү аркылуу катышуу укугуна ээ. Мындай катышуу өзүн-өзү башкаруу, референдум өткөрүү жана мамлекеттик органдарды демократиялык түрдө түзүү, ошондой эле мамлекеттик органдардын иши үстүнөн коомчулук көзөмөлүн өнүктүрүү жана өркүндөтүү жолу менен ишке ашырылат.

**Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 32-статьясынан**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кылмыш:
1) добуш берүүнүн жашырындыгын бузууга;
2) шайлоо же референдум документтерин бурмалоого;
3) шайлоого же кол коюлган барактарга жалган жазууларды киргизүүгө;
4) шайлоо же референдумду уюштуруу, аларды өткөрүү учурунда чогулган добуштарды атайы туура эмес эсептөөгө багытталган кыймыл-аракеттерди жасоодо туюнтулат.

Кылмыш шайлоо же референдумду уюштурууда, аларды өткөрүүдө катышкан мансап адамы, саясий партиялар, жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдарынын өкүлдөрү, демөөрчү топтор, шайлоо комиссиялары же референдум комиссияларынын мүчөлөрү тарабынан жасалышы мүмкүн.





Теңдик өкүм сүргөн жерде кыянат, азгырык сезимдер, кайгы-капа болбойт.

### Шайлоо укугунун же ишеничтүү өкүл ыйгарым укуктарынын ишке ашышына бөгөт салуу

Кылмыш адамдын шайлоо же шайлануу, шайлоо алды үгүтүн жүргүзүү, референдумду өткөрүүдө катышуу сыяктуу Конституциялык укуктарын бузуу-

## Чыгармачыл иш



Өзбекстан Республикасы Кылмыш кодексинин атайын бөлүгүнүн VI-VII главаларында берилген статьяларды оку.

1. Бул кылмыштардын субъекттерин жана субъективдүү жактарын аныкта.
2. Бул кылмыштардын объекттерин жана объективдүү жактарын аныкта.
3. Бул главада каралган кылмыштардын алдын алуу үчүн кандай чаралар көрүү керек деп ойлойсуң?
4. Кылмыш жасабастык үчүн инсандын укуктук аң-сезими же укуктук маданияты жогору болууга тийишпи? Жообуңду негизде.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

да туюнтулат. Кылмыш зордук иштетүү, коркутуу, алдоо же оодуруп алуу жолу менен жарандардын өз шайлоо укуктарын; депутаттыкка же Өзбекстан Республикасынын Президенттигине талапкердин ишеничтүү өкүлдөрүнүн өз ыйгарым укуктарын ишке ашыруусуна бөгөт салууда туюнтулат.



## Эмгектенүү укугун бузуу

Өзбекстан Республикасы Конституциясында жарандардын эмгектенүү укугу кепилденген.

### Чыгармачыл иш



1. Берилген жагдайлардан, адамдын аброю жана кадыр-баркына каршы кылмыштарды ажырат.
2. Өзбекстан Республикасы Кылмыш кодексинин 17-статьясына негизденип, бул кылмыштардын субъекттерин аныкта.
3. Кылмыштар жасалышынын субъективдүү жактарын аныкта

1) Бухара облусу ИИБнүн кызматчылары тарабынан жүргүзүлгөн ыкчам-тергөө иштери учурунда Бухара шаары, Гүлшанабад АЖЖда жашоочу, 1969-жылы туулган, мурда соттолгон Ф. Нажмеддинова Каган шаары, Истиклол МЖЖда жашоочу жаран Н. Г. жана Шафиркон району, Калмакон АЖЖда жашоочу, мурда соттолгон Г. Й.ларды Тайланд мамлекетине денесин сатуу жолу аркылуу жеңил киреше табуу мүмкүндүгүн билдирген түрдө кызыктырып, чет өлкөгө чыгуу үчүн кылына турган сарптарды, б. а. ал жерде жеп-ичүү жана ижарада туруу сарптарынын бардыгын өзү мойнуна алышын билдирген.

2) Райондун өкүлчүлүк органдарына шайлоо алды үгүттөө иштерин жүргүзүп жаткан Н.дин ишеничтүү өкүлдөрү Гүлабад мааласиндеги жарандарга Н.га добуш берүүлөрү үчүн мааланин калкына ар түрдүү азык-түлүк продуктуларын таратышкан. Райондун өкүлчүлүк органына өзүнүн кандидатурасын койгон Х. болсо Н.нын бул аракеттеринен наразы болуп, сотко даттанды.

3) Бойго жетпеген адамдар Интернет тармагына классташтары жөнүндө жалган маалыматтарды жайлаштырып, аларга руханий зыян жеткиришкен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Негизги Мыйзамдын 37-статьясында: «Ар бир адам эмгектенүү, эркин кесип тандоо, адилеттүү эмгек шарттарында эмгектенүү жана мыйзамда каралган тартипте жумушсуздуктан коргонуу укугуна ээ», деп белгилеп коюлган.

Бул кылмыштын объекти жарандардын Конституция менен кепилденген эмгектенүү укугу эсептелет. Кылмыштын субъекти жумушка кабыл алуу же жумуштан бошотуу укугуна ээ адам болушу мүмкүн.

## Авторлук же ойлоп табуучулук укуктарын бузуу

Жарандын интеллектуалдык мүлкүн коргоо боюнча Конституциялык укугу, алсак, авторлук же ойлоп табуучулук укугунун бузулушу саналат.

Кылмыш авторлук укугун өздөштүрүп алууда, авторлоштукка мажбурлоодо, акыл мүлкүнүн объекттери жөнүндөгү маалыматтарды алар расмий каттоодон өткөнгө же жарыяланганга чейин автордун макулдугусуз ашкерелөөдө туюнтулат.

### Суроо жана тапшырмалар

1. Жарандардын турак-жай колтийгистигин бузгандык үчүн жоопкерчиликке тартуунун шарттары эмнелерде туюнтулат?
2. Жарандардын жеке өмүрү жөнүндөгү маалыматты таратуу кылмыштык жоопкерчиликке негиз болобу? Пикириңди негизде.
3. Шайлоо укугун же ишенимтүү өкүлдүн ыйгарым укуктарын ишке ашырууга бөгөт салуунун аракеттери эмнелерде туюнтулат?
4. Бойго жетпеген 16 жаштагы адам бирөөнүн катын сурабастан окугандыгы жана анын мазмунун досторуна айтып бергендиги үчүн жоопкерчилик пайда болобу?

Ар бир адамга илимий жана техникалык чыгармачылык эркиндиги, маданияттын жетишкендиктеринен пайдалануу укугу кепилденет. Мамлекет коомдун маданий, илимий жана техникалык өнүгүшүнө кам көрөт.

**Өзбекстан Республикасы Конституциясы 42-статьясынан**





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 12-§ Үй-бүлөгө, жаштарга жана ахлакка каршы кылмыштар



**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**



- Бойго жетпеген же эмгекке жараксыз адамдарды материалдык камсыздоодон баш тартуу.
- Ата-энени материалдык камсыздоодон баш тартуу.
- Бойго жетпеген адамды социалдык эмес кыймыл-аракеттерге тартуу.



Ата-энелер өз перзентерин бойго жеткенге чейин багууга жана тарбиялоого милдеттүү.

**Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 64-статьясынан**

## Бойго жетпеген же эмгекке жараксыз адамдарды материалдык камсыздоодон баш тартуу

Бул кылмыштын объекти бойго жетпеген же эмгекке жараксыз адамдардын кызыкчылыктары, б. а. алардын ден соолугу, нормалду өнүгүшү жана соттун чечүүчү токтому менен акча алуу укугуна ээ адамдардын материалдык камсыздалышы эсептелет.

Кылмыш соттун чечүүчү токтому менен материалдык жардамга муктаж болгон бойго жетпеген жана эмгекке жараксыз адамдарды багуу үчүн өндүрүлчү каражаттарды бардыгы болуп үч айдан көп мөөнөттө төлөбөстүктө туюнтулат.

Соттун мыйзамдык күчкө кирген чечүүчү токтому менен материалдык жардамга муктаж болгон бойго жетпеген же эмгекке жараксыз адамдарды багуу үчүн өндүрүлүшү керек болгон каражат бардыгы болуп үч ай бою төлөнбөгөн учурда кылмыш аягына чыккан деп эсептелет. Кылмыш атайы жасалат.

Бул кылмыштын субъекти соттун чечүүчү токтому менен материалдык жардамга муктаж бойго жетпеген же эмгекке жараксыз адамдарды матери-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**122-статья. Бойго жетпеген же эмгекке жараксыз адамдарды материалдык камсыздоодон баш тартуу**

Материалдык жардамга муктаж болгон бойго жетпеген же эмгекке жараксыз адамды материалдык камсыздоодон баш тартуу, б. а. аны материалдык жактан камсыздоо үчүн соттун чечүүчү токтому менен өндүрүлүүгө тийиш болгон каражатты бардыгы болуп үч айдан ашуун мөөнөт төлөбөстүк, эң аз айлык эмгек акынын элүү эсесине чейин санда жазапул же үч жүз саатка чейин мажбурлоо коомдук иштери же эки жылга чейин ахлак түзөтүү иштери же бир жылга чейин эркиндикти чектөө же бир жылга чейин эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат.

Ошол жазык кооптуу рецидивист тарабынан жасалган болсо, үч жүз сааттан үч жүз алтымыш саатка чейин мажбурлоо коомдук иштери же эки жылдан үч жылга чейин ахлак түзөтүү иштери же бир жылдан үч жылга чейин эркиндикти чектөө же үч жылга чейин эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат.

**Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодекси**

алдык камсыздоо милдети жүктөлгөн 18 жашка толгон, акыл-эстүү ар кандай адам (ата-энелер, перзенттикке алуучулар) болушу мүмкүн. Жеке ата-энелик укугунан ажыратуу алименттерди төлөөдөн бошотпойт.



Ата-эне бойго жеткен эмгекке жараксыз, жардамга муктаж балдарына камсыздоого тийиш.

**Өзбекстан Республикасынын Үй-бүлө кодекси, 100-статьясы, биринчи бөлүк**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бойго жеткен, эмгекке жарактуу перзенттер өздөрүнүн ата-энелери жөнүндө кам көрүүгө милдеттүү.

**Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 66-статьясынан**

## Ата-энени материалдык камсыздоодон баш тартуу

Соттун чечүүчү токтому менен эмгекке жараксыз жана материалдык жардамга муктаж болгон ата-энени же алардын ордун басуучу адамдарды материалдык камсыздоо үчүн өндүрүлчү каражаттын бойго жеткен адамдар тарабынан бардыгы болуп үч айдан ашуун мөөнөт төлөнбөстүгүндө туюнтулат.

Кылмыш тике атайы жасалат. Кылмыштын жасалыш жүйөсү жана көздөлгөн максат аны квалификациялоодо мааниге ээ болбойт.

Кылмыштын субъекти соттун чечүүчү токтому менен ата-энелерин же алардын ордун басуучу адамдарды материалдык камсыздоо милдети жүктөлгөн бойго жеткен өзүнүн перзенттери, перзенттикке алынган уул жана кыздар, өгөй уул жана кыздар болушу мүмкүн.

Ата-энелер – 55 жашка толгон аялдар, 60 жашка толгон эркектер, ошондой эле I жана II группа майыптары эмгекке жараксыз адамдар эсептелет.

**123-статья. Ата-энени материалдык камсыздоодон баш тартуу**

Бойго жеткен адамдардын эмгекке жараксыз жана материалдык жардамга муктаж болгон ата-энени же алардын ордун басуучу адамдарды материалдык камсыздоодон баш тартышы, б. а. аларды материалдык жактан камсыздоо үчүн соттун чечүүчү токтому менен өндүрүлүүгө тийиш болгон каражатты бардыгы болуп болуп үч айдан ашуун мөөнөт төлөбөстүгү, — эң аз айлык эмгек акынын элүү эсесине чейин санда жазапул же үч жүз алтымыш саатка чейин мажбурлоо коомдук иштери же үч жылга чейин ахлак түзөтүү иштери менен жазаланат.

**Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодекси**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Бойго жетпеген адамды социалдык эмес кыймыл-аракеттерге тартуу

Бул кылмыштын объекти бойго жетпеген адамдын нормалдуу, ахлактык өнүгүшү, анын ден соолугу, жамаатык коопсуздугу жана тартиби эсептелет.

Бойго жетпегендерди алкоголь ичимдиктерин ичүүгө, банги же психотроптук эсептелбеген, бирок адамдын аң-сезимине таасир көрсөткөн каражат жана заттарды керектөөгө тартуу дегенде, бойго жеткен адамды жогоруда аталган ичимдик, каражат жана заттарды бир нече жолу керектөөгө үйрөтүү же алардын бойго жетпегендер үчүн бир нече жолу алынышы жана бойго жетпеген адамды алдоо, сыйлоо, көндүрүү сыяктуу жолдор менен ошол предметтерди керектөөгө көндүрүүгө багытталган аракеттерди түшүнүү зарыл.

Бойго жетпеген адамды кылмышка тартуу дегенде бойго жетпеген адамга карата күч колдонуу же ага психикалык басым жасоо, коркутуу, акча берип көндүрүү, алдоо, өч алуу, көрө албастык, кызгануу сезимдерин жана башка терс ойлорду козготуу, кылмыш жасоону сунуштоо, уурдалган нерселерди сатып







Тилемчилик кылуу дегенде, бойго жетпеген адамды жат адамдардан акча, тамак-аш, кийим-кече жана башка у. с. тиленип, сурап алууга тартууну түшүнүү зарыл.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алуу же сатып берүүнү убада кылуу, кылмыш жасоонун жери жана усулдарын же кылмыштын издерин жашыруу жөнүндө кеңеш берүү жолу менен анын бир же бир нече кылмыштардын жасалышында катышуу ниетин көкүтүүгө багытталган аракеттер жана кылмышты жасоого көндүрүү максатында бойго жетпеген адамдар менен алкоголь ичимдиктерин ичүүнү түшүнүү зарыл.

**127-статья. Бойго жетпеген адамды социалдык эмес кыймыл-аракеттерге тартуу**

Бойго жетпеген адамды кайырчылыкка, алкоголь ичимдиктерин ичүүгө, банги же психотроптук эсептелбеген, бирок адамдын аң-сезимине таасир көрсөткөн каражат жана заттарды керектөөгө тартуу, мындай аракеттер үчүн административдик жаза колдонулгандан кийин жасалган болсо, — эң аз айлык эмгек акынын жүз эсесинен эки жүз эсесине чейин санда жазапул же үч жүз алтымыш саатка чейин мажбурлоо коомдук иштери же эки жылга чейин ахлак түзөтүү иштери же бир жылдан үч жылга чейин эркиндикти чектөө же үч жылга чейин эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат.

Бойго жетпеген адамды банги каражаттары же психотроптук заттарды керектөөгө тартуу — үч жүз алтымыш сааттан төрт жүз сексен саатка чейин мажбурлоо коомдук иштери же үч жылдан беш жылга чейин эркиндикти чектөө же үч жылдан беш жылга чейин эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат.

Бойго жетпеген адамды кылмыш жасоого тартуу, ошондой эле ушул статьянын экинчи бөлүгүндө каралган аракеттер:

а) мурда банги каражаттарын же психотроптук заттарды мыйзамга каршы түрдө сатууга чыгаруу менен байланыштуу ар кандай кылмышты жасаган адам тарабынан;

б) эки же андан ашуун бойго жетпеген адамга карата;

в) окуу жайларында же окуучу, студенттер окуу-тарбия, спорт же коомдук иш-чараларды өткөрө турган башка жерлерде жасалышы — беш жылдан он жылга чейин эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат.

**Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодекси**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Уксаң эгер ата-энеңдин насаатын,
Бакыт коштойт сени ар дайым.
Атаңды, энеңди кубанткан маалың,
Үгүттөр тилегиңди берет ар дайым.

**Юсуф Хас Хажиб**

Кылмыш тике атайы жасалат, башкача айтканда күнөөлүү бойго жетпеген адамды социалдык эмес кыймыл-аракетке тартып жатканын билет жана ушундай болушун каалайт. Ошол эле учурда күнөөлүү социалдык эмес кыймыл-аракетке тартылып жактан адамдын бойго жетпегендигин билген учурда гана аны бул статья боюнча кылмыштык жоопкерчиликке тартуу мүмкүн экендигине көңүл буруу керек.

Бул кылмыштын субъекти 18 жашка толгон ар кандай акыл-эстүү инсан болушу мүмкүн.

Жаш баладан пайдаланган түрдө кылмышты жасоо КК 56-статья «ж» пункту менен жазаны оордоштуруучу жагдай деп эсептелет жана жаза дайындоо учурунда сот тарабынан эсепке алынат.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Бойго жетпеген же эмгекке жараксыз адамдарды материалдык камсыздоодон баш тартуу түшүнүгү жана аны жасагандык үчүн кылмыштык жоопкерчилик маселеси кандай болот?
2. Бойго жетпеген же эмгекке жараксыз адамдарды материалдык камсыздоо кылмышынан ата-энени материалдык камсыздоодон баш тартуу кылмышынын айырмасы эмнеден турат?
3. Бойго жетпеген адамды социалдык эмес кыймыл-аракеттерге тартуу дегенде эмнелерди түшүндүң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 13-§ Тынчтык жана коопсуздукка каршы кылмыштар







**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар. Өзбекстан Республикасына каршы кылмыштар.
- Өзбекстан Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнө кол салуунун укуктук натыйжалары.

## Тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар

Өзбекстан Республикасы Кылмыш кодексинин VIII главасы тынчтык жана адамзаттын коопсуздугуна, IX главасы Өзбекстан Республикасына каршы кылмыштар деп аталат. Тынчтык жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштарга согушту үгүттөө, агрессия, согуштун мыйзам жана салттарын бузуу, геноцид, чет өлкөлөрдүн аскер, коопсуздук, полиция, аскердик юстиция органдары же ушуга окшош башка органдарына кызматка кирүү, жалдануу, терроризм, даярдалып жаткан же жасалган террорчулук аракеттер жөнүндөгү маалымат жана фактыларды маалымдабастык, террорчулукту ишке ашыруу максатында даярдыктан өтүү, чыгуу же аракеттенүү, терроризмди каржылоо, улуттук, расалык, этникалык же диний кастыкты козготуулар кирет.

Бул кылмыштардын объекти ар кандай мамлекеттин өнүгүшү жана турмуштук ишкердикти аткаруунун шарты болгон тынчтык, ынтымактуу жашоо жана адамзаттын жашоо укугу эсептелет.

Түркөй адам көзүн жумуп түркөйлүк уйкусуна батат, ой эрктүү март, түркөй болбо, сергек бол.

**Юсуф Хас Хажиб**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Өзбекстан Республикасына каршы кылмыштар

Өзбекстан Республикасына каршы кылмыштарга мекенге чыккынчылык кылуу, Өзбекстан Республикасынын Президентине кол салуу, Өзбекстан Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнө кол салуу, тыңчылык, диверсанттык, мамлекеттин сырларын ашкерелөө, мамлекеттик же аскердик сыр эсептелген документтерди жоготуу сыяктуулар кирет.

Өзбекстан Республикасынын Президентине кол салуу Кылмыш кодексинин «Өзбекстан Республикасына каршы кылмыштар» главасына киргизилгендиги текке эмес, анткени Өзбекстан Республикасынын Президенти жарандардын укук жана эркиндиктерине, Конституция жана мыйзамдарга баш ийилишинин кепили.

Өзбекстан Республикасы Президентинин өмүрү, ден соолугу, аброю жана кадыр-баркы колтийгис. Аны элдин алдында акараттоо же ага жалаа жабуу акарат же жалаа өзгөчөлүгүнө ээ болгон аракеттер жасалган учурдан баштап аягына чыккан кылмыш деп эсептелет.

Кылмыш атайы жасалат. Кылмыштын жүйөсү жана максаты анын квалификациясы үчүн маанилүү эмес.

## Өзбекстан Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнө кол салуу

Өзбекстан Республикасынын Конституциясында «Конституциялык түзүлүш» терминининин колдонулушу заманбап Конституциялык укук илиминде таанылган бул термин көпчүлүк мамлекеттерде кеңири пайдаланылып жаткандыгы менен түшүндүрүлөт.

Конституциялык түзүлүштү мүнөздөөдө өлкөнүн экономикалык абалы, коом мүчөлөрүнүн жашоо мүнөзү жана социалдык абалы, улуттук үрп-адаттар жана баалуулуктардын мазмуну, мамлекеттик

**Чыгармачыл иш**

Берилген сүрөттөрдөгү адамдардын жашоосу жана ишкердиги тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштардын объекти боло алабы?









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бийликтин ролу, башкаруу формасы жана усулдары, адамдын укук жана эркиндиктерине болгон мамиле, жарандык институттарынын өнүгүү деңгээли, элдин саясий-укуктук аң-сезими жана көз карашы сыяктуу факторлор кызмат кылат.

Конституциялык түзүлүш мазмун жагынан Конституцияда белгиленген нормалардын табиятына дал келип, алардын аракетте болушу Конституциялык түзүлүштүн туруктуулугун камсыздайт.

Конституциялык нормалардын негизинде Конституциялык түзүлүш корголот, б. а. мыйзамдар аркылуу бекемдеп коюлган коомдук турмушка тиешелүү бардык социалдык мамилелер үзгүлтүксүз улантылат.

Конституциялык түзүлүштүн укуктук кепили болгон Конституция жана мыйзамдардын үстөмдүгү, аларда адам укук жана эркиндигинин эң жогорку баалуулук иретинде бекемделиши, эл аралык

Мыкты иштердин дагы бир жакшы жери, алар жүрөктү тазалайт жана аны дагы да изги иштерге багыттайт.

**Жан Жак Руссо**

**159-статья. Өзбекстан Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнө кол салуу**

Өзбекстан Республикасынын аракеттеги мамлекеттик түзүлүшүн Конституцияга каршы түрдө өзгөртүүгө, бийликти тартып алууга же мыйзамдуу түрдө шайлап коюлган же дайындалган бийлик өкүлдөрүн бийликтен четтетүүгө же Өзбекстан Республикасынын аймактык бүтүндүгүн Конституцияга каршы түрдө бузууга ачыктан-ачык үгүттөө, ошондой эле, ушундай мазмундагы материалдарды таратуу максатында даярдоо, сактоо же таратуу —

эң аз айлык эмгек акынын алты жүз эсесине чейин санда жазапул же эки жылдан беш жылга чейин эркиндикти чектөө же беш жылга чейин эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат...

**Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодекси**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

укуктун жалпы таанылган нормаларынын кабыл алынышы сыяктуу эрежелер учурда конституционализмдин негизи иретинде каралууда.

Конституциялык нормалардын негизинде Конституциялык түзүлүш коргоого алынат, башкача айтканда, мыйзамдар аркылуу бекемдеп коюлган коомдун турмушуна тиешелүү бардык социалдык мамилелер болуп саналат.

Кылмыш атайы жасалат. Кылмышты жасоодон максат Өзбекстан Республикасынын Конституциялык түзүлүшүн өзгөртүүдөн турат. Кылмыштын жүйөлөрү ар түрдүү болушу мүмкүн, б. а. Конституциялык түзүлүшкө, мыйзам менен шайлап коюлган мамлекеттик ишмерлерге жек көрүү менен кароо жана у. с. Бул аракеттер чет өлкөнүн тапшырмасы менен жасалган учурда, күнөөлүү мамлекетке чыккынчылык кылгандыгы үчүн да жоопкер болот.

Жакшылар жоопкердик менен иш жасоо үчүн мыйзамдарга муктаж болушпайт. Жамандар мыйзамдарга баш ийбестик үчүн жол табышат.

**Платон**

**159-статья. Өзбекстан Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнө кол салуу**

...Бийлик Конституциялык органдарынын мыйзамдык ишкердигине бөгөт салуу же аларды Конституцияда каралбаган жарыш бийлик түзүлүштөрү менен алмаштырууга багытталган зомбулук аракеттери, ошондой эле, мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктуу органдарынын Өзбекстан Конституциясында каралбаган тартипте түзүлгөн бийлик түзүлүштөрүн таратып жиберүү жөнүндөгү токтомдорун белгиленген мөөнөттө аткарбастык — эң аз айлык эмгек акынын эки жүз эсесинен алты жүз эсесине чейин санда жазапул же үч жылдан беш жылга чейин эркиндикти чектөө же үч жылдан беш жылга чейин эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат...

**Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодекси**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бийликти тартып алуу же Өзбекстан Республикасынын Конституциялык түзүлүшүн төңкөрүп салуу үчүн кылмыштык топ түзүлгөн учурдан баштап, кылмыштык максатка жетишүүгө багытталган аракет жасалган же жасалбаганына карабастан, кутум аягына чыккан кылмыш деп эсептелет. Берилген статьяда мамлекет үчүн кооптуу натыйжалардын келип чыгышын жоюу, б. а. бийликти тартып алуу же Конституциялык түзүлүштү төңкөрүп салуунун алдын алуу максатында кутум жөнүндө бийлик органдарына көңүлдүү түрдө кабар берүү стимулдаштырылат.

Тыңчылык, диверсанттык, мамлекеттин сырларын ашкерелөө, мамлекеттик же аскердик сыр эсептелген документтерди жоготуу сыяктуу кылмыштар да өлкөбүздүн Конституциялык түзүлүшүнө каршы кылмыштар түркүмүнө кирет.

Кутум – эки же андан ашуун адамдардын бийликти тартып алуу же Конституциялык түзүлүштү төңкөрүп салууга багытталган кылмыштык аракетти жасоо үчүн өздөрүнүн күчтөрүн бириктирүүгө келишими болуп саналат.

**159-статья. Өзбекстан Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнө кол салуу**

...Ушул статьянын биринчи же экинчи бөлүгүндө каралган жазыктар:

а) кайрадан же кооптуу рецидивист тарабынан;

б) уюшкан топ тарабынан же анын кызыкчылыктарын көздөгөн түрдө жасалган болсо, —

беш жылдан он жылга чейин эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат.

Бийликти тартып алуу же Өзбекстан Республикасы Конституциялык түзүлүшүн төңкөрүп салуу максатында кутум уюштуруу —

кутум жөнүндө бийлик органдарына көңүлдүү түрдө кабар берген адам, эгерде, көрүлгөн чаралардын натыйжасында кутумдун алды алынган болсо, жазадан бошотулат.

**Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодекси**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Мындай элди жеңүүгө болбойт»

Франц Кафка:

— Кандай китепти окуп жатасыз?

— «Ташкент — нан шаары»…

— Укмуш китеп. Жакында мен аны бир түнү окуп чыктым.

— Менин оюмча, бул китеп чыгармага караганда көбүрөөк документке окшойт.

— Ар кандай чыныгы чыгарма — документ, күбөлүк. Мындай балдары бар элди, куду ушул китептеги сыяктуу, жеңүүгө болбойт.

— Бирок сөз, албетте, санда болбоого тийиш.

— Тескерисинче! Материянын көрүнүшү атомдогу электрондордун саны менен белгиленет. Массанын деңгээли саналуу адамдардын аң-сезиминен көз каранды.

*Чехиялык музыкант жана адабиятчы Густав Яноухтун «Кафка менен маектеринен» тандалган айрым үзүндү.*

## Суроо жана тапшырмалар

1. Жогоруда берилген тексттеги «Мындай балдары бар элди, куду ушул китептеги сыяктуу, жеңүүгө болбойт», сөздөрүн түшүндүрүп көр. Пикириңди кең пейилдик, гумандуулук, айкөлдүк, боорукердик сыяктуу түшүнүктөр аркылуу түшүндүр.
2. Мамлекетке чыккынчылык кылуу эмнелерде туюнтулат?
3. Конституциялык түзүлүшкө кол салуу дегенде эмнени түшүндүң?
4. Тынчтыкты асыроодо сенин кандай үлүшүң бар?
5. Өзбекстан Республикасына каршы кылмыштар дегенде эмнени түшүндүң? Кылмыш үчүн кандай жаза белгиленген?
6. Тынчтыкка жана адамзатка каршы кылмыштар кандай жасалат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 14-§ Экономика жаатындагы кылмыштар

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Бирөөлөрдүн мүлкүн талап-тоноо. Жасалма ишкердик.
- Салык же башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн баш тартуу.
- Электр, жылуулук энергиясы, газ, суудан пайдалануу эрежелерин бузуу.

Мүлк – мүлккө ээлик кылуу, андан пайдалануу жана аны башкаруу боюнча мүлктүн ээси менен коомдун башка мүчөлөрүнүн (мүлк ээси болбогондордун) ортосунда пайда болгон уктук мамиле болуп саналат.

Өзбекстан Республикасынын Конституциясында базар мамилелерин өнүктүрүүгө багытталган Өзбекстан экономикасынын негизин түрдүү формалардагы мүлк түзүшү жана мамлекет керектөөчүлөр укугунун үстөмдүгүн эсепке алып, экономикалык ишкердик жана эмгектенүү эркиндигин, бардык мүлк формаларынын тең уктуулугун жана уктук жактан тең корголушун кепилдеши баса белгиленет. Ошону менен бирге менчик мүлк башка мүлк формалары сыяктуу колтийгис жана мамлекеттин коргоосунда деп белгилеп коюлган. Демек, бирөөнүн

**Чыгармачыл иш**

1. Өлкөбүз экономикасынын негизин түрдүү формалардагы мүлк түзөт. Мүлк колтийгис эсептелет жана мамлекет тарабынан корголот, ага карата ар кандай кол салуу мыйзамга каршы саналат. Бул эреже Өзбекстан Республикасы Конституциясынын кайсы статьясында бекемделгенин аныкта.
2. Өзбекстан Республикасы Кылмыш кодексинин X, XI, XII, XIII, XII1 главаларын кунт коюп оку. Главада берилген экономикага тиешелүү кылмыштарды түркүмдөргө ажырат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Чыгармачыл иш**

1. «Мүлк колтийгис жана ал мамлекет тарабынан коргоого алынат, ага жасалган ар кандай кол салуу мыйзамга каршы деп эсептелет». Бул сүйлөмдү түшүндүрүп бер.
2. Берилген сүрөттөргө кунт коюп карап, мүлктүн формаларын ажырат. Алардан кайсылары адамдарга таандык болушу мүмкүн? Ал эми кайсылары мамлекеттики?
3. Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 7-статьясында берилген эрежеге негизделип, бул мүлктөрдүн кайсыларын элдик мүлк деп айтууга болот? Пикириңди негизде.







мүлкүнө кол салуу мыйзам чегинде жоопкерчиликке тартууга негиз болушу мүмкүн.

Экономика жаатындагы кылмыштарга бирөөлөрдүн мүлкүн талап-тоноо, бирөөлөрдүн мүлкүн талап-тоноого тиешеси жок кылмыштар, экономиканын негиздерине каршы кылмыштар, чарбалык ишкердик жаатындагы кылмыштар, ишкердикке бөгөт салуу, мыйзамга каршы түрдө кийлигишүү менен байланыштуу кылмыштар жана чарба жүргүзүүчү субъекттердин укук жана мыйзамдык кызыкчылыктарына кол салган башка кылмыштар кирет.

**Бирөөлөрдүн мүлкүн талап-тоноо.** ***Талап-тоноо*** – бирөөнүн мүлкүн өзүнүн же башка адамдардын пайдасы үчүн, мүлк ээсине же ушул мүлктүн башка ээсине зыян жеткирип, мыйзамга каршы жана акы төлөбөй өндүрүү.

***Объективдүү жактан талап-тоноо*** бирөөнүн мүлкүн мыйзамга каршы түрдө, акысыз өзү же башка адамдын пайдасы үчүн алууда туюнтулат.

Өзбекстан Республикасынын кылмыш жөнүндөгү мыйзамдары талап-тоноо менен байланыштуу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Канаат – арам менен адалдын чек арасын белгилей турган абийир казысы.

**Накыл сөз**

**Талап-тоно-онун жашы-рындыгы** де-генде, кылмыш мүлктүн ээсине же мүлк ишенип тапшырылган же карамагында турган адамга сездирбей же мүлктүн ээси же мүлктүн талап-тонолу-шунан пайда көрбөгөн баш-ка адамдар жок учурда жасалышын түшүнөбүз.

кылмыштарга жоопкерчиликти белгилөөдө, ал кайсы усулда жасалгандыгы менен ажыратылат. Мисалы, баскынчылык, алдамчылык, талоончулук, өздөштүрүү же коротуу жолу менен талап-тоноо, алдоо, уурулук. Ар кандай талап-тоноонун зарыл белгиси анын укукка сыйбастыгы болуп саналат.

Бирөөнүн мүлкүн талап-тоноонун аягына чыккан учуру талап-тоноонун формасынан көз каранды.

Талап-тоноо субъективдүүлүк жагынан тике атайы жасалат. Жүйөсү – дүйнөкордук.

Талап-тоноонун субъекти мамилеге жарактуу жана мыйзамда каралган жашка толгон ар кандай инсан эсептелет.

Баскынчылыктын социалдык кооптуулугу, эң мурда, кылмыш жасалганда жабыркоочулардын өмүрү же ден соолугуна да зыян жеткирилет же мындай зыян жеткирилиши үчүн реалдуу коркунуч туулат жана бирөөнүн мүлкү ээлеп алынат.

Объективдүүлүк жагынан баскынчылык бирөөнүн мүлкүн талап-тоноо максатында анын ээленишине каршылык көрсөткөн адамдын өмүрү же ден соолугу үчүн кооптуу болгон күч иштетүү же күч иштетүү менен коркутуп, кол салууда туюнтулат. Баскынчылыктын объекти бирөөнүн мүлкү, жарандардын өмүрү жана ден соолугу болуп саналат.

Алдамчылык мүлккө каршы арам ойлуу кылмыштардан бири эсептелет. Алдамчылыктын социалдык кооптуулук өзгөчөлүгү анын мүлкчүлүккө гана эмес, ошондой эле мүлкчүлүк кызыкчылыктарынын өз алдынча формасы иретинде көрүнүшүндө, башка (милдет жүктөөчү, мурас болуп өтүүчү, турак-жай сыяктуу) мүлктүк мамилелерге да кол салуудан турат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Объективдүүлүк жагынан алдамчылык күнөөлүүнүн мүлк ээсинен мыйзамга каршы түрдө өзүнө же ал көрсөткөн адамдарга белгилүү мүлктү, мүлккө болгон укукту тапшырууну, алардын пайдасына белгилүү мүлктүк багыттагы аракеттерди жасоону талап кылууда туюнтулат.

Талоончулуктун социалдык кооптуулугу – мында кылмышкер мүлккө кол салууну ачыктан-ачык, ошону менен бирге орнотулган тартипти, укуктук жана ахлактык эрежелерди жана коомдук баалуулуктарды тоотпой ишке ашырат.

Объективдүүлүк жагынан талоончулук бирөөнүн мүлкүн ашкере талап-тоноодо туюнтулат.

Бирөөнүн мүлкүн жашырын түрдө талап-тоноо же уурулук экономика жаатында кеңири таралган кылмыштардан бири саналат.

Объективдүүлүк жагынан уурулук бирөөнүн мүлкүн жашырын түрдө талап-тоноодо туюнтулат.

Жасалма ишкердикке уставында каралган ишти аткаруу максатын көздөбөстөн ссуда, кредит алуу, пайданы (кирешени) салыктардан бошотуу (салыктарды азайтуу) же башкача мүлктүк пайда табуу максатында ишканалар жана башка ишкердик уюмдарын түзүү кирет.

Субъективдүүлүк жагынан кылмыш тике атайы гана жасалат.

Бирөөнүн мүлкү дегенде, күнөөлүүгө мыйзамдуу түрдө таандык болбогон мүлктү түшүнөбүз. Укукка каршы чыгуу (мыйзамдуулукка каршы чыгуу) – ээленип жаткан мүлккө карата эч кандай укугу болбогон күнөөлүү инсан тарабынан бул мүлктүн ээлениши.

**Чыгармачыл иш**

Бирөөнүн мүлкүн талап-тоноо, баскынчылык, алдамчылык, талоончулук, уурулук кылмыштарынын социалдык кооптуулук деңгээлин аныктап көр. Мында Өзбекстан Республикасы Кылмыш кодексинин 15-статьясынын эрежелерине кайрыл.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жалган банкроттук кылмышы да тике атайы жасалат. Бул кылмыш чарба жүргүзүүчү субъекттин өзүнүн милдеттерин экономикалык жактан аткара албастыгын билип туруп, чындыкка жатпаган жарнак бериш аркылуу кредиторлорго көп санда зыян жеткириши менен туюнтулат.

Салык же башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн баш тартуу кылмышы пайда (киреше) же салыкка тартылчу башка объекттерди атайы жашырууда, азайтып көрсөтүүдө, ошондой эле мамлекет тарабынан белгиленген салыктарды же башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн атайы баш тартууда туюнтулат. Кылмыш тике атайы жасалат.

Электр, жылуулук, газ же суудан пайдалануу эрежелерин бузуу кылмышы жалпы пайдалануудагы электр, жылуулук, газ же суу менен камсыздоо тармактарына ээнбаштык менен улануу же электр, жылуулук энергиясы, табигый газ, муздак же ысык сууну эсепке алуу аспаптарына, ошонун катарында, алардын пломбаларына атайы зыян жеткирүү, алардын көрсөткүчтөрүн өзгөртүү максатында тыштан кийлигишүүдө туюнтулат. Кылмыш тике атайы жасалат.

**Чыгармачыл иш**

**Текстти окуп, ой жүгүрт жана пикир билдир.**

1. А. ысымдуу адам электр эсептегичти арт жакка жылдырып койду.
2. Г. ысымдуу адам көчөнүн жээгинен өткөн газ түтүгүнө жашырын уланып, жылууканасын ысыта баштады.

Дүйнөкордук талап-тоноонун керектүү белгиси эсептелет. Дүйнөкордук – бул өзү үчүн же башка адамдар үчүн материалдык кызыкчылыкты пайда кылуу.

Адамдын эң чоң душманы — бул анын напсиси.

**Накыл сөз**

**Чыгармачыл иш**

Өзбекстан Республикасынын Салык кодексинен өлкөбүздүн аймагында кандай жалпы мамлекеттик, жергиликтүү салыктар жана жыйымдар бар экендигин аныкта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

Ой жүгүрт.
1. Текстти оку жана пикир билдир.
2. Текстке тема кой.
3. Сен аңгеме катышуучуларынын ордунда болгонуңда, кандай жол тутмаксың?
4. Мектебиңде зарылчылыксыз жанып турган электр чырагын өчүргөн же ичилүүчү сууну токтоткон учуруң болгонбу?

*Самаркандга кызмат сапары менен жолго чыктык. Айдоочу машинаны 100-120 км/саат ылдамдыкта айдай баштады. Арткы орундукта отурган, 60 жаштарды каралаган аксакал: «Уулум, машинаны ылдамдыгын ашыруу шарт эмес, Самарканд эч жерге кетпейт, ордунда тура берет», деди. Машинанын айдоочусу болсо аксакалдын сөзүнөн наараазы болгондой түрдө карап койду да, ылдамдыкты азайтырды.*

*Жолдо тамактанууга токтодук. Чайканага кириште колубузду жуудук, бирок кол жуугучтун чоргосу бузуктугу себептүү сууну токтото албадык. Баягы жолдошубуз чоргону оңдоого киришип кетти. Биз жеңил тамактанып үлгүрсөк да, аксакал суунун чоргосун оңдоо менен алектенет. Бардыгы машинага барып отурду, бирок аксакал дагы эле чоргону оңдогонду койгон жок. Айдоочу сабырсызданды, шекилдүү, жүкканадан кандайдыр темир-терсектерди алып, аксакалдын алдына барды. Биз да ал кишиге жардам берүү үчүн машинадан түштүк.*

*Акыры, кол жуугучтун чоргосу оңдолду. Аксакал ыраазы болуп: «Мына эми суу коромжу болбойт», деп жылмаюу менен бизге бурулду. Биз кайра жолубузду улантtык.*

Табигый газ жана электр энергиясы маанилүү материалдык техникалык ресурстардын стратегиялык түрлөрү эсептелет.

Жалпы пайдалануудагы электр, жылуулук, газ же суу менен камсыздоо тармактарына ээнбаштык менен, б. а. мыйзамда орнотулган тартиптин негизинде ыйгарым укуктуу органдын уруксатысыз улануу социалдык жактан коoптуу эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Суроо жана тапшырмалар

1. Берилген жагдайларды иликте. Алардын окшош жана өзүнө мүнөздүү жактарын аныкта.
2. Берилген жагдайдагы кылмыштардын белгилерин, объекти менен субъектин, объективдүү жана субъективдүү жактарын аныкта.
3. Бул окуялардын коомдун өнүгүшүнө кандай таасири бар? Алардын алдын алууга болот беле?

А) Денав районунун «Улуу жибек жолу» мааласинин тургуну А. С. арыз менен укукту коргоо органдарына кайрылып, колледждин мугалими Ж. М. аны 2000 АКШ долларына Россиядагы университеттердин бирине окууга өткөрүп коюуга убада бергенин баяндайт.

Б) Термез шаардык ИИБ кезекчилик бөлүгүнө шаардагы базарлардын бириндеги соода дүкөнүнө бейтааныш бир кыз кирип, өзүн кардардай кармаганы жана эч ким байкоо жүргүзбөй жатканына ишеним пайда кылгандан кийин, прилавкада турган 295 000 сумдук 3 даана аялдардын көйнөгүн уурдап кеткендиги жөнүндө кабар келип түшөт.

В) Түнкү саат төрт жарымдар чамасында Фергана облусунун Коштөбө районунда бетине беткап кийген үч белгисиз адам бычак менен куралданган түрдө, Жаңыарык маала жарандар жыйыны аймагындагы үйлөрдүн бирине дубалдан ашып түшүп, үйдүн ээси Г. Й. менен анын жубайы С. Й. уктап жаткан бөлмөгө бастырып кирет.

Үй ээлери ойгонуп калганда Г. Й.ны уруп, денесине зыян жеткиришет. С. Й. менен анын кызы М. Й.нын кол-буттарын аркан менен байлап, сандыктан 10 млн сум акча жана 1,5 миң АКШ долларына тете зергердик буюмдарын алып кетишкен.

*Булак: Өзбекстан Республикасы ИИМнин Басма сөз кызматы*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 15-§ Башкаруу тартибине каршы кылмыштар



**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Коррупция жана анын белгилери.
- Коррупцияга алып келген жагдайлар: пара алуу жана берүү, пара алуу жана берүүдө ортомчулук кылуу.

Негизги Мыйзамыбыз Конституциялык түзүлүштүн негиздерин бекемдеген түрдө Өзбекстан Республикасында мамлекеттик бийлик Президент, Олий Мажлис, Министрлер Кабинети жана республика соттору тарабынан ишке ашырылышын белгилеп берген. Мамлекеттик бийликтин жогорку органдары болсо жерлердеги бийлик органдарын калыптандырат.

Өзбекстанда мамлекеттик бийлик бийликтин мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот тармактарына бөлүнгөн түрдө ишке ашырылат.

Мамлекеттик бийлик органдары мансап адамдарынан тышкары мүлкчүлүк формасына карабастан ишкана, мекеме жана уюмдарда иштеп жаткан мансап адамдарынын кыймыл-аракеттерин да кылмыштык жагдайдан көзөмөлгө алат.

Ишкана, мекеме жана уюмдардагы мансап адамдарынын ишкердиги башкаруу функциясы берип коюлган ички органдар чегинде да жүргүзүлөт.

Бийлик же мансап ыйгарым укугун өздөштүрүү кылмышынын объекти болуп мамлекеттик бийлик, башкаруу жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын нормалдуу иш жүргүзүшүн камсыздаган социалдык мамилелер, жарандардын укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары эсептелет.



**Бийлик** дегенде, белгилүү каражаттар – эрк, аброй, укук, мажбурлоо, саясий үстөмдүк, мамлекеттик органдар системасы аркылуу адамдардын жашоосуна, жүрүм-турумуна таасир көрсөтүү жөндөмүн жана мүмкүнчүлүгүн түшүнөбүз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бийликти же мансап ыйгарым укугун өздөштүрүү, башкача айтканда мамлекеттик орган, мамлекеттин катышуусундагы уюм же жарандардын өзүн-өзү башкаруу органы мансап адамынын өзүнүн ыйгарым укуктарынан атайы пайдаланышы жарандардын укуктарына же мыйзам менен корголо турган кызыкчылыктарына, мамлекеттин же жамаатын кызыкчылыктарына зыян жеткирүү болуп саналат.

Кылмыш объективдүүлүк жагынан төмөнкү үч белгиден турат:

- адамдын өзүнүн мансап ыйгарым укугунан пайдаланышы көрүнүшүндөгү жазык;
- жарандардын укук же мыйзам менен корголо турган кызыкчылыктарына, мамлекеттин же жамааттын кызыкчылыктарына көп санда зыян же олуттуу зыян жеткирүү формасындагы кылмыштык натыйжалар;
- жазык менен алынган кылмыштык натыйжалардын ортосунда себептик байланыштын бар экендиги.

Мансап адамынын өзүнүн мансап ыйгарым укугунан пайдаланышы эки формада:

- бийлик ыйгарым укугун;
- мансап ыйгарым укугун өздөштүрүү формаларында көрүнөт.

Бийлик же мансап ыйгарым укугун өздөштүрүүнүн субъективдүү жагы атайы жасалышы менен мүнөздөлөт.

Кылмыштын жүйөлөрү жазыктын укуктук баалнышына жана кылмыштык жоопкерчиликке өз таасирин көрсөтпөйт.

Мансап адамынын мансап ордунан келип чыккан жана ал ээлеген мансабынын ыйгарым укугуна берилген укук жана милдеттерди ишке ашыруу менен байланыштуу, бирок өзүнүн мазмуну жагынан тиешелүү органдын иш жүргүзүшүнөн көздөлгөн максат жана милдеттерге каршы келген аракеттери мансап ыйгарым укугун өздөштүрүү деп мүнөздөлөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Коррупция** – бул коомду ар түрдүү жолдор менен кысымга ала турган эң коркунучтуу илдет. Ал демократияга жана укуктун үстөмдүгү негиздерине зыян жеткирет, адам укуктарынын бузулушуна алып келет, базарлардын ишине тоскоол болот, жашоонун сапатын төмөндөтөт жана адамдардын коопсуздугуна бүлүк салган уюшкан кылмышкердик, терроризм жана башка кубулуштар тамыр атып, өркүндөшү үчүн шарт түзүп берет.

**Бириккен Улуттар Уюмунун Коррупцияга каршы Конвенциясынын алгы сөзүнөн**
**Нью-Йорк, 2004-жыл**

Пара алуу, б. а. мамлекеттик орган, мамлекеттин катышуусундагы уюм же жарандардын өзүн-өзү башкаруу органы мансап адамынын кызмат ордунан пайдаланган түрдө жасашы керек же мүмкүн болгон белгилүү аракетти пара берип жаткан адамдын кызыкчылыктарын көздөп аткарышы же аткарбастыгы эсебине өзү же ортомчу аркылуу мыйзамга каршы экендигин биле туруп, материалдык баалуулуктарды алышында же мүлккө ээ болушунда туюнтулат.

Кылмыш тике атайы жасалат. Коррупция – бийликтин жана башкаруунун негиздерин ураткан, анын калктын алдындагы аброюн төккөн, жарандардын мыйзамдык укук жана кызыкчылыктарына коркунуч салган кооптуу кылмыштык кубулуштун салыштырмалуу көп таралган жана өзүнө мүнөздүү түрү эсептелет.

Кылмыш объекти – мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары ишинин орнотулган тартиби.

Мыйзам бул кылмыш предметин мансап адамынын кызмат ордунан пайдаланган түрдө жасашы керек же мүмкүн болгон белгилүү аракетти пара

Мансап адамынын өзүнүн ээлеген ордунан жарандардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына каршы атайы пайдаланышы бийлик ыйгарым укугун өздөштүрүү деп аталат.

Мамлекеттик бийлик органдарынын нормалдуу ишин бузуу менен күнөөлүү болгон адам мамлекеттик бийликке кол салган эсептелет.

Пара адилетсиздик менен зулумга гана жардам берет.

**Махмуд Замахшарий**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

берген адамдын кызыкчылыктарын көздөп аткарышы же аткарбастыгы эсебине өзү же ортомчу аркылуу мыйзамга каршы экендигин биле туруп, материалдык баалуулуктарды алуу же мүлккө ээ болуу түшүнүлгөн «пара» термини менен белгилейт.

Ар кандай материалдык баалуулуктар: акча, чет өлкө валютасы, баалуу буюмдар, баалуу кагаздар, азык-түлүк же өнөр жай продукциялары жана башкалар пара предмети болушу мүмкүн.

Пара алуунун субъективдүү жагы – тике атайы: күнөөлүү (пара алуучу) материалдык баалуулуктар же мүлктүк пайда ага өзүнүн кызмат ордунан келип чыгып пара берүүчүнүн кызыкчылыгы үчүн кандайдыр аракетти жасоо же жасабастык үчүн пара иретинде берилип жатканын билет жана ушуну каалайт.

Кылмыштын объекти жана предмети пара берүү-пара алуу кылмышы курамынын белгилери менен бирдей.

Кылмыш объективдүүлүк жагынан мансап адамына тикеден-тике, ортомчу аркылуу пара берүүдө туюнтулат.

Пара берүү, мансап адамынын өз кызмат ордунан пайдаланган түрдө жасашы керек же мүмкүн болгон белгилүү аракетти пара берген адамдын кызыкчылыгын көздөп аткарышында же анын мүлк ээси болушунда туюнтулат.

«Жалган ортомчу», б. а. мансап адамына пара берүү зарылдыгын шылтоолоп, башка адамдан пара алган, бирок алдоо жолу менен аны өздөштүргөн адам алдамчылык үчүн жоопкерчиликке тартылат. Пара берген адамдын аракеттери пара берүүгө кутум иретинде квалификацияланат.

Пара берүү аркылуу аракет жасоо же жасабастык үчүн башка адамга пара сунуштаган адам пара берүүчү иретинде жоопкерчиликке тартылат. Паранын эсебине белгилүү аракеттерди аткарууга ке-

Мансап адамынын мансап ордунан келип чыккан жана бул адам ээлеген мансабынын ыйгарым укугуна берилген укук жана милдеттерди ишке ашыруу менен байланыштуу, бирок мазмуну боюнча тиешелүү органдын иш жүргүзүшүнөн көздөлгөн максат жана милдеттерге каршы чыккан аракеттер мансап ыйгарым укугун өздөштүрүү деп мүнөздөлөт.

Пара оңолуп кеткен иштерди бузат, бүтүп жаткан иштерди жокко чыгарат.

**Юсуф Хас Хажиб**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лишкен адам менен параны тапшырган адам пара берүүдө катышуучулар иретинде жоопкерчиликке тартылат.

Пара алуучу жана берүүчүдөн айырмалуу түрдө, ортомчу материалдык баалуулуктар жана башкалардын эсебине өзүнүн кызыкчылыктары жолунда мансап адамы менен бир аракетти аткаруу же аткарбастык үчүн аракет жасабайт, ал пара алуучунун көрсөтмөсү менен гана пара предметин тикеден-тике берет. Пара алуу-берүүнү уюштуруучу адам, үндөөчүлүк же жардамчылык кылып, бир мезгилдин өзүндө ортомчулук кылса, пара берүү же алууда шериктештик кылгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылат.

Субъективдүүлүк жагынан кылмыш тике атайы жасалат. Күнөөлүү анын аракеттери пара алуу-берүү жөнүндөгү келишимди аткарууга жана пара алуучу менен берүүчүнүн тапшырмасы боюнча пара берүүгө багытталгандыгын билет жана муну каалайт.

Пара – пара берүүчүнүн кызыкчылыктары үчүн белгилүү аракеттерди жасоо берилген мыйзамга каршы сыйлык болуп эсептелет.

Мансап адамы тарабынан өзүнүн мансап ордунан пайдалануу дегенде, мансап адамынын ыйгарым укугуна кирген аракеттерди жасоону гана эмес, ошондой эле пара берүүчүнүн кызыкчылыктары үчүн башка мансап адамдарына таасир көрсөтүү аркылуу алардын ыйгарым укуктарынан пайдаланган түрдө белгилүү аракеттерди жасоону да түшүнөбүз.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Мансап адамынын өз ыйгарым укуктарынан мыйзамга каршы түрдө пайдаланышы кандай аракеттерде туюнтулат?
2. Бийликти же мансап ыйгарым укугун өздөштүрүү менен мансап ыйгарым укугун өздөштүрүү жолу менен өздөштүрүү, же коротуу жолу менен талап-тоноо кылмышынын ортосунда кандай айырмалар бар?
3. Пара берүү менен пара алуунун кандай жалпы жактары бар?
4. Пара берүүнүн кызматчыны паранын эсебине өзүнө каратуудан айырмасы эмнеде?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 16-§ Жамаат коопсуздугуна каршы кылмыштар

Эмгекти коргоо эрежелерин бузуу дегенде, техника коопсуздугун, өнөр жай санитариясы же эмгекти коргоонун башка эрежелерин ошол эрежелерге баш ийүүгө жооптуу болгон адам тарабынан бузулушун түшүнөбүз.

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Эмгекти коргоо эрежелерин бузуу.
- Санитарияга тиешелүү мыйзам документтерин же эпидемияга каршы күрөшүүнүн эрежелерин бузуу.
- Өрт коопсуздугу эрежелерин бузуу.

## Эмгекти коргоо эрежелерин бузуу

Бул кылмыштын объекти болуп, мүлкчүлүк формасына карабастан, ишкана, мекеме, уюмдарда эмгектенип жаткан адамдардын эмгек шарттарын тартипке салуучу социалдык мамилелер эсептелет.

Ишкана, мекеме, уюмдарда туруктуу эмгектенип жаткан адамдар гана эмес адамдар, ошондой эле убактылуу эмгектенип жаткан адамдар да жабыркоочу болушу мүмкүн.

Кылмыш объективдүүлүк жагынан денеге орточо же оор зыян жеткирилишине себеп болгон:

- техника коопсуздугу;
- өнөр жай санитариясы;
- эмгекти коргоочу башка эрежелердин бузулушунан турат.

Ар бир адам эмгектенүү, эркин кесип тандоо, адилеттүү эмгек шарттарында эмгектенүү жана мыйзамда каралган тартипте жумушсуздуктан коргонуу укугуна ээ.

**Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 37-статьясы**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Субъективдүүлүк жагынан кылмыш күнөөнүн атайы же этиятсыздык формалары аркылуу жасалат.

Кылмышты жасоо жүйөсү жана андан көздөлгөн максат кылмышты квалификациялоого таасир этпейт.



## Санитарияга тишелүү мыйзам документтерин же эпидемияга каршы күрөшүүнүн эрежелерин бузуу

Кылмыштын объекти болуп жамааттын коопсуздугу, адамдардын өмүрү жана ден соолугу саналат.

Объективдүүлүк жагынан кылмыш адамдардын массалык түрдө оорушу же ууланышына алып келген:

### Чыгармачыл иш

Берилген жагдайларды кунт коюп оку жана тема менен байланыштыр. Окуялардын алдын алуу үчүн эмне кылуу керек?

1. *Фергана облусу Ташлак районунда жашоочу жаран Ш. А.нын үйүндө газ баллонунан этиятсыздык менен пайдалануунун натыйжасында өрт чыгып, үйдүн 100 кв. метр аянтындагы чатыры, шып бөлүгү жана үй эмеректери өрттөнүп, зыян көргөн.*
2. *Наманган облусунун Наманган шаарында айдоочу Ш. К. башкарган «ГАЗ-53» маркалуу жүк автомобилинин газ жабдууларынын бузуктугу натыйжасында өрт чыккан. Өрттүн натыйжасында айдоочу Ш. К. менен жүргүнчү Б. К. денесинен жабыркап, ооруканага жаткырылган.*
3. *Ташкент облусунда жайлашкан жоопкерчилиги чектелген коомго таандык лак-боёк продукцияларын өндүрүү цехинде өрт чыкты.*
4. *Ташкент шаарынын Үчтепа районунда жашоочу жаран С. Т.нын малканасында электр зымдарынын кыска туюкталышы натыйжасында өрт чыгып, малкананын 30 кв. метр жана кошуна үйдүн 90 кв. метр аянтында чатырдын бөлүктөрү өрттөнүп, зыян көргөн.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Массалык оору дегенде белгилүү бир аймактагы көп сандуу адамдардын белгилүү бир убакыттын ичинде оорушун түшүнүү зарыл.

- санитария боюнча мыйзам документтерин;
- эпидемияга каршы күрөшүүнүн эрежелерин бузууда туюнтулат.

Бул статьянын диспозициясы бланкеттүү болуп, ар бир учурда санитария боюнча мыйзам документтери же эпидемияга каршы күрөшүү эрежелеринин кайсы пункту бузулгандыгы өз алдынча аныкталууга тийиш.

Субъективдүүлүк жагынан кылмыш атайы же этиятсыздык себептүү жасалат.

## Өрт коопсуздугу эрежелерин бузуу

Кылмыштын объекти болуп өрт коопсуздугу, б. а. адамдардын, жамаат жана мамлекет мүлкүнүн өрттөн коргонгондук абалы эсептелет.

Объективдүүлүк жагынан кылмыш өрт коопсуздугу эрежелеринин ошол эрежелердин аткарылышы үчүн жооптуу адам тарабынан бузулушу денеге орточо же оор зыян жеткиришине алып келишинде туюнтулат.

Өрт коопсуздугу эрежелери – өрттүн алдын алууга багытталган талап, норма жана стандарттарга баш ийүү тартибин билдирген белгилүү эрежелердин жыйнагы.

### Суроо жана тапшырмалар

1. Эмгекти коргоо эрежелерин бузуу кандай укуктук натыйжаларга алып келет?
2. Массалык түрдө ооруу дегенде эмнелер көздө тутулат? Пикириңди ырастоо үчүн мисалдар келтир.
3. Өрт коопсуздугу эрежелерин бузуу кылмышынын субъективдүү жактарын түшүндүр.
4. Эмгекти коргоо, санитарияга тиешелүү мыйзам документтерин, эпидемияга каршы күрөшүү, өрт коопсуздугу эрежелерин бузуу кылмыштары атайы же этиятсыздык натыйжасында жасалган эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 17-§ Маалымат технологиялары жаатындагы кылмыштар

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Маалыматтан эркин пайдалануу укугу.
- Маалыматташтыруунун эрежелерин бузуу. Компьютер маалыматынан мыйзамга каршы түрдө (уруксатсыз) пайдалануу.
- Компьютер системасынан мыйзамга каршы түрдө (уруксатсыз) пайдалануу үчүн атайын каражаттарды өткөрүү максатын көздөп даярдоо же өткөрүү жана таратуу.

## Маалыматтан эркин пайдалануу укугу

Учурда маалымат коомдун турмушун уюштуруунун зарыл факторлорунан бирине айланууда. Демек, адам ишкердигинин маалымат алуу жана аны кайра иштөө жараяндары менен байланышпаган эч кандай тармагы калбаган. Тез темптер менен өнүгүп жаткан азыркы дүйнөдө жарандардын жаңы шарттарга ылайыкташуусуна көмөктөшүү, аларга болуп жаткан окуя, жараян, кубулуштар жөнүндө маалымат берип баруу, ошондой эле, жарандар, социалдык институттар жана мамлекеттик бийлик органдары ортосунда жакшы мамилелер системасын орнотуу үчүн шарт түзүүдө, эң мурда, жарандардын маалыматтан пайдалануу менен байланыштуу Конституциялык укуктарын ишке ашыруу жана кепилдөө маселеси чоң мааниге ээ.

Маалыматты белгилүү маалыматтардан турган объект, мисалы, макала же кабар иретинде гана эмес, ошондой эле, субъекттин өзү үйрөнүп жаткан

Өзбекстан Республикасынын «Маалымат эркиндиги принциптери жана кепилдери жөнүндөгү» Мыйзамын кунт коюп окуп чык жана андагы «маалымат эркиндигине» көңүл бур.

***Маалымат*** – адам өзүнүн сезги органдары аркылуу кабыл ала турган бардык сигналдардын жыйнагы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Маалыматтан эркин пайдалануу укугу адамдын дүйнөгө келиши менен ага бериле турган, мыйзам менен тыюу салынбаган ар кандай маалыматты алуу, сактоо, таратуу, жаңылоо мүмкүн болгон аракеттердин фундаменталдык жана комплекс укугу саналат. Турган сөз, мындай жагдай башка адамдардын, мамлекет менен коомдун маалымат боюнча коопсуздугуна зыян жеткирбөөгө тийиш.



объект менен өз ара байланыш жараяны иретинде да түшүнүү керек.

XX кылымдын аягына келип, маалымат коомдо табигый, каржылык, эмгек жана башка ресурстарга карата да күчтүү көз каранды эмес социалдык-саясий кубулуш иретинде көрүнө баштады.

Маалымат «ким», «качан», «эмне», «каерде», «канча», деген сөздөр менен башталган суроолорго жооп иретинде туюнтулат.

...Ар бир инсан пикирлөө, сөз жана дин эркиндиги укугуна ээ. Ар бир инсан өзү каалаган маалыматты издөө, алуу жана аны таратуу укугуна ээ, аракеттеги Конституциялык түзүлүшкө каршы багытталган маалымат жана мыйзам менен белгиленген башка чектөөлөр буга кирбейт.

**Өзбекстан Республикасы Конституциясынын**
**29-статьясынан**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Билим болсо, өз кезегинде, «кандай» деген сөз менен башталган суроолорго жооп иретинде көрүнөт. Демек, маалыматтан пайдалануу билим алуунун өзгөргөн формасы экен.

## Маалыматташтыруу эрежелерин бузуу


Өзбекстан Республикасынын Конституциясы жарандардын маалыматка болгон укуктарын тааныган түрдө, анын негизги мазмунун бир топ нормаларда белгилеп берет. Бирок кээде берилген уктан туура пайдаланбастыктын натыйжасында да укуктук жоопкерчилик келип чыгат. Мисалы, компьютер системасынан пайдаланууга уруксаты болгон адам тарабынан ошол системадан пайдалануу эрежелеринин бузулушу натыйжасында компьютердеги маалымат жоголсо, жаап коюлса, компьютердин иши бузулса, ал административдик жоопкерчилик жөнүндөгү кодекстин 155[1]-статьясы боюнча жоопкерчиликке тартылат. Кат жазышуулар, телефондо сүйлөшүү, телеграф кабарлары же башка кабарлардын сыр сакталуу тартибин бузуу болсо кылмыштык жоопкерчиликке тартууга негиз болушу

### Эл аралык укук



Эч кимге адамдын жеке же үй-бүлөлүк турмушуна ээнбаштык менен кийлигишүүгө, адамдын турак-жайынын колтийгистигине, анын каттарындагы сырларга же ары, намысы жана аброюна ээнбаштык менен кол салууга мүмкүн эмес. Ар бир адам мына ушундай кийлигишүүдөн же кол салуудан мыйзам жолу менен коргонуу укугуна ээ.

**Адам укуктарынын бүткүл дүйнөлүк декларациясы, 12-статья**



Маалымат – бул биздин тышкы дүйнөгө ыңгайлашышыбызда андан ала турган маалыматтарды өзүндө туюнткан түшүнүк.

**Н. Винер,**
*Кибернетика илиминин негиздөөчүлөрүнөн бири*



Сыр тутулган илим-техника, өндүрүш, экономика, соодага тиешелүү же башка ушул сыяктуу маалыматты ээсинин макулдугусуз ашкерелөө же андан пайдалануу максатында ар кандай усулда чогултуу да кылмыштык жоопкерчиликке тартылуу үчүн негиз болушу мүмкүн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


**155-статья. Маалыматтан пайдалануу эрежелерин бузуу**

Маалымат системасынан пайдалануу максатында ага уруксатсыз кирип алуу менен туюнтулган маалымат жана маалымат системаларынан пайдалануу эрежелерин бузуу —

жарандарга эң аз эмгек акынын үчтөн бир бөлүгүнөн бир эсесине чейин, мансап адамдарына болсо — бир эсесинен үч эсесине чейин санда жазапул салууга себеп болот.

Маалымат системалары ишинин бузулушуна алып келген куду ушундай укук бузуу, куду ушуга окшош кирүү чектелген маалымат системаларынын маалымат-эсептөө тармактарына улануу учурунда тиешелүү коргонуу чараларын көрбөгөндүк —

жарандарга эң аз эмгек акынын бир эсесинен үч эсесине чейин, мансап адамдарына болсо — үч эсесинен беш эсесине чейин санда жазапул салууга себеп болот.



Юридикалык жана жеке адамдардын маалымат системаларын эл аралык маалымат тармактарына мыйзамга каршы түрдө улоо, бул тармактарга тиешелүү коргоо чараларын көрбөстөн улануу, куду ушуга окшош алардан маалыматтарды мыйзамга каршы түрдө алуу —

жарандарга эң аз эмгек акынын эки эсесинен беш эсесине чейин, мансап адамдарына болсо — беш эсесинен жети эсесине чейин санда жазапул салууга себеп болот.

Бирөөнүн электрондук эсептөө машиналары үчүн жаратылган программасын же маалыматтар базасын өзүнүн атынан чыгаруу же мыйзамга каршы түрдө андан нуска алуу же мындай чыгармаларды таратуу —

жарандарга эң аз эмгек акынын бир эсесинен үч эсесине чейин, мансап адамдарына болсо — үч эсесинен беш эсесине чейин санда жазапул салууга себеп болот.

**Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү кодекс**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мүмкүн. Анткени мындай кылмыш  атайы жасалат. Кылмыштын жасалыш жүйөсү жана андан көздөлгөн максат анын квалификациясы үчүн мааниге ээ эмес. Бул кылмыштын объекти болуп жарандардын кат жазышуулары, телефондогу сүйлөшүүлөрү, телеграф же башка кабарлардын сыр сакталышына болгон Конституциялык укуктары эсептелет.

## Чыгармачыл иш

1. Төмөнкү окуяны оку. Окуя катышуучуларынын ишине укуктук баа бер.
2. Кимдин кандай укуктары бузулган?
3. Эгерде сен ушундай окуяга күбө болсоң, эмне кылган болор элең?

*Чоң тыныгуу учурунда Нодира өзүнүн «Адабияты» үйдө калып кеткендиги себептүү, жолдошу Гүлнарадан китебин берип турууну суранды. Гүлнара ашканага бара жатканын айтып, сумкасынан алууга уруксат берди. Нодира жолдошунун сумкасындагы кооздолгон дептерди көрүп калды жана аны алып окуду. Бул дептер кыздын сыр дептери болуп, ага өзүнүн сезимдери менен ырларын жазып жүрчү. Гүлнара ашканадан кайтканда, класстагы кыздар чогулушуп бир немеге үңүлүшүп, кээ бирлери шылдыңдап күлүп, башкалары болсо: «Укмуш ырлар экен», деп жатышыптыр. Гүлнара кыздарга жакындаганда, алардын колунда өзүнүн дептерчесин көрдү.*

*Анын жүзү албырып, жүрөгү бат-бат согуп, муундары бошоп, алы кетти. Колу менен бетин тосco, бардыгы унут болчудай, колдорун жүзүнө алып барды. Гүлнара терең дем алды. Буттары жанданып, аны Нодира жакты карай алып жөнөдү. Гүлнара дептерчесин жолдошунун колунан суурул алып жатып, бетине бир шапалак түшүрдү да: «Арсыз, мен сага ишенген элем!» деди...*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE









Объективдүүлүк жагынан кылмыш адамдардын почта-телеграф кабарларынын же телефондо сүйлөшүүлөрүнүн мазмуну менен мыйзамга каршы түрдө таанышууда же жарандардын кат, телеграмма, телефакс, электрондук почта жана башкалар аркылуу жөнөтүлө турган маалыматтарды ошол маалымат ээлеринин макулдугусуз ашкере этилишинде туюнтулат.

### Суроо жана тапшырмалар

1. Кат жазышуу, телефондо сүйлөшүү, телеграф же башка кабарлардын сыр сакталуу тартибин бузуу дегенде эмнени түшүндүң?
2. Берилген сүрөттөрдү маалымат десек, анда алардан кайсылары үчүн жоопкерчилик белгилениши мүмкүн.
3. Маалыматтарды оң жана терске ажыратууга болобу? Пикириңди негизде.
4. Маалымат коопсуздугу маселеси менен глобалдашуунун ортосунда кандай байланыш бар?
5. Маалымат «чабуулунан» сен кандай корголгонсуң?
6. Үй-бүлөңө тиешелүү болгон маалыматтар корголууга тийиш деп эсептейсиңби? Эмне үчүн?
7. Сага таанышыңдан кат келди. Катты алганыңда, конверт кимдир тарабынан ачылганын билип калдың. Эмне кылган болор элең?
8. Сага бирөөдөн кат келиптир. Почтачы даректи алмаштырып, катты сенин почта кутуңа салган экен. Катты алып, эмне кылган болор элең?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# III бөлүм. КАРЖЫ УКУГУ

## 18-§ Өзбекстанда каржы-насыя системасы

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Конституция – каржы-насыя укугунун негизги булагы.
- Каржы жана мамлекеттин каржылык ишкердиги.

### Конституция – каржы-насыя укугунун негизги булагы

Каржы укугу өз алдынча укук тармагы эсептелет. Каржы укугу Өзбекстан Республикасы мыйзам документтеринин тиешелүү тармагы иретинде каттталат. Каржы укуктук нормалары жардамында мамлекет тарабынан каржылык система ишке түшөт жана андан пайдаланылат. Бул тармак түрдүү укук

**Укук тарыхынан**

Каржынын пайда болушу, акча-товар мамилелеринин өнүгүшү жана мамлекеттин өзүнүн функцияларын аткарышы каржылык ресурстарга болгон керектөө менен байланыштуу. Баштап бул термин XII-XV кылымдарда Италияда пайда болду. Генуя, Венеция, Флоренция сыяктуу шаарлардын соода, акча эсеп-кытабы жана банктарынын ишинде мамилеге киргизилди. Кийинчерээк ал мамлекет тарабынан өзүнүн милдеттерин аткаруу үчүн багытталган акча мамилелери системасын, акча фонддорун түзүү менен байланыштуу түшүнүк иретинде колдонула баштады.

Каржы акча каражаттары фонддорун жаратуу жана алардан пайдалануу жараяныдагы социалдык мамилелерди чагылдыруучу экономикалык категория болуп саналат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Каржы жалпы мамлекеттик керектөөлөрдү каржылоо үчүн зарыл болгон акча каражаттары фонддорун жаратуу, бөлүштүрүү жана алардан пайдалануу менен байланыштуу болгон экономикалык мамилелер системасы болуп саналат.

Мамлекеттин каржылык ишкердиги дегенде, борборлошкон жана борборлошпогон акча фонддорун максатка ылайык жана пландуу уюштурууну, аны бөлүштүрүүнү жана пайдаланууну түшүнөбүз.

тармактары менен жөнгө салынат. Каржы тармагы каржы укугун бүткүл камтып алса да, каржылык системанын түрдүү баскычтарында анын нормалары түрдүүчө колдонулат. Каржы укуктук предметин мамлекеттин жана административдик-аймактык структуралардын каржысы түзөт. Каржы укугу каржылык системанын башка муундары менен тыгыз байланышкан.

Каржы түшүнүгү экономикалык категориялардан бири эсептелет. Мындай категорияларга «акча», «пайда», «өздүк нарх» сыяктуу башка экономикалык түшүнүктөр да кирет. Алар категориянын мазмуну менен коомдун өнүгүшүндөгү ролун белгилеген ар түрдүү милдеттерди аткарат.

Мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын акча фонддорунда каражаттарды чогултуу жана андан пайдалануу менен байланыштуу мамилелер каржы укугу менен жөнгө салынат.

Өзбекстан Республикасынын Конституциясы каржылык мыйзам документтеринин негизин түзөт. Мамлекеттин каржылык мамилелери менен ишин укуктук жөнгө салуунун негиздери Конституциянын XXV «Каржы жана насыя» главасында бекемделген.

Өзбекстан Республикасынын каржы системасы төмөнкү муундардан куралган:

а) мамлекеттик бюджет, анын структурасына кирген республика бюджети, Каракалпакстан Республикасынын бюджети жана жергиликтүү бюджеттер;

б) мамлекеттик максаттуу фонддор жана бюджеттен тышкары фонддор;

в) чарба жүргүзүүчү субъекттердин жана экономикалык тармактардын каржысы;

г) насыя (мамлекеттик насыя жана банк насыясы);

д) мүлктү камсыздоо жана жеке камсыздоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Мамлекеттин каржылык ишкердиги

Мамлекет өзүнүн милдеттерин аткаруу жараянында белгилүү бир ишти аткарат. Каржылык ишкердик жараянында пайда болгон укуктук мамилелерди каржы укугу жөнгө салат.

Аларды төмөнкү топторго бөлүштүрүүгө болот.


1. Мамлекеттин жана административдик-аймактык структуралардын бюджет жаатындагы ишкердиги;
2. Мамлекеттин жана административдик-аймактык структуралардын салык жаатындагы ишкердиги;
3. Мамлекеттин жана административдик-аймактык структуралардын насыя жаатындагы ишкердиги;
4. Мамлекеттин жана жергиликтүү ишканалардын каржылык ишкердиги;
5. Милдеттүү камсыздоо жаатындагы мамлекеттик ишкердик;
6. Мамлекеттин жана жергиликтүү органдардын бюджеттен тышкары фонддор жаатындагы ишкердиги.

Мамлекеттин каржылык ишкердигин анын функцияларынын аткарылышын камсыздоо жолунда акча каражаттарын чогултуу, бөлүштүрүү (кайра бөлүштүрүү) жаатындагы чаралар түзөт. Бул ишкердик каржылык каражаттарды чогултуу жана аларды сарптоо аркылуу ишке ашырылат.

Каржылык каражаттарды сарптоо үчүн каржылоо жана насыялаштыруу усулдары колдонулат.

Каржылоонун негизинде бюджеттик уюмдарга акча каражаттары мамлекеттик бюджеттен төлөөсүз ажыратылат.

Насыялаштыруунун негизинде ажыратылган каражат ишкана, уюм жана жарандар тарабынан белгилүү мөөнөттө төлөнүүгө тийиш. Ал белгилүү мөөнөткө, белгилүү суммада төлөө шарты менен ажыратылат.



**Борборлошкон фонддор** республика, облус, райондун фонддорунан турган болуп, алардан ошол аймактардын керектөөлөрү үчүн гана пайдаланылат.

**Борборлошпогон фонддор** ишкана жана уюмдардын акча фонддору болуп, алар өндүрүштүк жана башка социалдык максаттарга сарпталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мамлекеттин каржылык ишкердиги төмөнкү бир топ принциптердин негизинде аткарылат:

- мыйзамдуулук;
- демократиялуулук;
- жарандардын жана эмгек жамааттарынын катышуусу;
- улуттук саясат.

Өзбекстан мамлекетинин каржылык ишкердигин Өзбекстан Республикасында социалдык, экономикалык, маданий багыттардагы милдеттерди аткаруу, мамлекеттин коопсуздугун камсыздоо максатында акча фонддорун пландуу уюштуруу, аны бөлүштүрүү жана андан максатка ылайык пайдалануу түзөт.

### Чыгармачыл иш

Экономикалык билимдин негиздери предметинен алган билимиңе таянып, төмөнкү суроолорго жооп берүүгө аракеттенип көр.

1. Өлкөбүздө кандай салыктар белгиленген?
2. Милдеттүү төлөмдөр дегенде эмнени түшүнөсүң? Кандай милдеттүү төлөмдөрдү билесиң?

### Суроо жана тапшырмалар

1. Өзбекстан Республикасы каржы системасынын мууңдарын түшүндүрүп бер.
2. Укук системасында каржы укугунун ээлеген орду эмнеде?
3. Каржы укугу кандай мамилелерди жөнгө салат?
4. Мамлекет өзүнүн каржылык ишкердигин кандайча жүргүзөт?
5. Сенин турмушуңда мамлекеттин каржылык ишкердиги эмнелерде байкалат?
6. Билим берүү жаатында мамлекет кандай каржылык ишкердикти жүргүзөт?
7. Өзбекстан Республикасынын каржылык ишкердиги түшүнүгү.
8. Акча каражаттарын чогултуу жана анын түрлөрү.
9. Акча каражаттарын бөлүштүрүү жана анын түрлөрү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 19-§ Каржылык-укуктук мамилелер

**Сабакта төмөнку темалар менен таанышасың:**



- Каржылык-укуктук мамилелер түшүнүгү жана алардын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү.
- Каржылык-укуктук мамилелердин түрлөрү.
- Каржы укугунун субъекттери түшүнүгү жана системасы.

## Каржылык-укуктук мамилелер түшүнүгү жана алардын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү

Каржылык-укуктук мамилелер укуктук мамилелердин белгилүү бир түрүн түзөт. Ушуга байланыштуу ар кандай укуктук мамилеге мүнөздүү жалпы нерселер ага да мүнөздүү.

Каржылык-укуктук мамилелер айрым өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө да ээ болуп, бул өзгөчөлүктөр аларды укуктук мамилелердин башка түрлөрүнөн ажыратуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Бул өзгөчөлүктөр алардын пайда болушу (мамлекеттик каржылык ишкердик), каржылык-укуктук жөнгө салуунун өзүнө мүнөздүүлүгү (мамлекеттик каржылык ишкердикти жүргүзүүчү орган каалоо-тилегинин императивдүүлүгү жана бир жактуулугу), укуктук жөнгө салуу объекти сыяктуулар менен белгиленет.

Каржылык мамилелердин негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөрдөн турат:

— *биринчиден,* каржылык-укуктук мамилелер мамлекеттин акча фонддорун пландуу түзүү, бөлүштүрүү жана алардан пайдалануу жараянында жаралат;

— *экинчиден,* каржылык-укуктук мамилелер көбүнесе мүлктүк мамилелердин түрү эсептелет,



Каржылык-укуктук мамиле – бул мамлекеттик каржылык ишкердикте пайда боло турган, мүлктүк өзгөчөлүккө ээ болгон каржылык-укуктук норма менен жөнгө салына турган социалдык мамиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Каржылык-укуктук мамилелер ар дайым акча каражаттары себептүү пайда болот.

анткени бул мамилелердин объекти иретинде акча каражаттары катышат;

— *үчүнчүдөн,* каржылык-укуктук мамилелерде жактардан бири иретинде ай дайым мамлекет же анын ыйгарым укуктуу органы катышат.

## Каржылык-укуктук мамилелердин түрлөрү. Анын субъекттери түшүнүгү жана системасы

Каржылык-укуктук мамилелердин бир нече түрлөрүн ажыратып көрсөтүүгө болот. Мисалы, каржы системасынын тиешелүү муунуна карай, бюджет, салык, мамлекеттик насыяны уюштуруу, камсыздоо, акча мамилеси жана эсеп-кытап, валютаны жөнгө салуу жана ушул сыяктуулар.

Каржылык-укуктук мамилелерди материалдык жана процессуалдык укуктук мамилелерге ажыратуу кабыл алынган.

Каржылык- укуктук мамилелерди белгилөөчү өзгөчөлүктү алар негизинен мамлекеттик жана социалдык турмуштун атайын тармагында, б. а. мамлекеттин ошол каржылык ишкердиги тармагында куралышы түзөт.

Материалдык каржылык-укуктук мамилелер каржы укугу субъекттеринин каржылык-укуктук нормаларынын материалдарында бекемделген укук жана милдеттерди ишке ашыруунун каражаты эсептелет.

### Чыгармачыл иш

Каржылык-укуктук мамилелердин негизги объекти эсептелген каржылык ишкердик тикеден-тике мамлекеттин каалоо-тилегин жана кызыкчылыктарын туюнтат.

1. Мамлекеттин каалоо-тилегин жана кызыкчылыктарын туюнтат, дегенде эмнени түшүндүң?
2. «Мамлекеттин каалоо-тилеги» сөздөрүн Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 2-статьясы менен байланыштырып түшүндүр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Процессуалдык каржылык-укуктук мамилелер мамлекеттик акча фонддорун бөлүштүрүүнүн тартибин, алардан пайдаланууну көзөмөлдөөнүн формасы жана усулун белгилөө менен байланыштуу пайда болот.

Каржылык-укуктук мамилелер өзүнүн объекттерине ээ. Бул объекттерди, эң мурда, акча жана анын милдеттери түзөт, бирок муну менен чектелбей, ага каражаттардын чогулушун жана сарпталышын камсыздаган тартип-эрежелерди, катышуучулардын мыйзам чегиндеги аракеттерин да киргизүүгө болот.

Каржылык-укуктук мамилелер эки жактуу мамиле болуп, анда милдеттердин аткарылышын бардыгынан жана дайыма талап кылуу ыйгарым укугуна ээ болгон мамлекет (анын каржы, салык, насыя мекемелери), ал эми экинчи жактан болсо каржылык-укуктук нормалар багытталган башка адамдар мамлекеттик жана жамааттык органдар, юридикалык жана жеке адамдар) катышат.

Каржылык-укуктук мамилелер – мамиле объектин, мамиле субъектин, мамиленин мазмунун түзөт.



Акча мамилелери борборлоштурулган жана борборлоштурулбаган акча каражаттары фонддорун жаратуу жана алардан пайдалануу менен байланыштуу түрдө пайда болот.

Каржылык-укуктук мамилелер мамлекеттик бийликтин өзгөчөлүгүсүз болушу мүмкүн эмес.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Кандай мамилелерде мамлекет каржы укугунун субъекти боло алат? Суроого жооп берүүдө Өзбекстан Республикасы Конституциясынын статьяларынан пайдалан.

Каржы укугу нормаларынын талаптары каржылык-укуктук мамилелердин көп түрдүүлүгү аркылуу ишке ашып, алар бул мамилелердин тиешелүү субъекттерисиз же катышуучуларысыз боло албайт.

Каржы укугунда салттык түрдө каржы укуктук субъекттеринин үч негизги тобу ажыратылат.

**1. Социалдык-аймактык структуралар**

Өзбекстан Республикасы жана анын административдик аймактык бирдиктери. Бул жерде алар каржылык-укуктук жөндөмдүн ээлери эсептелет.

Бул бирдиктер каржы укуктук субъект иретинде көбүрөөк Өзбекстан Республикасынын Конституциясында, «Бюджет системасы жөнүндөгү» жана «Жергиликтүү мамлекеттик бийлик жөнүндөгү» мыйзамдарда бекемделген бюджет мамилелери жаатындагы ыйгарым укуктарды камсыздоодо көрүнөт.

Ошентип, мына ошол субъекттерге мамлекеттик жана жергиликтүү бюджет укугу берилген.

Айрым укуктук мамилелерде мамлекеттин өзү гана каржы укуктук субъект иретинде катышышы мүмкүн.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2. Жамааттык субъекттер**

Мамлекет каржылык ишкердик жаатында тиешелүү юридикалык милдет жана укуктардын жыйнагын алуу жөндөмүнө ээ. Демек, мамлекеттик органдар каржылык-укуктук мамилелердин милдеттүү катышуучулардын катарына кирип, бул каржылык ишкердиктин мамлекеттик бийлик өзгөчөлүгү жана аны укуктук жөнгө салыныш усулу өзүнө мүнөздүүлүгү менен белгиленет.

Каржы укуктук жамааттык субъекттердин эң көп сандуу тобун мамлекеттик аткаруу бийлик органдары түзөт.

**3. Жеке субъекттер**

Алар Өзбекстан Республикасынын, чет өлкөнүн жарандары жана жарандыгы болбогон адамдар болуп, тең каржылык-укуктук субъекттүүлүккө ээ жана ушуга байланыштуу мыйзамдуулукта жеке адамдар иретинде белгиленет. Каржы укугу субъекттеринин бул категориясы негизинен салык жана жыйымдарды төлөө боюнча мамилелерде катышат. Ошентип жеке адамдар киреше, жер жана мүлк салыктарын жана мыйзамдарда каралган башка салык жана жыйымдарды төлөөчүлөр эсептелет.

Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 100- жана 122-статьяларын оку жана берилген текст менен шайкеш келтир.

Мамлекеттик аткаруу органдардын тизмесин калыптандырууга аракеттенип көр.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Каржылык-укуктук мамилелердин катышуучулары кимдер?
2. Каржылык мамилелердин негизги өзгөчөлүктөрү эмнелерден турат?
3. Жеке адамдар качан каржылык-укуктук мамилелердин катышуучулары болушу мүмкүн?
4. Мамлекет кандай учурларда каржылык-укуктук мамилелердин катышуучсу болот?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 20-§ Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик бюджети жана бюджеттик укугу



**Бюджет укугу** – каржы укугунун бир бөлүгү болуп, мамлекттин бюджеттик түзүлүшүн, түрдүү деңгээлдеги бюджеттерди, алардын киреше бөлүгүн калыптандыруу жана бюджет каражаттарынын сарпталышын, ошондой эле мамлекеттин бюджет-каржы саясатын калыптандыруу жана ишке ашыруу тартибин белгилөөчү укуктук нормалардын жыйнагы.

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**



- Бюджет түшүнүгү жана укугу.
- Мамлекеттик бюджет жана анын социалдык-экономикалык мааниси.

## Бюджет түшүнүгү жана укугу

Бюджет укугун мамлекеттик бюджет каражаттарын түзүү, бөлүштүрүү жана алардан пайдалануу боюнча келип чыккан социалдык мамилелерди жөнгө салуучу каржылык-укуктук нормалардын жыйнагы иретинде белгилөөгө болот.

Мамлекеттик бюджет уюмдары өзүнүн ишин аткаруу үчүн керек болгон бардык каражаттарды бюджеттин тиешелүү сарптар бөлүгүнөн алышат.

Бюджет мамлекеттик бийлик органдарынын функцияларын камсыздоо максатында акча каражаттарын уюштуруу жана сарптоонун формасы саналат.

**Бюджеттин негизги милдеттери:**

- улуттук кирешени кайра бөлүштүрүү;
- экономиканы жөнгө салуу;
- бюджет тармагын камсыздоо жана мамлекеттин социалдык саясатын ишке ашыруу;
- борборлошкон акча каражаттары фонддорун түзүү жана пайдалануунун үстүнөн көзөмөл орнотуу.

Бюджет жөнүндөгү мыйзам документтери, алардын башка мыйзам документтеринде каралган нор-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

малары Бюджет кодексине шайкеш келүүгө тийиш. Эгерде мамлекет тарабынан кол коюлган эл аралык келишимдерде бюджет жөнүндөгү мыйзам документтерине каршы эрежелер белгиленген болсо, эл аралык келишимдин эрежелери колдонулат.

## Мамлекеттик бюджет жана анын социалдык-экономикалык мааниси

Мамлекеттик бюджет жыл сайын тастыкталат жана ал 1-январдан 31-декабрга чейин аракетте болот.

Мамлекеттин экономикалык-социалдык өнүгүшү жараянында бюджеттен пайдалануу натыйжасында келип чыккан мамилелерди жөнгө салуучу укуктук нормативдер өз алдынча топко ажыратылат жана каржы мыйзам документтеринин негизги бөлүмдөрүнөн бири болгон бюджет мыйзамдарын түзөт.

Өзбекстан Республикасынын бюджет системасы төмөнкү принциптерге негизделет:

- жападан-жалгыз экендиги;
- Өзбекстан Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнө шайкештиги;
- бюджеттеринин баланстуулугу жана өз ара байланышкандыгы;

### Укук тарыхынан

Бюджет сөзү англис тилинен алынган болуп, «казна» деген маанини билдирет. Бюджет XVII кылымдын экинчи жарымында Франциядагы буржуазиялык төңкөрүштөн кийин орнотулган. XIX кылымдын экинчи жарымында бюджет термини Европа өлкөлөрүндө таралган жана XX кылымдан дээрлик бардык мамлекеттерде бюджет категориясы пайдаланыла баштады.

**Бюджет жараяны** — бюджет системасынын бюджеттерин калыптандыруу, түзүү, карап чыгуу, кабыл алуу, тастыктоо жана аткаруу, алардын аткарылышын көзөмөлдөө, түрдүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү отчётторду даярдоо жана тастыктоо, ошондой эле алардын ортосундагы өз ара мамилелер жараяны.

**Бюджет жараянынын катышуучулары** — мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары, мамлекеттик каржылык көзөмөл органдары, бюджет уюмдары жана бюджеттен каражат алуучулар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Бюджеттик уюм** – мамлекеттин функцияларын ишке ашыруу үчүн белгиленген тартипте мамлекеттик бийлик органдарынын токтому менен түзүлгөн, Мамлекеттик бюджет каражаттарынын эсебинен кармап турулчу коммерциялык эмес уюм.

- бюджет системасы бюджеттери кирешелерин прогноздоо жана сарптарды пландаштыруу;
- бюджет системасы бюджеттери каражаттарынан пайдалануунун анык багытталгандыгы жана максаттуулук өзгөчөлүгү;
- бюджет системасы бюджеттеринин көз карандысыздыгы;
- бюджет системасы бюджеттери каражаттарынан пайдалануунун натыйжалуулугу;
- кассанын жападан-жалгыздыгы;
- жараян катышуучуларынын жоопкердиги;
- ачыктык.

Өзбекстандын Мамлекеттик бюджет структурасы төмөнкү деңгээлдеги бюджеттерден турат:

- Өзбекстан Республикасынын республика бюджети;
- Каракалпакстан Республикасынын бюджети, облустар, Ташкент шаарынын жергиликтүү бюджеттери.

Мамлекеттик бюджет кирешелери:

- салыктар жана башка милдеттүү төлөмдөр;
- мамлекеттик активдерди жайлаштыруу, пайдаланууга берүү жана сатуудан түшкөн кирешелер;

**Каржы жылы** — өзүндө 1-январдан 31-декабрдын аягына чейин болгон убакытты камтыган доор.

### Укук тарыхынан

2013-жылдын 26-декабрында Өзбекстан Республикасынын бюджет системасынын каражаттарын калыптандыруу, түзүү, карап чыгуу, кабыл алуу, тастыктоо, аткаруу, мамлекет тарабынан каражат алып кирүү жана бюджет жөнүндөгү мыйзам документтеринин аткарылышын көзөмөлдөө боюнча мамилелерди жөнгө салуучу «Өзбекстан Республикасынын Бюджет кодексин тастыктоо жөнүндөгү» Мыйзамы кабыл алынды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





- мурас, белек укугу боюнча мамлекеттин мүлкүнө өткөн каражаттар;
- юридикалык жана жеке адамдардан, ошондой эле чет өлкөлөрдөн түшө турган төлөнбөс акча түшүмдөрү;
- резидент-юридикалык жактарга берилген бюджет ссудаларын жана чет өлкөлөргө ажыратылган насыяларды төлөөнүн эсебинен төлөмдөр;
- мыйзам документтери боюнча башка кирешелердин эсебинен калыптандырылат.

## Суроо жана тапшырмалар

**Өзбекстан Республикасынын Бюджет кодексин тап жана төмөнкү суроолорго жооп бер.**

1. Бюджет жаатындагы ыйгарым укуктар кайсы мамлекеттик органдарга берилген?
2. Мамлекеттик максаттуу фонддордун кирешелери жөнүндө маалымат чогулт.
3. Мамлекеттик бюджет каражаттарынын курамы эмнеден турат?
4. Өзбекстан Республикасынын Каржы министрлиги алдындагы бюджеттен тышкары Пенсия фондунун каражаттары эмнелерден турат?

**Аймактык каржы органдары** — Каракалпакстан Республикасынын Каржы министрлиги, облустар жана Ташкент шаар акимдиктеринин каржы башкармалары, райондор жана шаарлар акимдиктеринин каржы бөлүмдөрү.

**Каржылык милдеттер** — бюджеттик уюмдарда жана бюджет каражаттарын алуучуларда аларга акча каражаттарын өткөрүү милдетин жүктөөчү документтер, ошонун катарында, аткаруу документтеринин негизинде келип чыга турган милдеттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



5. Өзбекстан Республикасынын Калыбына келтирүү жана өнүгүү фондунун милдети эмнелерден турат?
6. Төмөнкү жадыбалда берилген сөздөр туура көрсөтүлгөн катарды аныкта.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | ***Каржы жылы*** | а | — бюджет системасы бюджеттерин калыптандыруу, түзүү, карап чыгуу, кабыл алуу, тастыктоо жана аткаруу, аткарылышын көзөмөлдөө, бюджет системасы бюджеттеринин аткарылышы жөнүндөгү отчётторду даярдоо жана тастыктоо, ошондой эле алар ортосундагы өз ара мамилелер жараяны; |
| 2 | ***Бюджет жараяны*** | б | — мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары, мамлекеттик каржылык көзөмөл органдары, бюджет уюмдары жана бюджет каражаттарын алуучулар; |
| 3 | ***Бюджет жараянынын катышуучулары*** | в | — бюджет уюмдарында жана бюджет каражаттары алуучуларда аларга акча каражаттарын өткөрүү милдетин жүктөгөн документтер, ошонун катарында, аткаруу документтеринин негизинде келип чыккан милдеттер. |
| 4 | ***Каржылык милдеттер*** | г | – мамлекет функцияларын ишке ашыруу үчүн белгиленген тартипте мамлекеттик бийлик органдарынын токтому менен түзүлгөн, Мамлекеттик бюджет каражаттары эсебинен кармап турулчу коммерциялык эмес уюм. |
| 5 | ***Бюджет уюму*** | д | — өзүндө 1-январдан 31-декабрдын аягына чейин болгон убакытты камтыган доор. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 21-§ Мамлекеттин кирешелерин укуктук жөнгө салуу

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**



- Мамлекеттин кирешелери.
- Салыктар түшүнүгү жана функциялары.
- Салыктар жана башка милдеттүү төлөмдөрдүн элементтери.



**Мамлекеттин кирешелери** – бул мамлекеттин социалдык-экономикалык саясатын, мамлекеттин коопсуздугун камсыздоо, ошондой эле, мамлекеттик органдарды функциялоо боюнча милдеттерин аткаруу максатында каржылык базаны түзүүгө багытталган мамлекеттин улуттук кирешесинин бир бөлүгү эсептелет.

Мамлекет өзүнүн милдет жана функцияларын аткаруу үчүн белгилүү бир каржылык ресурстарга ээ болууга тийиш. Андыктан түрдүү акча төлөмдөрү жана отчислениелер түрүндөгү мамлекеттин улуттук кирешесинин бир бөлүгү анын керектөөлөрүнө сарпталат.

Натыйжада ал өзүнүн кирешелерине, б. а. мамлекеттик кирешелерге ээ болот. Бул киреше мамлекеттин карамагында болуп, тиешелүү мамлекеттик бийлик органдары тарабынан башкарылат.

Мамлекет кирешелеринин булагы жана системасы, ошондой эле алардан ар бири өлкөнүн экономикалык системасынан көз каранды болот.

Бул кирешелер жалгыз системадан турган болуп, анын элементтери каражаттар айрым түрлөрүнүн белгилүү комплексин түзөт. Бул жалгыз система аракеттеги мыйзам документтери мамлекет тарабынан өзүнүн бардык кирешелерин калыптандыруу үчүн пайдаланыла турган акча каражаттарынын бир гана түрүн белгилеши менен түшүндүрүлөт.

Мамлекет кирешелеринин жалгыз системасы алардын мазмунун эң маанилүү өзгөчөлүктөрүн чагылдырган белгилерине карай түрдүүчө мүнөздөлөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Калыптануу жана пайдалануу тартибине карай бардык мамлекеттик кирешелер борборлоштурулган жана борборлоштурулбаган кирешелерге бөлүнөт.

Салыктар жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөгөндөн кийин ишканалар алган пайда менен алардын карамагында болгон башка кирешелерди өз алдынча башкарышы мүмкүн.

Мамлекеттик кирешелер менен алардын ортосунда келип чыккан мамилелер мыйзам документтери, Өзбекстан Республикасынын Бюджет кодекси, Салык кодекси жана башка мыйзамдар жана мыйзамасты документтери менен жөнгө салынат.

Мамлекеттик киреше аймактык өзгөчөлүгү боюнча, республика жана жергиликтүү кирешелерге бөлүнөт.

Мамлекеттик кирешелер юридикалык өзгөчөлүгү жана формасы боюнча салык төлөмдөрү жана салыксыз түшүмдөргө бөлүнөт.

Салыктарга милдеттүүлүк жана жекече төлөнбөстүк өзгөчөлүктөрү мүнөздүү.

Салыксыз төлөмдөр милдеттүү жана көңүлдүү болушу мүмкүн. Милдеттүү салыксыз төлөмдөр мамлекет тарабынан белгилүү бир юридикалык мааниге ээ кызматты көрсөтүү, бир иш менен алектенүү укугун берүү аркылуу өндүрүлөт. Мындай төлөмдөрдө эки жак да укук жана милдеттерге ээ болот.

Мамлекеттик кирешелер чогултуу усулу боюнча милдеттүү жана көңүлдүү төлөмдөргө бөлүнөт

Мамлекетке жана жергиликтүү органдарга келип түшкөн кирешелердин чоң бөлүгүн милдеттүү төлөмдөр түзөт. Буга салык, бажыкана жана башка төлөм, түрдүү жазапулдар, каржылык санкциялар кирет.

Көңүлдүү төлөмдөр болсо мамлекеттин баалуу кагаздарын, лотереяларды сатып алуудан, түрдүү акциялар жана жеке адамдардын кайырларынан куралат.

**Борборлошкон кирешелер** дегенде, акча каражаттарынын жалпы мамлекеттик фондго, б. а. өлкөнүн мамлекеттик бюджетине келип түшө турган каржылык ресурстарды түшүнөбүз.

**Мамлекеттин борборлоштурулбаган кирешелерине** өлкө ишканаларынын кирешелери кирип, алар мыйзамдарда белгиленген тартипте ишканалардын карамагына келип түшөт жана алар тарабынан өз адынча өндүрүштүк жана социалдык керектөөлөр үчүн пайдаланылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мүлккө болгон мамилени эсепке алган түрдө, кирешелерди төлөнбөс, убактылуу пайдаланудагы жана төлөнө турган кирешелерге ажыратууга болот. Мисалы, салыктар, бажылар, жыйымдар, мамлекеттик мүлктү менчиктештирүүдөн түшкөн жана башка милдеттүү төлөмдөр төлөнбөстүк шарты менен мамлекеттик кирешелерге чогулуп, мамлекеттин жана административдик-аймактык структуралардын мүлкү эсептелет.

Убактылуу пайдаланудагы кирешелер болсо мамлекеттин жана административдик-аймактык структуралардын кирешесине киргизилбейт жана аларды облигация, заёмдорду таратуудан, банктар тарабынан бюджеттен тышкары каражаттарды толтуруу үчүн берилген насыялардан түшкөн киреше жана башкалар түзөт.

Мамлекеттик бюджетте чогулган борборлоштурулган кирешелер мамлекеттик сарптарды каптоонун негизги булагы эсептелет, алар түз жана кыйыр салыктардын негизинде калыптандырылат.

«Экономикалык билимдин негиздери» сабагынан алган билимиңе таянып, түз жана кыйыр салык түшүнүктөрүнө мүнөздөмө бер.

## Салыктар түшүнүгү жана функциялары

Мамлекеттин эң маанилүү белгилеринен бири анда салыктардын жолго коюлгандыгы. Каржы укугунун укуктук институттарынан бири салык укугу болуп, ал салык төлөмдөрүн киргизүү жана өндүрүү учурунда калыптанат.

Өзбекстан Республикасынын аймагында Салык кодексинде каралган салыктар жана башка милдеттүү төлөмдөр ишке ашырылат.

Салыктарга төмөнкүлөр кирет:

- юридикалык жактардан алына турган киреше салыгы;
- жеке адамдардан алына турган киреше салыгы;
- кошулган нарк салыгы;

Салыктар – аларды төлөөчү адамдар үчүн кулдуктун эмес, азаттыктын белгиси болуп саналат.

**А. Смит,**
*салыкка тартуу теориясынын негиздөөчүсү*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Салыктар жалпы бийликтин ажырагыс бөлүктөрү болгон армия, сот, мамлекеттик аппараттын ишкердигин жана мамлекттин башка керектөөлөрүн материалдык жактан камсыздоо үчүн зарыл.

Салык жана башка милдеттүү төлөмдөрдүн элементтерине төмөнкүлөр кирет:

- ✓ салыкка тартуу объекти;
- ✓ салык салына турган база;
- ✓ ставка;
- ✓ эсептеп чыгуунун тартиби;
- ✓ салык доору;
- ✓ салык отчётун тапшыруу тартиби;
- ✓ төлөөнүн тартиби.

- ➔ акциз салыгы;
- ➔ жердин астынан пайдалануучулар үчүн салыктар жана атайын төлөмдөр;
- ➔ суу ресурстарынан пайдалангандык үчүн салык;
- ➔ мүлк салыгы;
- ➔ жер салыгы;
- ➔ бензин, дизель отуну жана газ иштеткендик үчүн салык.

Башка милдеттүү төлөмдөргө төмөнкүлөр кирет:

- ➔ мамлекеттин максаттуу фонддоруна милдеттүү төлөмдөр:
  - ✓ жалгыз социалдык төлөм;
  - ✓ бюджеттен тышкары Пенсия фондуна жарандардын камсыздоо төлөмдөрү;
  - ✓ мамлекеттин максаттуу фонддоруна милдеттүү отчислениелер;
  - ✓ Республика жол фондуна жыйымдар;
- ➔ мамлекет бажы;
- ➔ бажыкана төлөмдөрү;
- ➔ айрым түрдөгү товарлар менен чекене соода жүргүзүү жана айрым түрдөгү кызматтарды көрсөтүү укугу үчүн жыйым.

## Укук тарыхынан

Салык укугунун алгачкы жазма нормативдери Хаммурапинин мыйзамдарында (б. з. ч. XVIII кылым) көрсөтүп өтүлгөн болуп, анда, биринчиден, салыктардын эки көрүнүшү – падышанын казнасына төлөнчү борборлошкон салыктар жана жергиликтүү ак сөөктөрдүн казнасына төлөнчү жергиликтүү салыктар; экинчиден, салык субъекттери; үчүнчүдөн, салык объекттери; төртүнчүдөн, салыктарды өндүрүүнүн тартиби; бешинчиден, жоопкерчилик чаралары жана башкалар бекемдеп коюлган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өлкөбүздө Салык кодексинде белгиленген учурларда жана салыкка тартуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн тартибинде төмөнкү салыктар төлөнүшү мүмкүн:

- жалгыз салык төлөмү;
- жалгыз жер салыгы;
- ишкердиктин айрым түрлөрү боюнча сөзсүз белгиленген салык.

Мамлекеттин жалпы улуттук программаларын ишке ашыруу доорунда тиешелүү фонддорду түзүү мүмкүн болуп, аларга мыйзам документтеринде каралган тартипте милдеттүү төлөмдөр белгиленет.

## Салыктар жана башка милдеттүү төлөмдөрдүн элементтери

Салык же башка милдеттүү төлөм жөнүндөгү мыйзам документтеринде аны төлөөчүлөр, ошондой эле аны эсептеп чыгуу жана төлөө үчүн зарыл элементтер белгилеп коюлган учурда гана ошол салык же төлөм белгиленген деп эсептелет.

Салык кодексинде каралган учурларда салык же башка милдеттүү төлөм белгиленип жатканда, салык жөнүндөгү мыйзам документтеринде салык жеңилдиктери, ошондой эле алардын салык төлөөчү тарабынан колдонулушу үчүн негиздер каралышы мүмкүн.





Жеке адамдардын салыкка тиешелүү укук бузууларды жасагандык үчүн жоопкердиги он алты жаштан баштап орнотулат.



Мыйзам күчтүү, бирок керектөө андан да күчтүүрөөк.

**Гёте**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Салыктын укуктук мамилелери – салык укугу нормативдери менен жөнгө салынган социалдык каржылык мамилелер болуп, бул мамилелер салыктарды киргизүү, юридикалык жак жана жеке адамдардан, салык төлөөчүлөрдүн башка тайпаларынан салыктарды өндүрүү жараянында пайда болот.

Салык төлөөчүлөр, салыктар жана башка милдеттүү төлөмдөрдүн элементтери ар бир салык же башка милдеттүү төлөмгө карата белгиленет.

Салык укуктук мамилелери төмөнкү өзгөчөлүктөргө ээ:

*биринчиден,* салыктарды жана башка милдеттүү төлөмдөрдү орнотуу жана өндүрүүгө багытталган мамлекетттин ишкердиги жараянында пайда болот;

*экинчиден,* максаттуу системага ээ, б. а. салык укуктук мамилелеринин системасы белгилүү бир максатка – салыктарды орнотуу жана өндүрүүгө багытталган;

*үчүнчүдөн,* белгилүү бир субъекттердин ортосунда боло турган анык байланыштарды жөнгө салат;

*төртүнчүдөн,* мамлекеттин мажбурлоо күчү менен корголот, б. а. салык мыйзамдары бузулганда мамлекеттин мажбурлоо чаралары аракетке келет.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Өзбекстан Республикасынын Салык, Өзбекстан Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү жана Кылмыш кодекстерин тап.
   Өзбекстан Республикасынын Салык кодекси-нен салык төлөөчүлөрдүн укук жана милдетери белгиленген эрежелерди оку жана түшүндүрүп бер. Бул милдеттерди аткарбагандык үчүн мыйзамда кандай жазалар белгилениши мүмкүндүгүн Өзбекстан Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү жана Кылмыш кодекстеринен аныкта.
2. Өзбекстан Республикасы аймагында Салык кодексинде каралган кандай салыктар жана башка милдеттүү төлөмдөр амал кылат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 22-§ Мамлекет насыясынын укуктук негиздери

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Мамлекет насыясы түшүнүгү.
- Мамлекеттин карызы.

## Мемлекет насыясы

Кошумча каражаттарды жаратуу максатында мамлекет аларды колдонуунун түрдүү усулдарын колдошу мүмкүн. Ошентип каржылык мамилелердин атайын системасы – мамлекет насыясы пайда болот.

Мамлекет насыясында насыя мамилелеринин субъекттери, бир жактан, мамлекет, экинчи жактан, юридикалык жак же жеке адам болот. Мында мамлекет бул мамилелерде каралган субъекттердин убактылуу бош турган каражаттарын карызга алуучу иретинде катышат.

Мамлекет насыясы боюнча пайда болгон укуктук мамилелер ар кандай каржылык-укуктук мами-

**Мамлекет насыясы** – мамлекет тарабынан өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн олуттуу маселелерине сарптоо жана бюджеттин жеттишсиздигин каптоо үчүн зарыл болгон кошумча каржылык ресурстарды ага багыттоо максатында юридикалык жак жана жеке адамдардын бош турган акча каражаттарын кайтаруу, мөөнөттүүлүк, арам ойсуздук жана көңүлдүүлүк принциптерине негизделип пайдалануу боюнча каржы укугу менен жөнгө салына турган мамилелер болуп саналат.

Насыя (лат. creditium – ссуда) – акча же товарларды, адатта, пайызын төлөп кайтаруу шарты менен берүү болуп, кредитор менен карыз алуучунун ортосундагы экономикалык мамилелерди туюнтат.

Насыянын суммасы – бул карызга бериле турган акча бирдигинин саны.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Насыянын механизми** – насыя мамилелерин уюштурууда колдонула турган элементтер комплекси.

**Насыянын объекти** – убактылуу бош турган, берилиши мүмкүн болгон акча жана товарлар.

**Насыянын субъекттери** – ар түрдүү болушу мүмкүн. Аларга ишкана, фирма, уюм, мамлекет жана түрдүү тайпадагы калк кирет.

лелерге мүнөздүү бардык белгилерге ээ. Бул алардын объектине, мамлекет же ал тарабынан ыйгарым укук берилген органдын ушул мамилелердин милдеттүү субъекти иретинде катышуусуна, мамлекет насыясы жаатындагы укуктук мамилелердин мамлекеттик бийлик өзгөчөлүгүнө таандык. Каржылык укуктук мамилелер мүлктүк өзгөчөлүккө ээ, анткени алар акча каражаттары себептүү пайда болот. Бирок мамлекеттин насыясы боюнча бул мамилелердин объекти каалагандай каражаттар эмес, юридикалык жак жана жеке адамдардын убактылуу бош турган каражаттары болушу мүмкүн.

Мамлекет насыясы жаатында мамлекеттин карыз милдеттери боюнча мамилелер гана эмес, ошондой эле мамлекет карызынын иштешине ортомчулук кылган укуктук мамилелер да пайда болот. Алардын катарына төмөнкүлөр кирет:

- Өкмөт менен Борбордук банктын ортосунда кийинки каржы жылында насыялоонун ички жана тышкы булактарынан карыз алуунун пландары жөнүндө кеңешүү учурунда пайда боло турган укуктук мамилелер;
- Өзбекстан Республикасы мамлекеттик карыз милдеттерин чыгаруунун шарттары, мамлекеттин заёмдору боюнча тейлөө жана аларды мамилеге чыгаруунун тартибин белгилөө;
- мамлекеттин кыска мөөнөттүү облигацияларынын базарында дилерлик функцияларын аткаруу үчүн келишимдер түзүү, мамлекеттин заёмдору облигацияларын жайлаштыруу жана мамилеге чыгаруу менен байланыштуу уюмдардын ишин көзөмөлдөө учурунда Борбордук банк менен уюмдардын ортосунда пайда болгон укуктук мамилелер жана у. с.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Мамлекеттин карызы

Мамлекеттин карызы – мамлекеттин тышкы жана ички насыя операциялары боюнча карыздарлык суммасы. Мамлекеттин заёмдору насыя мамилелеринин бир түрү болуп, анда мамлекет же жергиликтүү органдар карыз алуучу же карыз берүүчү иретинде катышат.

Сарптарды өз маалында жана толук ишке ашыруу максатында мамлекет заёмдорду жана каржы базарынан каражаттарды ишке салат.

Акча каражаттарын ишке салуу мамлекеттин каржы базарындагы ишкердигинин пассивдүү формасы иретинде мүнөздөлөт. Мамлекеттин акча каражаттарын карызга бериши анын каржы базарындагы аракетинин активдүү формасы иретинде каралат.

**Мамлекеттин карызы –** Өзбекстан Республикасынын ички жана тышкы каражаттарын ишке тартуунун натыйжасында келип чыккан милдеттери.

### Суроо жана тапшырмалар

Берилген текстти оку жана суроолорго жооп бер.

*Эл аралык валюта фонду мамлекеттин (ички) карызы болгон дүйнөнүн 20 мамлекетин белгилеп берди. Бул тизмеде Япония жетекчилик кылууда. 1990-жылдардын башынан Япония үзгүлтүксүз тургундукту башынан өткөрдү. Учурда Япониянын өкмөтү өлкөдөгү салык түшүмдөрүнүн дээрлик жарымын чоң сандагы карызды төлөөгө сарптап жатат. Ошого карабастан, 10 жылдык япон облигациялары боюнча кирешелүүлүгү 1 % дан төмөн деңгээлде калууда.*

1. 10 жылдык япон облигациялары боюнча кирешелүүлүгү таң каларлуу түрдө 1 % дан төмөн деңгээлде калышынын себеби эмнеде деп ойлойсуң?
2. Япон элинин патриоттуулугу боюнча пикир билдир.
3. Экспресс тест тапшырмасын аткар.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Насыянын субъекттери | а | – убактылуу бош турган, берилиши мүмкүн болгон акча жана товарлар. |
| 2 | Насыянын объекти | б | – карызга бериле турган акча бирдигинин саны. |
| 3 | Насыянын суммасы | в | – мамлекеттин тышкы жана ички насыя операциялары боюнча карыздарлык суммасы. |
| 4 | Мамлекеттин карызы | г | – ишкана, фирма, уюм, мамлекет жана түрдүү тайпадагы калк. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IV бөлүм. ЭКОЛОГИЯ УКУГУ

## 23-§ Табиятты коргоонун укуктук негиздери



**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Өзбекстан Республикасы Конституциясы — экология укугунун негизги булагы.
- Экология укугунун максат-милдеттери жана негизги принциптери.

### Өзбекстан Республикасы Конституциясы – экология укугунун негизги булагы

Экология укугунун булактары дегенде, айлана-чөйрөнү коргоо, табигый ресурстардан акылмандык менен пайдалануу жана калктын экологиялык коопсуздугун камсыздоо менен байланыштуу социалдык мамилелерди жөнгө салууга кызмат кылган мыйзам документтерин түшүнөбүз.

Өзбекстан Республикасынын Конституциясы Экология укугунун негизги булагы эсептелет.

Конституциябызда адам, коом жана мамлекеттин социалдык, экономикалык, саясий-укуктук, маданий-агартуу жаатындагы негиздери бекемделген болуп, ал айлана-чөйрөнү коргоо, табигый ресурстардан акылмандык менен пайдалануу боюнча мамлекеттик-укуктук механизмди калыптандырууда чоң мааниге ээ.

Андыктан Конституцияда белгиленген эрежелер аркылуу юридикалык жак жана жеке адамдар экологиялык укук, милдет жана эркиндиктерин туюнтушат.

Жарандар айланадагы табигый чөйрөгө этияттык менен мамиле жасоого милдеттүү.

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 50-статья**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Конституциябызда жарандар айланадагы табигый чөйрөгө этияттык менен мамиледе болушу милдет иретинде белгиленет. Муну менен болсо, экологияга карата акылмандык менен мамиледе болуу мамлекеттик саясат деңгээлинде каралат.

Конституциянын «Коомдун экономикалык негиздери» бөлүмүнүн статьяларында мүлк укугунун мазмуну таанылса, экинчиден, мүлктөн пайдалануу укугуна ээ болгон юридикалык жак жана жеке адамдардын чарбалык жана өндүрүштүк жараяндарда экологиялык чөйрөгө зыян жеткирбестиги, б. а. алардын экологиялык милдеттери бекемделет.

Конституциянын 55-статьясында, биринчиден, эгемендүүлүгүбүздүн материалдык негизин түзгөн табигый байлыктар элибиздин байлыгы, мүлкү экендиги, экинчиден, табигый ресурстардан акылмандык менен пайдалануунун зарылдыгы, үчүнчүдөн, республикабыздын табияты мамлекеттик коргоого алынгандыгы, б. а. экологиялык-укуктук мамилелер мамлекет тарабынан кепилдениши сыяктуу маанилүү принциптер көздө тутулат.

Учурда дүйнөнүн көптөгөн аймактарында таза ичилүүчү сууну кемчил болуп бара жатат. Албетте, булардын бардыгы суу бассейндеринин булганышы, экологиялык нормативдердин бузулушу натыйжасында суу корлору сапатынын жамандашы себептүү болуп жаткандыгы бүгүн эч кимибизге сыр эмес. Айта кетчү жери, өнөр жайдын чыгындылары жана жер семирткичтерден интенсивдүү пайдалануу көптөгөн учурларда сууда зыяндуу химиялык заттардын көбөйүшүнө себепчи болуп, туура эмес суугаруулар топурактын шордошуна жана суунун булгануу деңгээлинин жогорулашына алып келет.

Жер, жер асты байлыктары, суу, өсүмдүк жана айбанаттар дүйнөсү жана башка табигый корлор жалпы улуттук байлык саналат, алардан акылмандык менен пайдалануу зарыл жана алар мамлекеттин коргоосунда.

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 55-статья**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Экология укугунун максат-милдеттери жана негизги принциптери

Экологиялык кооп салуу дегенде эмнени түшүнөсүң?

Экология укугу табият-коом системасындагы экологиялык-укуктук мамилелерди жөнгө салууга багытталган кең көлөмдүү укук тармактарынан бири болуп, табият менен коомдун ортосундагы социалдык мамилелерди укуктук жактан жөнгө салууну үйрөнүүчү илим саналат.

Экологиялык мамилелер системасында табигый ресурстар, б. а. жер, жер асты байлыктары, суу, өсүмдүк жана айбанаттар дүйнөсүнөн пайдалануу кеңири жана маанилүү орунду ээлейт.

Табигый ресурстардан акылсыздык менен пайдалануунун натыйжасында табиятта түрдүү экологиялык көйгөйлөр пайда болот жана экологиялык кризис кескиндешет. Экология укугунун принциптери табият-коом системасындагы өз ара мамилелердин багытын, чек араларын белгилеп берүүдө, экологиялык-укуктук механизмдин туруктуулугун кепилдөөдө жана мыйзамдар

### Укук тарыхынан

Республикабыз бир топ табиятты коргоо жаатындагы эл аралык-укуктук документтерге, алсак, 1992-жылдагы «Биологиялык көп түрдүүлүк жөнүндөгү» Рио-де-Жанейро Конвенциясына, 1972-жылдагы «Дүйнөнүн маданий жана табигый мурасын коргоо жөнүндөгү» Конвенцияга, 1995-жылдын 16-июнундагы «Азия жана Африка саздарында жашоочу жана көчүп жүрүүчү куштарды коргоо жөнүндөгү» келишимге, 1973-жылдын 3-мартындагы «Жоголуу алдындагы жапайы флора жана фаунанын түрлөрү менен эл аралык соода-сатык жүргүзүү жөнүндөгү» Конвенцияга, 1976-жылдын 10-декабрындагы Айлана-чөйрөгө карата аскердик же башка зыян жеткирүүчү каражаттардын иштетилишинин алдын алуу боюнча Конвенцияга, 1992-жылдын 9-майындагы «Климаттын өзгөрүшү жөнүндөгү» Рамкалуу конвенцияга, 1985-жылдын 22-мартындагы «Озон катмарын сактоо жөнүндөгү» Конвенцияга, «Озон катмарын бузуучу заттар жөнүндөгү» Монреаль протоколуна, ЕХХТнын 1991-жылдын 17-декабрындагы «Энергетикалык хартиясына», 1994-жылдын 15-апрелиндеги «Чөлдөр санынын көбөйүшүнө жана кургакчылыкка каршы» Конвенцияга жана башкаларга кошулган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

эреже-талаптарынын экологиялык мамилелерин жөнгө салууда чоң мааниге ээ.

Табият менен коомдун ортосундагы өз ара мамилелер көп түрдүү жана татаал болгондуктан, экология укугунун принциптерин төмөнкү системага бөлүшөт:

- мамлекет жана укуктун жалпы принциптери;
- айланадагы табигый чөйрөнү коргоого тиешелүү принциптер;
- табигый ресурстардан акылмандык менен пайдаланууга багытталган принциптер.

Экология укугу укук системасынын тармагы иретинде экологиялык мамилелерди жөнгө салууда мыйзамдуулук, социалдык адилеттүүлүк, ашкерелик, ишендирүү жана мажбурлоо чараларынын шериктештигинен, адамдар укук жана милдеттеринин бирдигинен жана башкалардан пайдаланат.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Текстти оку жана экологиялык кырсыктын коомго көрсөткөн социалдык, экономикалык, саясий, руханий таасирлерин түшүндүр.

*Арал деңизинин кырсыкка кабылышы табиятка да чоң зыян жеткирүүдө. Региондо өсүмдөк жана айбанаттар дүйнөсү генофондунун дээрлик жарымынан көбү, б. а. балыктардын 11, сүт эмүүчүлөрдүн 12, куштардын 26 жана өсүмдүктүн 11 түрү жок болуп кеткен.*

2. Өлкөбүздө айлана-чөйрөнү, табиятты коргоо боюнча кабыл алынган мыйзам жана мыйзамасты документтерин чогулт жана таанышып чык. Бул документтердин кабыл алынышынан көздөлгөн негизги максаттарды аныкта.
3. Өзүң айлана-чөйрөнү, табиятты коргоодо кандай катышып жатасың?

### Арал деңизинин тарыхынан

XX кылымдын 60-жылдарында Амударыя менен Сырдарыядан Арал деңизине жыл сайын 56 куб км суу куюлган. Калктын сезилерлүү деңгээлде көбөйүшү, урбанизация, жерлердин тез темптер менен өздөштүрүлүшү, экологиялык натыйжаларды ойлобостон Арал деңизи бассейнинде ири гидротехникалык жана ирригациялык курулуштардын алып барылышы планетадагы эң кооз бассейндин кургашына алып келди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 24-§ Экологиялык укук бузгандык үчүн жоопкерчилик

**Экология укугу** – табият менен коомдун ортосунда пайда боло турган социалдык мамилелерди укуктук жактан жөнгө салууну үйрөнүүчү фонд. Экология укугу учурда Өзбекстан Республикасынын көз карандысыз укук системасында өзүнүн орду жана потенциалына ээ болгон өз алдынча багыт жана өзгөчөлүктөргө ээ болгон укук тармагы болуп эсептелет.

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Экологиялык жоопкерчилик түшүнүгү, маани-мазмуну жана түрлөрү.
- Өзбекстан Республикасынын «Табиятты коргоо жөнүндөгү» Мыйзамы.
- Экологиядык укук бузгандык үчүн жоопкерчилик.

Экологиялык жоопкерчилик дегенде, ахлактык баалуулуктар, улуттук жана эл аралык укук нормалары тарабынан айланадагы табигый чөйрөнү коргоо максатында орнотулган эреже жана нормативдердин кандайдыр мамлекет, юридикалык жак же жеке адамдар тарабынан бузулушу натыйжасында аларга карата колдонула турган жаза чараларын түшүнөбүз.

Экологиялык жоопкерчилик мааниси жана мазмуну боюнча үч көрүнүшкө ээ:

– экологиялык-социалдык жоопкерчилик;
– экологиялык-экономикалык жоопкерчилик;
– экологиялык-укуктук жоопкерчилик.

**Экологиялык-социалдык жоопкерчилик** адамдардын коомчулук алдындагы жоопкерчилиги эсептелет.

**Экологиялык-экономикалык жоопкерчилик** экономикалык-укуктук жоопкерчиликтин бир түрү болуп, ал улуттук же эл аралык укук нормаларында белгиленген эреже, нормативдердин бузулушу болуп, мунун натыйжасында аларга карата экономикалык жоопкерчилик чарасынын төлөм түрү колдонулат.

Экономикалык жоопкерчилик иретинде табигый ресурстардан пайдалануу жана айлана-чөйрөнү булгагандык үчүн төлөмдөр колдонулат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Экологиялык-укуктук жоопкерчилик**ке улуттук жана эл аралык укук нормаларында белгиленген экологиялык мамиленин катышуучулары үчүн милдеттүү күчкө ээ эреже жана нормативдерди бузгандар үчүн юридикалык түрдөгү жаза чараларынын колдонулушу кирет.

## Өзбекстан Республикасынын «Табиятты коргоо жөнүндөгү» Мыйзамы

Өзбекстан Республикасынын «Табиятты коргоо жөнүндөгү» Мыйзамы табигый чөйрөнү сактоонун, табигый ресурстардан акылмандык менен пайдалануунун укуктук жана экономикалык негиздерин белгилеп берет. Мыйзамдын максаты адам менен табияттын ортосундагы мамилелердин шайкеш өнүгүшүн, экология системаларын, жаратылыш комплекстерин жана айрым объекттерди коргоону камсыздоодон, жарандардын ыңгайлуу айлана-чөйрөгө ээ болуу укугун кепилдөөдөн турат.

## Табиятты коргоо боюнча мыйзамдарды бузгандык үчүн жоопкерчилик

Табиятты коргоонун стандарттарын, нормаларын, эрежелерин жана башка нормативдик-техникалык талаптарын бузууда, ошонун катарында:

- ишкана, курулуш, транспорт каражаттары жана башка объекттерди пландаштыруу, куруу, тургузуу жана ремонттоо, алардан пайдалануу же аларды жоюу учурунда, экология көз карашынан кооптуу продукцияларды четке чыгаруу жана четтен алып кирүүдө аймактын белгилеп коюлган экология сыйымдуулугун, нормаларын, эрежелерин бузууда;
- табигый байлыктардан ээнбаштык менен пайдаланууда, мамлекеттик экология экспертизасынын талаптарын аткарбагандыкта;

Экологиялык жоопкерчилик экологиялык коопсуз чөйрөнү камсыздоодогу мамлекет, коом жана адамдардын учурдагы жана келечек муун алдындагы милдеттери жана аларды аткарбагандыгы себептүү алынган социалдык-экономикалык жана юридикалык мүнөздөгү натыйжалар болуп саналат.

**Экологиялык кылмыштар** – айланадагы табигый чөйрөгө социалдык кооптуу зыян жеткирүүчү социалдык кооптуу жазыктардын жыйнагы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

- табигый ресурстардан пайдалангандык үчүн белгиленген төлөмдү, ошондой эле айлана-чөйрөнү булгагандык жана ага зыяндуу таасир көрсөтүүнүн башка түрлөрү үчүн кенемте төлөмдөрүн төлөөдөн баш тарткандыкта;
- табиятты коргоо объекттерин куруунун пландарын, табиятты коргоого тиешелүү башка чараларды аткарбастыкта;
- айланадагы табигый чөйрөнү кайра калыбына келтирүү, ага болгон зыяндуу таасирдин натыйжаларын жоюу жана табигый ресурстарды кайра өндүрүү чараларын көрбөгөндүктө;

Өткөн кылымдын ортолорунда атмосферанын курамында $CO_2$ нин саны 0,02 % болсо, учурда бул цифра 0,03 % га чейин ашкан. Тышкы чөйрөгө чыгарыла турган $CO_2$ нин 31 % ын АКШ, 18 % ын КМШ өлкөлөрү, 7 % ын Кытай, 5,4 % ын Германия, 4,7 % ын Япония, 3 % ын Франция чыгарууда. Калган 31 % ы болсо башка мамлекеттердин үлүшүнө туура келет.

**12-статья. Адамдын жашоо үчүн ыңгайлуу айланадагы табигый чөйрөгө ээ болуу укугу жана бул чөйрөнү сактап калуу боюнча милдети**

Өзбекстан Республикасынын калкы өзүнүн ден соолугу жана келечек муундун ден соолугу үчүн ыңгайлуу табигый чөйрөдө жашоо, ден соолугун айлана-чөйрөнүн зыяндуу таасиринен коргоо укугуна ээ.

Мына ушул максатта Өзбекстан Республикасынын калкы табиятты коргоо боюнча жамаат уюмдарына биригүү, айланадагы табигый чөйрөнүн абалы жана аны коргоо боюнча көрүлүп жаткан иш-чараларга тиешелүү маалыматтарды талап кылуу жана алуу укугуна ээ.


Өзбекстан Республикасынын калкы табигый ресурстардан акылмандык менен пайдаланууга, табият байлыктарына этияттык менен мамиле жасоого, экологиянын талаптарына баш ийүүгө тийиш.


**Өзбекстан Республикасынын «Табиятты коргоо жөнүндөгү» Мыйзамы**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE









- табиятты коргоонун үстүнөн мамлекет көзөмөлүн жүргүзүүчү органдардын көрсөтмөлөрүн аткарбагандыкта;
- табиятты коргоо объекттери жана корголо турган табигый аймактардын укуктук режимин бузгандыкта;
- айланадагы табигый чөйрөгө зыяндуу таасирди эсепке алуу эрежелерин бузгандыкта;
- чыгындыларды, химиялык каражаттарды, радиоактивдүү жана зыяндуу химиялык заттарды сактоо, ташуу, алардан пайдалануу, аларды зыянсыздандыруу жана көмүп салуу учурунда табиятты коргоонун талаптарын бузгандыкта;
- айланадагы табигый чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекет көзөмөлүн жүргүзүүчү мансап адамдарынын объекттерге барышына, айрым адамдарга жана табиятты коргоонун жамаат уюмдарына болсо, өз укук жана милдеттерин аткарууга тоскоол болгондукта;
- айланадагы табигый чөйрөнүн абалы жана анын ресурстарынан пайдалануу жөнүндө өз маалында жана туура маалымат берүүдөн баш тарткандыкта күнөөлүү болгон адамдар Өзбекстан Республикасынын мыйзамдары боюнча административдик, кылмыштык жана башка түрдөгү жоопкерчиликке тартылат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE









## Суроо жана тапшырмалар

1. Илим-техниканын таасиринде айлана-чөйрөдөгү өзгөрүү жараянынын мазмунун түшүндүр.
2. Экологиялык кризис дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Өзбекстан Республикасы Кылмыш кодексинин 193–196-статьяларын оку жана кылмыш субъекттерин аныкта. Кылмыштын субъективдүү жагына баа бер.

Бойго жетпеген адамдардын жоопкерчилик чегин аныкта.

*1. А., К. жана В. ысымдуу адамдар (бардыгы 16 жашта) токойго эс алууга чыгышты. Алар от жагышты жана ага көптөгөн жаңы кесилген дарак бутактарын таштышты. Заматта өрттү башкара албай калышты жана өрт шамалдын таасиринде тез тарала баштады. Мунун натыйжасында табиятка көп санда зыян жеткирилди.*

*2. Бойго жетпеген Н. ысымдуу адам өндүрүштүк ишканадан чыккан чыгындыларды белгиленген орго төкпөй, жакын жердеги суу бассейнине төгүп салышынын натыйжасында айылда жугуштуу оору эпидемиясынын таралышына себепчи болду, ошондой эле мал чарбасынын да оорусуна алып келди.*

*3. Күзгү каникул күндөрү Г. ата-энеси жана инилери менен дачага эс алууга барды. Кеч күз болгондуктан айлана-чөйрөнү дарактын жалбырактары каптаган. Г. инилери менен короодогу жана көчөдөгү жалбырактарды короонун бир четине чогултту да, өрттөп жиберди. Муну көргөн атасы заматта келип, өрттү өчүрдү жана уулуна эскертти. Тереңирээк ор казууну жана жалбырактарды ошол орго көөмп салууну буюрду. Эгерде жалбырактар өрттөп жиберилсе, анда кандай укуктук натыйжа алынышы мүмкүн эле?*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# V бөлүм. ПРОЦЕССУАЛДЫК УКУК

## 25-26-§ Кылмыш-процессуалдык мыйзам документтери



**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Өзбекстан Республикасы Конституциясы процессуалдык укуктун негизги булагы.
- Эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринин процессуалдык мыйзамдуулукта таанылышы. Күнөөсүздүк жоромолу.
- Кылмыш-процессуалдык мыйзам документтеринин милдеттери.
- Өзбекстан Республикасынын Жарандык процессуалдык жана Кылмыш-процессуалдык кодекстери.



Өзбекстан Республикасында демократия жалпы инсандык принциптерге негизделет, алар боюнча адам, анын өмүрү, эркиндиги, аброю, кадыр-баркы жана башка колтийгис укуктары жогорку баалуулук эсептелет.

**Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 13-статьясынан**

### Өзбекстан Республикасы Конституциясы процессуалдык укуктун негизги булагы

Кылмыш-процессуалдык укук сотто иштин жүрүшүн, ошондой эле, сураштырып билүү жана баштапкы тергөө жараянында катышуучулардын жана башка таламдуу адамдардын укуктарын көздө тутат. Процессуалдык укук Өзбекстан Республикасынын Конституциясында белгиленген адам укук жана эркиндиктеринин керексиз жана негизсиз чектелбестигине кызмат кылат.

Процессуалдык укуктар демократиялык мүнөздө болуп, доо жана чырлардын, укук бузуунун, ошонун



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

катарында, кылмыш иштерин тез жана туура текшерилишин, негиздүү, мыйзамдуу жана адилеттүү чечилишин кепилдейт.

Процессуалдык укук юридикалык жактардын кызыкчылыктарын коргоого да кызмат кылат. Кылмыш ишинде шектелген адам менен күнөөлөнүүчүнүн эң маанилүү процессуалдык укугу коргонуу жана коргоочунун жардамынан пайдалануудан турат.

### Жалпы кабыл алынган эл аралык укук принциптеринин процессуалдык мыйзамдуулукта таанылышы

Адамдардын саясий укук жана эркиндиктерин камсыздаган маанилүү эл аралык укуктук документ 1966-жылдын 16-декабрында БУУ тарабынан кабыл алынган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык Пакт эсептелет. Бул Пакт 5 бөлүк, 53 статьяны өз ичине алат.

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык Пакт биринчи кезекте бардык жарандардын саясий укуктарын, мамлекеттик жана коомдук иштерди башкарууда катышуусун камсыздап берет.

Бул пакттын 14-статьясынын үчүнчү бөлүгү жана Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндөгү Европа концепциясынын 6-статьясынын

Кылмыш жасагандыкта күнөөлөнүп жаткан ар бир адамдын иши сотто мыйзамдык тартипте, ашкере көрүп чыгылып, анын күнөөсү аныкталганга чейин ал күнөөлүү эсептелбейт. Сотто күнөөлөнүп жаткан адамга өзүн коргоо үчүн бардык шарттар камсыздалат.

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 26-статья**

## Эл аралык укук

Бардык адамдар мыйзамдын алдында тең жана эч бир айырмасыз мыйзам менен тең коргонуу укугуна ээ. Бардык адамдар ушул Декларацияга каршы болгон ар кандай кемсинтүүдөн жана ошондой кемсинтүүгө үндөй турган ар кандай өчөштүрүүдөн тең коргонуу укугуна ээ.

**Адам укуктары бүткүл дүйнөлүк декларациясынын 7-статьясынан**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

үчүнчү бөлүгү боюнча кылмыш жасоодо күнөөлөнүп жаткан адамдын сот ишин негизсиз кечиктирүүгө жол коюлбайт. Күнөөлөнүүчүнүн бул укугу адилеттүүлүктүн негизги кепилдеринен бирин өзүндө туюнтат. Сот тарабынан кылмыш ишинин кошумча тергөө жүргүзүү үчүн кайтарылышы болсо ушул кепилдикке каршы келет.

## Күнөөсүздүк жоромолу

Күнөөсүздүк жоромолу боюнча күнөөлүүнүн кылмышы мыйзамдык тартипте далилденгенге чейин ал күнөөсүз деп эсептелет. Шектелүүчү, күнөөлөнүүчү же соттолуучу анын кылмышта күнөөсүз экендиги мыйзамда каралган тартипте далилденгенге чейин жана соттун өкүмү менен мыйзамдык күчкө киргенге чейин күнөөсүз саналат. Ал өзүнүн күнөөсүз экендигин далилдөөгө тийиш эмес. Күнөөлүүлүк боюнча бардык шек саноолор, эгерде аларды жоюунун мүмкүнчүлүгү болбосо, шектелген, күнөөлөнүүчү же соттолуучунун пайдасына чечилүүгө тийиш. Мыйзам колдонулуп жатканда келип чыга турган шек саноолор да анын, күнөөлөнүүчүнүн, соттолуучунун пайдасына чечилет.

**23-статья. Күнөөсүздүк жоромолу**

Шектелүүчү, күнөөлөнүүчү же соттолуучу анын кылмыш жасоодо күнөөлүү экендиги мыйзамда каралган тартипте далилденгенге чейин жана мыйзамдык күчкө кирген соттун өкүмү менен аныкталганга чейин күнөөсүз эсептелет.

**Өзбекстан Республикасынын Кылмыш-процессуалдык кодексинен**

### Эл аралык укук

1. Кылмыш жасагандыкта күнөөлөнгөн ар бир адам коргонушу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр камсыздалган түрдө, ачык сот чогулушу жолу менен анын күнөөсү мыйзамдык тартипте аныкталганга чейин күнөөсүз деп эсептелүүгө акылуу.

2. Эч ким жасалган учурда улуттук мыйзам же эл аралык укуктар боюнча кылмыш деп табылбаган кыймыл-аракети же аракетсиздиги үчүн жазага өкүм кылынууга тийиш эмес. Ошондой эле, кылмыш жасалган учурда колдонулушу мүмкүн болгон жазага салыштырмалуу оорураак жаза берилиши мүмкүн эмес.

**Адам укуктары бүткүл дүйнөлүк декларациясынын 11-статьясынан**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ар бир адамга өзүнүн укук жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоо, мамлекеттик органдар, мансап адамдары, коомдук бирикмелердин мыйзамга каршы кыймыл-аракеттери үстүнөн сотко даттануу укугу кепилденет.

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 44-статья**

## Кылмыш-процессуалдык мыйзам документтеринин милдеттери

Кылмыш-процессуалдык мыйзам документтеринин милдеттери кылмыштарды тез жана толук ачуудан, кылмыш жасаган ар бир адамга адилеттүү жаза берилишин жана күнөөсү болбогон эч бир адам жоопкерчиликке тартылбастыгы жана өкүм кылынбастыгы үчүн күнөөлүүлөрдүн бетин ачуудан жана Мыйзамдын туура колдонулушун камсыздоодон турат.

Кылмыш иштерин жүргүзүүнүн кылмыш-процессуалдык мыйзамдарда белгиленген тартиби мыйзамдуулукту бекемдөөгө, кылмыштардын алдын алууга, адам, мамлекет жана коомдун кызыкчылыктарын коргоого жардам берүүгө тийиш.

Кылмыш процесси — процесс катышуучуларынын белгилүү Кылмыш-процессуалдык ишкердигин жана ошол ишке тиешелүү болгон укуктук мамилелер системасын түзөт.

Кылмыш процессинин милдеттери — кылмыштарды ачуу, күнөөлүүлөрдү адилеттүү жазалоо, ошондой эле башка кылмыштардын алдын алуу, жарандарды мыйзамдуулукка баш ийүү рухунда тарбиялоодон турат.

Кылмыш процессинин ажырагыс өзгөчөлүгүн анын укуктук табияты — бул иштин жана тиешелүү социалдык мамилелердин мыйзам жактан катуу жөнгө салынышы түзөт.

Кылмыш-процессуалдык мыйзамы белгилүү процессуалдык аракеттерди документтештире турган тиешелүү документтер: сураштырып билүү жана баштапкы тергөө баскычында — токтомдор жана баяндамалар, соттун талкуулоо баскычында — чечимдер, өкүмдөр жана башкаларды көздө тутат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Суроо жана тапшырмалар

*Машинасында оорукананын эшигине чейин келген Ш. ысымдуу адам арткы орунда отурган, башынган кан сызып чыгып жаткан, кийимдери чаң, колу-буту шылынган, алсыз 10 жаштардагы бир кызды көтөрүп алды да, чуркаган бойдон кабылдамага шашты. Жашы кырктардан ашкан орто бойлуу врачтын: «Эмне болду?» — деп берген суроосуна: «Билбейм, көчөдөн ушул абалда таптым», — деп жооп берди. Врач кызды текшерип, медайымга тездик менен рентген бөлмөсүнө алып барууну буюрду.*

*Өзү болсо Ш. ысымдуу адамдан окуяны сурамжылап, кезекчилик дептерине жазып жатып: «Бардыгыңар ушундай дейсиңер. Кылгылыкты кылгандан кийин жооп да берүү керек, иним! — деп койду. — Биз ички иштер органдарына кабар беребиз. Мына бул жерге кол коюңуз. Машинаңыз менен телефонуңуздун номерлерин жазууну унутпаңыз. Эч жерге кетип калбаңыз, мен кыздан кабар алайын».*

*Врач кыздын алдынан кайтып келгенде Ш. ысымдуу адам кетип калган болчу. «Бул бала кылмышкер турбайбы, качып кетти», — деген ой келди врачка. Ушул мезгилде ички иштердин кызматчылары кирип келишти. Алар бир адам окуя жана кызды бул жерге алып келгендиги жөнүндө кабар бергенин айтышты. Окуя жериндеги видео жазуудан аныкталышы боюнча, «Ласетти» маркалуу ак машина кызды согуп кетип, окуя болгон жерден жашынган. Артынан келе жаткан «Матиз» автомашинасынын айдоочусу болсо кызды ооруканага алып келген. Ички иштердин кызматчылары ак «Ласеттинин» ээсин табышканын да айтып өтүштү. Врач күнөөсүз жигитти бекеринен күнөөлөгөндүгү үчүн уялып калды.*

1. Окуянын катышуучуларына өзүңдүн мамилеңди билдир.
2. Ш. ысымдуу адамды кылмышкер деп айтууга болобу?
3. Ак түстүү «Ласеттинин» айдоочусунчу?
4. Врач туура иш жасадыбы?
5. Бул жерде күнөөсүздүк жоромолу бузулганбы? Пикириңди негизде.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 27-§ Кылмыш процессинин катышуучулары



Кылмыш процесси төмөнкүлөр менен мүнөздөлгөн бир нече баскычтан турат:
а) кылмыш процессинин жалпы милдеттеринен келип чыккан өзүнүн өз алдынча милдеттери менен;
б) катышуучулардын өз алдынча курамы менен;
в) бул катышуучулардын өзүнө мүнөздүү аракеттери жана укуктук мамилелери менен;
д) бул ишке жыйынтык чыгарыла турган өзүнө мүнөздүү документтер менен.

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**



- Кылмыш процессинин катышуучулары.
- Процессте катышуучу башка адамдар.

Кылмыш процессинде сураштырып билүүчү, тергөөчү, судья, сот жыйналышынын катчысы, прокурор катышат. Кылмыш ишин жүргүзүүдө жамааттар жана алардын өкүлдөрү да катышышы мүмкүн.

Ошондой эле, кылмыш процессинде өзүнүн кызыкчылыктарын коргогон адамдар, коргоочулар жана өкүлдөр катышат. Аларга күнөөлөнүүчү, шектелген, коргоочу, жабыркоочу, доочу, жоопкер, шектелгендин, күнөөлөнүүчүнүн, соттолуучунун, жабыркоочунун мыйзамдык өкүлдөрү, жабыркоочунун, доочунун жана жоопкердин өкүлдөрү кирет.

Кылмыш процессинде катышуучу башка адамдар иретинде күбө, күбөнүн адвокаты, эксперт, адис, котормочу, калыстарды алууга болот.

Өзбекстан Республикасынын Кылмыш-процессуалдык кодексинде кылмыш процессинде катышуучулардын укук жана милдеттери өз алдынча каттал-ган.

Төмөнкү учурларда судья, ошондой эле элдик кеңешчи, прокурор, тергөөчү, сураштырып билүүчү, тергөөгө чейин текшерүүнү ишке ашыруучу органдын мансап адамы, сот жыйналышынын катчысы кылмыш ишин жүргүзүүдө катышууга акылуу эмес жана аны тануулга тийиш, эгерде:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1) ал ушул иш боюнча жабыркоочу, доочу, жоопкер, эксперт, адис, котормочу, калыс, күбө, коргоочу иретинде, шектелген, күнөөлөнүүчү, соттолуучунун мыйзамдык өкүлү же жабыркоочу, доочу, жоопкердин өкүлү иретинде катышып жаткан же мурда катышкан болсо;

2) ал ушул ишти жүргүзүү үчүн жооптуу болгон кандайдыр мансап адамынын же Кылмыш-процессуалдык кодексинин 76-статьясы биринчи бөлүгүнүн 1-пунктунда каралган башка адамдардын тууган-туушканы болсо;

3) анын калыстыгына жана арам ойлуулугуна шек туудурган башка жагдайлар болсо.

Судья мурда ушул ишти жүргүзүүдө тергөөгө чейин текшерүүнү ишке ашыруучу органдын мансап адамы, сураштырып билүүчү, тергөөчү, прокурор, сот жыйналышынын катчысы иретинде катышкан болсо, ошол ишти кийинки көрүүдө катыша албайт. Биринчи инстанция, аппеляция же кассация инстанциясынын сотунда же көзөмөл тартибинде ишти көрүүдө катышкан судья анын катышуусунда чыгарылган өкүм, чечим (токтом) жокко чыгарылгандан кийин ошол ишти көрүүдө катыша албайт.

Ойлоп көрчү, кылмыш процессинин баскычтары бири-биринин артынан катуу удаалаштык менен ишке ашырылса, кандай натыйжаларга алып келиши мүмкүн?

Эгерде тергөөгө чейин текшерүүнү ишке ашыруучу органдын мансап адамы Өзбекстан Республикасы Кылмыш-процессуалдык кодексинин 76, 79-статьяларында каралган жагдайлар себептүү өзүн өзү танбаса, аны тануунун маселеси таламдуу адамдардын арыздары боюнча тергөөгө чейин текшерүүнү ишке ашыруучу органдын башчысы же прокурор тарабынан чечилет. Тануну канааттандыруу же канааттандырбастык жөнүндө токтом чыгарылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кылмыш ишин биринчи инстанция сотунда кароодо катышкан судья ушул кылмыш ишин апелляция же кассация инстанциясында же көзөмөл тартибинде кароодо катыша албайт.

Кылмыш ишин апелляция инстанциясы сотунда кароодо катышкан судья ушул кылмыш ишин биринчи инстанция же кассация инстанциясы сотунда же көзөмөл тартибинде кароодо катыша албайт.

Кылмыш ишин кассация инстанциясы сотунда кароодо катышкан судья ушул кылмыш ишин биринчи инстанция же апелляция инстанциясы сотунда же көзөмөл тартибинде кароодо катыша албайт.

Кылмыш ишин көзөмөл тартибинде кароодо катышкан судья ушул кылмыш ишин биринчи инстанция, апелляция же кассация инстанциясы сотунда кароодо катыша албайт.

Сураштырып билүүчүнүн, тергөөчүнүн, ошондой эле сот жыйналышы катчысынын өзүнүн процессуалдык милдетин аткарышы, эгерде, ушул иш кошумча тергөө жүргүзүү же сотто жаңыдан кароо үчүн жиберилген болсо, алар тарабынан тиешелүү сураштырып билүүгө, баштапкы тергөө жүргүзүүгө, ошондой эле, сот жыйналышы баяндамасын түзүүгө тоскоол болбойт.



Оңтойсуздануу жана тартынчаактык кайгы менен жамандыктын айынан тынчтыктын бузулушу болуп саналат. Мындан адам өзүнүн өткөндө, азыркы учурда жана келечекте туткан орду кандай болушуна карабастан, өзүн өзү кейийт.

**Абу Али ибн Сина**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Суроо жана тапшырмалар

*1. Оперативдүү маалыматты үйрөнүү максатында Андижан облусунун Балыкчы районунда жашоочу, 1979-жылы туулган М. А.нын жашаган бөлмөсү текшерилгенде, курулушу бүтпөгөн үйүнөн кагаздын бөлүгүнө оролгон, салмагы 326,5 г болгон банги зат табылып, буюмдата далил иретинде алынды.*

*2. 2018-жылдын 16-февралында Кылмыш иштери боюнча Ташкент облусунун сотунда таанымал А. Т. жана анын кылмыштык шериктери иретинде шектелгендердин үстүнөн кезектеги сот жыйналышы болуп өттү.*

*Соттун жыйналышында кылмыштык иш боюнча соттолуучулар өздөрүнүн акыркы сөздөрүн айтышты. Алар Кылмыш кодексинин 177-статьясы 3-бөлүгүнүн «а» жана «б» пункту, 188-статьясы, 189-статьясы, 190-статьясы 2-бөлүгүнүн «а» жана «в» пункттарында каралган кылмыштарды жасагандыкта күнөөлөнүшкөн.*

1. Бул кылмыштар кылмыш процессинин кайсы баскычы эсептелет.
2. Алар кайсы баскычтардан өтүп болушкан?
3. Кылмыш процессинде кандай адамдар катышкан деп ойлойсуң? Пикириңди Өзбекстан Республикасы Кылмыш-процессуалдык кодексинин статьялары негизинде далилде.
4. Ушул кылмыш процессинде өзүнүн кызыкчылыктарын коргой турган адамдарды ажыратып көрсөт.
5. Кандай учурларда судья, ошондой эле, элдик кеңешчи, прокурор, тергөөчү, сураштырып билүүчү тергөөгө чейин текшерүүнү ишке ашыруучу органдын мансап адамы, сот жыйналышынын катчысы кылмыш ишин жүргүзүүдө катышууга акылуу эмес жана аны тануога тийиш?
6. Кылмыш ишин биринчи инстанция сотунда кароодо катышкан судья ушул маселе боюнча кайсы инстанция сотторунда катыша албайт?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 28-§ Кылмыш-процессуалдык мыйзамдуулукта аныкталууга тийиш болгон жагдайлар

**Сабакта төмөнкү темалар менен таанышасың:**

- Далилдер жана далилденүүгө тийиш болгон жагдайлар. Далилдер жана алардын түрлөрү.
- Далилдөөнүн жалпы шарттары.
- Суракка тартуу жана анын тартиби.
- Бойго жетпеген адамды суракка тартуунун тартиби, күнөөнү жарыялоонун шарттары.

## Далилдер жана далилденүүгө тийиш болгон жагдайлар

Социалдык кооптуу жазыктын жасалган же жасалбагандыгын, ошол жазыкты жасаган адамдын күнөөлүү-күнөөсүз экендигин жана ишти туура чечүү үчүн мааниге ээ башка жагдайларды сураштырып билүүчүнүн, тергөөчүнүн жана соттун мыйзамда белгиленген тартипте аныкташына негиз болгон ар кандай чыныгы маалымат кылмыш иши боюнча далил эсептелет.

Бул маалыматтар күбө, жабыркоочу, шектелген, күнөөлөнүүчү, соттолуучунун көрсөтмөлөрү, эксперттин тыянагы, буюмдата далилдер, үн жана видео жазуулар, кино жана фото сүрөттөлүштөн турган материалдар, тергөө жана сот аракеттеринин баяндамалары жана башка документтер менен такталат.

Мыйзамда белгиленген талаптарга баш ийген түрдө өткөрүлгөн оперативдүү-издөө чараларынын натыйжалары Кылмыш-процессуалдык кодексинин нормалары боюнча текшерилгенден жана баалангандан кийин кылмыш иши боюнча далилдер деп таанылышы мүмкүн.

**Далилдөө** ишти мыйзамдуу, негизделген жана адилеттүү чечүү үчүн мааниге ээ болгон жагдайлар жөнүндөгү чындыкты аныктоо максатында далилдерди чогултуу, текшерүү жана баалоодон турат.

Маалыматтар жана нерселер тергөө аракетинин же сот жыйналышынын баяндамасында катталгандан кийин гана, алардан далил иретинде пайдаланууга болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

...Процессуалдык мыйзамдуулукту олуттуу бузган түрдө же мыйзамга каршы усулдар менен, ошонун катарында:

кылмыш процессинин катышуучуларына же алардын жакын туугандарына карата кыйноого салуу, психологиялык жана денеге зыян жеткирүү жана башка ырайымсыз, киши чыдагыс же кадыр-баркты кемсинтүүчү мамиленин түрлөрүн колдоо менен,

шектелген, күнөөлөнүүчү же соттолуучунун коргоого болгон, ошондой эле, котормочунун кызматынан пайдалануу укугун бузган түрдө;

кылмыш процессинде катышып жаткан адамга укук жана милдеттерин түшүндүрбөстүктүн натыйжасында аны адаштыруу менен, бул кылмыш иши боюнча иш жүргүзүүнү ишке ашыруу укугуна ээ болбогон адам тарабынан процессуалдык аракеттерди жасоонун натыйжасында;

белгисиз булактан же кылмыш иши боюнча иш жүргүзүү жараянында аныктоо мүмкүн болбогон булактан, баштапкы тергөө жараянында жабыркоочу, күбө, шектелген, күнөөлөнүүчү, соттолуучунун соттогу далилдер менен өзүнүн тастыгын таппаган көрсөтмөлөрдөн;

далилдер менен тастыкталган учурлардан тышкары, жабыркоочу, күбө, шектелген күнөөлөнүүчү, соттолуучунун божомолу, ою же имиштерге негизделген көрсөтмөлөрдөн алынган жана тиешелүү түрдө юридикалык күчкө ээ болбогон маалыматтардан кылмыш иштери боюнча далил иретинде пайдаланууга жол коюлбасын.

**Өзбекстан Республикасы Президентинин 2017-жылдын 30-ноябрындагы «Сот-тергөө ишинде жарандардын укук жана эркиндиктеринин кепилдерин күчөтүү боюнча кошумча иш-чаралар жөнүндөгү» ПУ-5268-сандуу Указынан**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сурактын жалпы улантылуу мөөнөтү бир күндө сегиз сааттан ашпоого тийиш. Эс алуу жана тамактануу үчүн бериле турган бир сааттык тыныгуу буга кирбейт.

Далилдөөдө төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1) адамдардын өмүрү жана ден соолугу үчүн кооптуу болгон же алардын аброю жана кадыр-баркын кемсинтүүчү кыймыл-аракеттерди жасоо;

2) зордук, опусалоо, алдоо жана мыйзамга каршы башка жолдор менен көрсөтмө, түшүндүрүү, корутунду алууга, эксперименттик аракеттерди жасоого, документ же буюм даярдалышына жана берилишине жетишүүгө;

3) түнү, б. а. кечки саат 22-00 дөн эртең мененки саат 6-00 га чейин тергөө аракеттерин жүргүзүүгө. Даярдалып же жасалып жаткан кылмыштын алдын алуу, кылмыш изинин жоголушуна же шектелгендин качып кетишине жол койбостук, эксперимент жараянында текшерилип жаткан кубулуштун абалын кайрадан калыбына келтирүү зарылчылыгы болгон учурлар буга кирбейт. Тергөө же сот аракеттери жараянында алып коюлган нерсе жана документтер тиешелүү баяндамаларда анык көрсөтүлөт. Нерсе же документтин ээсине баяндаманын нускасы же көчүрмөсү берилип, тилкат алынат. Ишке тиешеси болбогон нерсе жана документтер мыйзамдуу ээсине заматта кайтарылат.

Жарандар сактоого тыюу салынган нерсе жана документтер жок кылынат же аларды сактоого ыйгарым укугу болгон жана аларды башкара ала турган мекеме же уюмдарга берилет.

## Суракка тартуу

Сураштырып билүүчү же тергөөчү күбөнү, жабыркоочуну, шектелгенди жана күнөөлөнүүчүнү сураштырып билүү, баштапкы тергөө жүргүзүлө турган жерде же суракталуучу каерде болсо, ошол жерде, сот болсо соттун талкуусу жүрө турган жерде суракка тартат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сураштырып билүүчү, тергөөчү жана сот суракка тартуунун алдынан суракталуучудан анын фамилиясын, атын жана атасынын атын, туулган датасын (жылы, айы, күнү) жана туулган жерин, жашаган жана иштеген жерин, мансабын, кесибин, маалыматын, үй-бүлөлүк абалын, соттолгон же соттолбогондугун аныктоого жана бул маалыматтарды кылмыш ишиндеги же суракка тартуучунун жеке документтериндеги маалыматтар менен салыштырып көрүүгө же суракталуучу өзүн ким деп тааныштырган болсо, анын ошол адам экендигине башка жолдор менен ишеним пайда кылууга тийиш.

Суракталуучу иш жүрүп жаткан тилди билеби, ал кайсы тилде көрсөтмө бере алышы мүмкүндүгүн да аныкташтырууга тийиш.

Суракталуучунун керт башы аныкталгандан кийин ага Кылмыш-процессуалдык кодексинде каралган укук жана милдеттери түшүндүрүлөт. Бул укук жана милдеттердин түшүндүрүлгөндүгү сурактын же сот жыйналышынын баяндамасында белгиленет.

Суракталуучунун көрсөтмөлөрү цифраларга же эсте сактоо кыйын болгон башка маалыматтарга тиешелүү болсо, ал сурак жараянында өзүндөгү же ишке тиркелген документтерден же башка жазуулардан пайдаланышы мүмкүн.

Суракталуучуга суракка тартуу жараянында өзүндөгү документтерди жана башка жазууларды окуп уктурууга уруксат берилиши мүмкүн.

Сураштырып билүүчү, тергөөчү жана сот суракталуучудан суракка тартуу жараянында ал пайдаланып жаткан документтерди жана башка жазууларды талап кылышы, аларды кийин кайтарып бериши же ишке тиркеп коюшу мүмкүн.

Он алты жашка чейин болгон **күбө же жабыркоочуну сурakk**а тартуу анын мыйзамдык өкүлү же чоң жаштагы жакын тууганы же педагогунун катышуусунда алардын ыраазылыгы менен жүргүзүлөт.



Бойго жетпеген шектелгенди, күнөөлөнүүчүнү суракка тартууга кеткен жалпы убакыт кун бою эс алуу жана тамактануу үчүн бир сааттык тыныгууну эсепке албаганда алты саатtan ашпоого тийиш.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Көрсөтүлгөн адамдар сурактоочунун уруксаты менен күбө же жабыркоочуга суроо бериши мүмкүн.

Бойго жетпеген **шектелген жана күнөөлөнүүчү коргоочунун** катышуусунда суракка тартылат.

Суракка тартуу учурунда сураштырып билүүчүнүн, тергөөчүнүн уруксаты менен бойго жетпегендин мыйзамдык өкүлү катышышы мүмкүн.

Коргоочу жана мыйзамдык өкүл шектелгенге жана күнөөлөнүүчүгө суроо берүүгө акылуу. Сурактын аягында коргоочу жана мыйзамдык өкүл баяндама менен таанышууга жана ал жөнүндө өзүнүн пикирин билдирүүгө акылуу.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Далилдер эмне үчүн керек? Далилдөөнүн жалпы шарттарын түшүндүрүп бер.
2. Бойго жетпегендердин иши боюнча далилденүүгө тийиш болгон жагдайларды түшүндүрүп бер?
3. Бойго жетпеген шектелгенди суракка тартуунун шарттары эмнеден турат?
4. Өзбекстан Республикасы Президентинин жогорудагы Указы кандай мамилелерди жөнгө салууга кызмат кылат?

*3. ысымдуу 14 жаштагы адам пиротехника буюмдарын мамлекеттик чек арадан мыйзамга каршы жолдор менен кошуна өлкөдөн алып кирүү жараянында колго түштү.*

*Бойго жетпеген 3. ысымдуу адам Казакстан менен Өзбекстандын ортосундагы Капланбек постунан баңги затты алып өтүүдө катышып жатканда бажыкананын кызматчылары тарабынан колго алынды.*

**Бул окуялардын катышуучуларынын күнөөсүн далилдөө үчүн кандай аракеттер жасалат?**

Убакытты «аттиң», «каначы», «болсочу» сыяктуу сөздөр менен өткөргөн адамдын өмүрү эң кыска өмүр экен.

**Кубро**

Адам ойлоп тапкан бузгунчу куралдардын ичинде сөз эң коркунучтуу жана күчтүү курал бойдон калып жатат.

**Пауло Коэло**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Мазмуну

Киришүү ........................................................................ 3
1-§ Өзбекстан Республикасынын Конституциясы мамлекеттин укуктук негизи ................................ 4

I бөлүм. ҮЙ-БҮЛӨ УКУГУ

2-§ Үй-бүлө коомдун негизги мууну.......................... 8
3-§ Никеге туруунун тартиби жана шарттары ........ 14
4-§ Эрди-катындын жеке укук жана милдеттери................................................ 19
5-§ Эрди-катындын мүлктүк укук жана милдеттери ...................................................... 23
6-§ Эр менен катын мүлкүнүн келишимдик тартиби.......................................................... 27

II бөлүм. КЫЛМЫШ УКУГУ

7-§ Кылмыш укугунун максаты, милдети жана принциптери................................................ 34
8-§ Кылмыштын белгилери..................................... 39
9-§ Кылмыштык жоопкерчилик жана жаза системасы ...................................................... 44
10–11-§ Жарандардын Конституция жана мыйзамдарда бекемдеп коюлган укук жана эркиндиктерине каршы кылмыштар.................. 51
12-§ Үй-бүлөгө, жаштарга жана ахлакка каршы кылмыштар ........................................... 62



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

13-§ Тынчтык жана коопсуздукка каршы кылмыштар ........................................ 68
14-§ Экономика жаатындагы кылмыштар ............... 74
15-§ Башкаруу тартибине каршы кылмыштар ........ 81
16-§ Жамаат коопсуздугуна каршы кылмыштар..... 86
17-§ Маалымат технологиялары жаатындагы кылмыштар....................................................... 89

### III бөлүм. Каржы укугу

18-§ Өзбекстанда каржы-насыя системасы ............. 95
19-§ Каржылык-укуктук мамилелер ........................ 99
20-§ Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик бюджети жана бюджет укугу ............................ 104
21-§ Мамлекеттин кирешелерин укуктук жөнгө салуу............................................................... 109
22-§ Мамлекет насыясынын укуктук негиздери ... 115

### IV бөлүм. ЭКОЛОГИЯ УКУГУ

23-§ Табиятты коргоонун укуктук негиздери........ 118
24-§ Экологиялык укук бузгандык үчүн жоопкерчилик................................................... 122

### V бөлүм. ПРОЦЕССУАЛДЫК УКУК

25-26-§ Кылмыш-процессуалдык мыйзам документтери ................................................... 127
27-§ Кылмыш процессинин катышуучулары ........ 132
28-§ Кылмыш-процессуалдык мыйзамдуулукта аныкталууга тийиш болгон жагдайлар ............ 136



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O'quv nashri*

**Nargiza Kamaritdinovna ISMATOVA,**
**Omina Abduraxmanovna KARIMOVA**

# «DAVLAT VA HUQUQ ASOSLARI»

O'rta umumta'lim maktablarining 11-sinf o'quvchilari uchun darslik

*(Qirg'iz tilida)*

*Birinchi nashr*

Toshkent – «Yangiyul Poligraph Service» – 2018

Nashriyot litsenziyasi AI №185, 10.05.2011 y.

Которгон – А. Зулпихаров
Редактору – А. Зулпихаров
Техникалык редактору – М. Риксиев
Корректору – Ш. Зулпихарова

Оригинал-макеттен басууга уруксат берилди 16.07.2018.
Форматы 70x90 $^{1}/_{16}$. «Times New Roman» гарнитурасы. Офсеттик кагаз.
Офсеттик басма усулда басылды.
Басма табагы 9,0. Ш. б. т. 10,53.
Нускасы 786.
Буюртма № 30-18.
Келишим № 30.

«Yangiyul Poligraph Service» ЖЧКдун басмаканасында басылды.
112001, Ташкент облусу, Янгийул шаары, Самарканд көчөсү, 44-үй

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алган кездеги абалы | Класс жетекчи-синин колу | Окуу китебинин тапшы-рылып жаткандагы абалы | Класс жетекчи-синин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын соңунда кайта-рып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тара-бынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат:**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыраган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канаат-танды-рарлык | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китеби негизги бөлүгүнөн бир аз ажыраган, пайда-лануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канаат-танды-рарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыра-ган же бүтүндөй жок, канааттандырарсыз даражада калы-бына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетиш-сиз, чийип, боёп ташталган. Окуу китеби пайдаланууга жараксыз. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE